Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза

IPHR International Partnership for Human Rights

Юристы за права человека

ЖАРАНДЫК КООМДУН
СОТ АДИЛЕТТИГИ СЕКТОРУНА
МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА
УЛУТТУК ТҮЙҮНҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

8-чөйрө. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму

Бишкек

2025

Бул аналитикалык отчет «Voice of Freedom» Коомдук фонду тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк уюму (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фонду менен биргеликте ишке ашырылып жаткан долбоордун алкагында Европа Биримдигинин колдоосу астында даярдалды.

Отчет: долбоордун алкагында белгилүү эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык 8-чөйрөнү: Кылмыш-жаза аткаруу тутумун камтыйт.[1] Бул «Акыйкат карегинин» мүчөлөрү жаңы Усулдаманы колдонуп мониторинг жүргүзүүсүнүн негизинде даярдаган аналитикалык отчеттор сериясынын бир бөлүгү болуп эсептелет жана долбоордун эксперттеринин колдоосу менен.

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Бул басылманын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

[1] Усулдама орус жана кыргыз тилдеринде кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://iphronline.org/articles/new-methodology-for-monitoring-the-criminal-justice-sector-developed/

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 2

КЫСКАРТУУЛАР 5

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СНУШТАМАЛАР 6

УСУЛДАМА 17

БААЛООНУН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ 21

1. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун функционалдашуусунун жалпы кепилдиктери жана шарттары 21

2. Эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиктери 26

3. Тартиптик жаза-чаралар чарасы 46

4. Текшерүүлөр жана мониторинг 51

5. Даттанууларды берүү жана кароо механизмдери 66

6. Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер 68

СФЕРАГА БАА БЕРҮҮ 93

КОРУТУНДУ 105

КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму (мындан ары - КАТ) кылмыш-жаза сот адилеттигинин маанилүү институттарынын бири катары калыптануунун татаал жолун башынан кечирип жатат. Реформалоо процессинин акыркы этабы 2021-жылга түш болду, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн оптимизациялоо боюнча жалпы мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн алкагында өлкөнүн Жазаларды аткаруу кызматы (мындан ары – ЖАК) Юстиция министрлигине өткөрүлүп берилди. Белгилей кетчү нерсе, ушул кадамдын жана бир катар тутумдуу өзгөртүүлөрдүн натыйжасында Кыргызстан ЖАК демилитаризациялоо боюнча ырааттуу кадамдарды жасап жатат.

~~ЖАК~~ бүгүнкү күндө КАТ (Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму) 26 пенитерциардык мекемелер иштешет: 10 түзөтүү колониялары, анын ичинде жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн тарбиялоо колониясы, 6 тергөө изолятору жана 10 жатак абактар. ЖАК ишмердүүлүгү республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

ЖАК статистикалык көрсөткүчтөрүнө[2] ылайык, 2024-жылдын март айына карата Кыргыз Республикасында абактардагы атайын контингенттин реалдуу жалпы саны 6693 адамды түздү, алардын ичинен: 4987 түзөтүү мекемелеринде жана жатак абактарында эркиндигинен ажыратуу мөөнөтүн өтүп жаткандар жана 1706 тергөө изоляторлорунда кармалгандар. Өлкөдө абактардагы адамдардын саны анча маанилүү эмес деңгээлде кыскарганы байкалып турат. Алсак, 2023-жылы КАТ мекемелеринде кармалгандардын саны 7728 түздү[3], ал эми 2022-жылы – 7574.[4]

Позитивдүү өзгөртүүлөргө карабастан, айрым жетишкендиктер жазаларды аткаруу түзүмүнүн бардык турпатын олуттуу түрдө өзгөртүүгө алып келген жок. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун (КЖАТ) укук коргоо түзүмү тиешелүү деңгээлде иш алып барбайт, коопсуздук архитектурасынын бузулуусунун коркунучтуу белгилери жана башкаруу тутумунун натыйжалуулугу жетишсиз болуп жатканы байкалууда. КЖАТ сапаттуу функционалдашуусун камсыз кылуу жана аны реформалоо үчүн кыйла чечкиндүү иш-чаралар талап кылынат.

Кыргызстандагы эркиндигинен ажыратуу жайларында адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жаатында дагы чакырыктар сакталууда. Өлкөнүн пенитенциардык тутумунда эркиндигинен ажыратылган аялдардын жана жашы жетелек өспүрүмдөрдүн, ошондой эле башка тобокелчиликтүү топтордун укуктары бузулган фактылар катталууда. Адам укуктары боюнча институттар[5] жана укук коргоо уюмдарынын[6] отчеттору кийинкилерди көрсөтүп турат:

---

[2] КР ЮМ алдындагы ЖАК расмий суро-талапка жооп №100/02-531, 11.03.2024

[3] https://rus.azattyk.org/a/32989174.html

[4] «Оңолууга мүмкүндүк». Кыргызстандын абактарында соттолгондор эки эсе аз болуп калды//https://kabar.kg/news/glava-miniusta-rasskazal-skol-ko-v-kyrgyzstane-osuzhdennykh-muzhchin-i-zhenshchin/

[5] КР Кыйноолордун алдын алуу улуттук борборунун 2023-жыл үчүн отчету. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2023-жыл үчүн баяндамасы. URL: https://ombudsman.kg/sites/default/files/documents/ezhegodnyi_doklad_russk.pdf

[6] БУУ КАК Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү баяндамасы боюнча мезгилдүү эскертүүлөрү. CAT/C/KGZ/CO/3: «22. Катышуучу мамлекет тарабынан абак жайларындагы айрым жерлерди оңдоп-түзөө боюнча жана өмүр боюу эркидигинен ажыратууга соттолгондор үчүн кошумча жайларды куруу боюнча чараларды жогору баалоо менен, Комитет мурункудай эле камакта кармоонун тиешелүү түрдө эмес жана капалантуучу шарттары, анын ичинде жайлардын жык толгону жөнүндө билдирүүлөргө тынчсызданууусун билдирет. Комитет ошондой эле

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы шарттар мурункудай эле позитивдүү динамикасыз түрдөгү эски деңгээлинде калууда; 2) бир катар тергөө изоляторлорундагы кармоо шарттары ырайымсыз жана адамкерчиликсиз мамиле катары таанылды; 3) медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүү болушу сыроолору жана аларды көрсөтүүнүн сапаты, кармоонун гуманитардык шарттарын жана заманбап техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу эч кечиктирилгис чечүүнү талап кылат.

Бул баалоонун алкагында алынган көрсөткүчтөр соттолгон адамдарга мамиле жасоонун стандарттарын сактоо деңгээлинин актуалдуу жана жалпы абалын көрүүгө жол ачат жана мамлекеттик деңгээлдеги реформаларды жүргүзүү үчүн зарыл конкреттүү кадамдарды жана сунуштамаларды сунуштайт.

Кыргыз Республикасынын КЖАТ баа берүүнүн **максаты,** эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адам укуктары менен эркиндиктеринин стандарттарын жана негизги кепилдиктерин сактоо сыроолору боюнча пенитенциардык мекемелерге тутумдуу жана ар тараптуу жарандык мониторинг жүргүзүү, кылмыш-жаза сот адилеттигинде укук үстөмдүгүн илгерилетүү болуп эсептелет.

Изилдөөнүн алкагында кийинки **милдеттер** белгиленди:

1. Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борборунун мандатынын астында, пенитенциардык тутумдагы стандарттардын жана кепилдиктердин сакталышындагы тутумдуу (системалуу) көйгөйлөрдү аныктоо максатында КЖАТ мекемелерине превентивдик барууларды жүргүзүү.

2. Улуттук мыйзамдарга, жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларга жана жоболорго укуктук талдоо жүргүзүү, расмий статистиканы кайра иштетүү жана мамлекеттик программаларды изилдеп чыгуу.

3. Адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттардын иш жүзүндө (практикада) сакталышына баа берүү үчүн, эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан адамдардын арасында иштелип чыккан усулдама боюнча анкетирлөө аркылуу социологиялык сурамжылоо жүргүзүү.

Мониторинг **кеңири куралдарды** өзүнө камтыды, бул болсо жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана укук колдонуу тажрыбасына ар тараптуу триангуляциондук талдоо жүргүзүүгө, ошондой эле актуалдуу жана ишенимдүү маалыматтарды алууга жол ачты. Мониторинг жүргүзүү жана индикаторлорго баа берүү укук коргоочулук ыкма менен, гендердик жана инклюзивдүү аспектилерге басым жасоо менен жана жашы жетелек өспүрүмдөрдүн жана аялдуу топтордогу башка адамдардын укуктарын коргоо сыроолоруна өзгөчө көңүл буруу менен жүргүзүлдү.

Отчет Усулдаманын стандарттарынын көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөрүнүн кеңири спектрине баа берүү боюнча **кийинки бөлүмдөргө** бөлүнгөн жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрдү камтыйт:

1. КЖАТ функционалдашуусунун жалпы кепилдиктери жана шарттары.
2. КЖАТ мекемелеринде эркиндигинен ажыраган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиктери.

эркиндигинен ажыратуу жайларындагы аялдарды кармоонун чыдагыс шарттарына жана соттолгон аялдарга, анын ичинде кош бойлуу аялдарга жана балдары бар аялдарга тиешелүү медициналык тейлөөнүн жоктугуна тынчсызданууусун билдирет. Комитет андан ары психиатриялык ооруканаларда, социалдык тейлөө үйлөрүндөгү жана балдар интернаттарындагы өкүм сүрүп жаткан өтө начар шарттар жөнүндө билдирүүлөргө тынчсызданат (11 жана16-бер.)».

3. КЖАТ мекемелериндеги тартиптик мүнөздөгү чаралар.
4. КЖАТ мекемелериндеги текшерүүлөр жана мониторинг жүргүзүү.
5. КЖАТ мекемелериндеги даттанууларды берүүнүн жана кароонун механизми.
6. КЖАТ мекемелериндеги аярлуу топтордун кошумча кепилдиктери.

Алынган жыйынтыктар жазаларды аткаруу мекемелеринде адам укуктарынын жалпы таанылган стандарттарын жана кепилдиктерин сактоо боюнча тереңдетилген изилдөөлөр жана адвокациондук иш-чаралар үчүн колдонулушу мүмкүн. Мындан сырткары, изилденген критерийлер мамлекеттик органдардын жана укук коргоо уюмдарынын биргелешкен аракеттери менен чогуу эркиндигинен ажыратуучу жайларда кармоонун бирдиктүү улуттук стандарттарын иштеп чыгуу болуп эсептелет.

«Voice of Freedom» КФ командасы Кыргыз Республикасындагы Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун жетекчилигине жана кызматкерлерине, **кызматташуу жана колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраачылычык билдирет,** ошондой эле Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы ЖАК жетекчилигине, мекемелердин администрацияларына жана кызматкерлерине изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө көмөктөшкөндүгү үчүн ыраачычылык билдирет.

КЫСКАРТУУЛАР

КР	Кыргыз Республикасы
КК	Көзөмөлдөөчү көрсөткүч
Усулдама	Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы
ЖСУЭП	Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты
МЮ	Юстиция министрлиги
ЧУА	Ченемдик-укуктук актылар
УПМ	Улуттук превентивдик механизм
КАУБ	Кыйноолордун жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбор
ЖКУ	Жарандык коом уюмдары
ЖӨБО	Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары
КТЖ	Камералык типтеги жайлар
ЖАК	Жазаларды аткаруу кызматы
ТИ	Тергөө изолятору
ЖМК	Жалпыга маалымдоо каражаттары
КЖАТ	Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму
КЖК	Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси
КПК	Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси
КЖАК	Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси
АЮЖБ	Аймактык юстиция башкармалыгынын алдындагы Калкка акысыз консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү боюнча борбор
МКЮЖ КБ	Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор
АИ	Айыптык изолятор

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

<table>
<tr><th colspan="2">НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР</th></tr>
<tr><td colspan="2">Баа берүүнүн жыйынтыктары, өлкөнүн пенитенциардык тутумундагы мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет деген корутунду чыгарууга жол берет. КР кылмыш жаза-аткаруу тутумун жөнгө салуучу мыйзамдар адам укуктарынын эл аралык стандарттарына негизделүү менен, кыйла терең жана так стандарттарды жана кепилдиктерди киргизүүгө муктаж. КР КЖАТ органдарында соттолгон адамдарды кармоонун жана аларга мамиле кылуунун бекитилген улуттук стандарттык эрежелерин кайрадан карап чыгуу жана укук колдонуу тажрыйбасына кыйла кылдат көзөмөл жүргүзүү зарыл.
Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму 8-Чөйрөгө жалпы жыйынтыктоочу баа берилди – жалпы мүмкүн болуучу 32 ичинен 14,5 балл берилди.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун жалпы кепилдиктери жана функционалдашуусунун шарттары</th></tr>
<tr><th>Макамы жана чакырыктар</th><th>Сунуштамалар</th></tr>
<tr><td>1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. КЖАТ тутумундагы учурдагы жарандык жана аскер түзүмдөрүнүн аралашкан абалы тутумдун толук түрдө көз карандысыз болуусун жана отчеттуулугун кыйындатууда, бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.

2.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Учурдагы соттолгон адамдарды реабилитациялоо жана реинтеграциялоо сыяктуу аталыштардын ченемдик максаттары эл аралык стандарттарга шайкеш келет, бирок алардын иш жүзүндө (практикада) ишке ашырылуусу үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп турууну жана оңдоп-түзөө киргизип турууну талап кылат.</td><td>1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. КР Юстиция министрлигине КЖАТ демилитаризацилоо процессин тездетүү, ошондой эле КЖАТ кызматкерлерин адам укуктарына жана эл аралык стандарттарга басым жасоо менен үзгүлтүксүз түрдө окутуп туруу жана квалификацияларын жогорулатып туруу сунушталат.

2.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. КР Министрлер кабинети оңдоп-түзөтүү жана кайра социалдаштыруу программаларынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо тутумун киргизүүсү, анын жыйынтыктарына үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп туруусу жана керектүү оңдоо-түзөтүүлөрдү киргизип туруусу зарыл.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиктери</th></tr>
<tr><th>Макамы жана чакырыктар</th><th>Сунуштамалар</th></tr>
<tr><td>3.1-КК. Мыйзамдардын соттолгон адамдарга урматтоо менен мамиле кылуу жана алардын укуктарын сактоо жөнүндөгү талаптарына карабастан, практика жарым-жартылай шайкеш эместикти көрсөтүүдө.</td><td>3.1-КК. КР ЮМ алдындагы ЖАК соттолгон адамдарга гумандуу мамиле кылуунун стандарттарын эл аралык милдеттенмелерге толук шайкештикте сактоону камсыз кылуусу керек.

3.2-КК. КР ЮМ алдындагы ЖАК жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар КЖАТ кызматкерлери үчүн, «2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча</td></tr>
</table>

КП 3.2. Ушундай эле корутундуну бардык эркиндигинен ажыратылган адамдарды басмырлоонун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу суроосунда чыгарууга болот, бир тарабынан мыйзам тиешелүү кепилдиктерди караштырат, бирок экинчи тарабынан иш жүзүндө (практикада) басмырлоо фактылары орун алган учурлар бар. **3.3-КК.** Мыйзамдар эркиндигинен негизсиз ажыратууга каршы кепилдиктерди караштырат, бул бирок иш жүзүндө дайыма эле сактала бербейт. Көп учурда келип түшкөн бардык адамдар, эркиндигинен ажыратуунун негиздери, мекемеге келип түшкөн жана чыгарылган күнү (датасы) жана убактысы, ошондой эле бардык которууларга тиешелүү маалыматтар, болгону кагаз жүзүндө мекеменин ар башка журналдарында белгиленет. **3.4-КК.** Мыйзамдар юридикалык жардамдын жеткиликтүү болуусу укугун бекиткен, бирок аны ишке ашыруунун кадамдык механизмин караштырбайт. Ички күн тартибинин эрежелерине ылайык, юридикалык консультация акы төлөнүүчү кызматтарга кирет, мындай жагдайда болсо так нускамасыз юридикалык консультация жеткиликсиз болушу мүмкүн. **4.1-КК.** Кыйноолордун алдын алуу чөйрөсү боюнча, текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн үзгүлтүксүздүгүнүн аныктамасы жана алардын жүргүзүүнүн тартиби жок болгон шартта, мыйзамдарда караштырылган көзөмөлдөө жана прокурордук көзөмөлдөө формалдуу болуусуна алып келиши мүмкүн. **4.2-КК.** Кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди колдонгон ар бир окуя боюнча натыйжалуу иликтөө жүргүзүү жана документтештирүү бөлүгүндө улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет. Бирок зомбулукка	аракеттер планынын» 81-пунктуна, Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине ылайык, азчылыктардын бардык топторунун өкүлдөрүн басмырлоонун бардык формаларынан адам укуктарын коргоонун куралдары жана укуктук механизмдерди колдонуу боюнча, басмырлабоонун принциптери боюнча окутуу семинарларын/тренингдерди өткөрүүсү маанилүү. **3.3-КК.** КР ЮМ алдындагы ЖАК КЖАТ мекемелерине келип түшкөн бардык адамдар жана алардын орун которуулары боюнча реестр жүргүзүүнү автоматташтырууну жана санариптештирүүнү киргизүү сунушталат. **3.4-КК.** 1. КР ЮМ алдындагы ЖАК жана Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам кызматына сунушталат: 1) натыйжалуу юридикалык жардам укугун ишке ашыруу үчүн так жана милдеттүү түрдөгү процедураларды түзүү, анын ичинде адвокаттар жана медиатрлар менен жолугушуу мүмкүнчүлүгүн кошуу аркылуу натыйжалуу юридикалык жардам укугу менен камсыз кылуу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүүсү максаттуу; 2) соттолгон адамдар үчүн алардын юридикалык жардам алуу укуктарын жана аны алуу процедураларын түшүндүргөн үзгүлтүксүз түрдөгү маалыматтык сессияларды уюштуруу сунушталат; 3) соттолгондордун адвокаттар менен конфиденциалдуулук жана коопсуздук шарттарында убактысы боюнча чектелбеген жолугушуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу зарыл; 4) соттолгон адамдардын юридикалык жардамдын сапатына канаттануусуна баа берүү үчүн үзгүлтүксүз түрдө сурамжылоо жүргүзүүнү киргизүүнү жана көрсөткүчтөрдү чогултуунун башка усулдарын караштыруусу керек, ошондой эле көрсөтүлүп жаткан юридикалык жардамдардын сапатына көз карандысыз көзөмөл жүргүзүү, анын ичинде коомдук уюмдардын жана көз карандысыз

кабылган адамдарды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнүн үлүшү болгону 5% түзөт, бул болсо өлкөдө кыйноолор менен күрөшүүнүн натыйжалуулугуна таасирин тийгизет. Тилеке каршы, Кыргызстанда кыйноолор фактыларын иликтөө натыйжасыз жүргүзүлүүдө. Башкы прокуратуранын статистикалык көрсөткүчтөрүнө ылайык, ар жыл сайын кыйноолор боюнча алынган арыздардын дээрлик 90% кылмыш иштерин козгоодон баш тартышат. Демек, жыл сайын кыйноолорго карата арыздардын санынын азаюусу кыйноолор колдонулбагандыктан эмес, бул жабырлануучулар күнөөлүү адамдардын жазадан кутулбастыгына ишенбөөсүнөн улам азайып жатат.[7]	экспеттердин катышуусунда көз карандысыз көзөмөл жүргүзүү тутумун (системасын) иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.
5.1-КК. Айрым гигиена каражаттарынын, сууну жана сапаттуу тамактануунун жеткиликтүү эместиги жана буларга канааттануунун толук эместиги фактысы байкалууда. Бир катар мекемелерде эркиндигинен ажыратылган адамдар үчүн спорт, дене бойлук көнүгүүлөр менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрү камсыз кылынбайт, анткени мыйзам чегинде болгону таза абада сейилдөө гана караштырылган.	**4.1-КК.** КР Минстрлер кабинети «2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча аракеттер планынын» 105-пунктуна ылайык, БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча Улуттук Аракеттер Планын ишке ашырууну тездетүү.[10] Соттолгон адамдарды кармоо шарттарына жана аларга мамиле кылуу боюнча үзгүлтүксүз текшерүүлөрдүн так тартибин, аны менен катар кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө билдирүүлөрдү текшерүүнүн так тартибин бекитүү керек. Аныкталган бузуулар үчүн жоопкерчиликти жана ачык-айкындуулукту күчөтүү максатында текшерүүлөрдүн жыйынтыктарынын коомчулук үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарыл.
6.1-КК. Талдоо жүргүзүү эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган адамдарга медициналык-санитардык жардамдарды алардын укуктук макамынан жана жарандыгынан көз карандылуу түрдөгү өлчөмдө берген айырмачылыктарды аныктады.	**4.2-КК.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына жана саламаттыкты сактоо министрлигине, Стамбул протоколунун принциптерине ылайык кыйноолордун жана ырайымсыз мамилелердин издерин документтештирүү боюнча ЖАК медициналык кызматкерлерине тутумдуу (системалуу) түрдөгү окутууларды жүргүзүү сунушталат.[11] 2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча аракеттер планынын» 105-пунктуна ылайык, кыйноолор жөнүндө ырастоолорду натыйжалуу иликтөө жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардын жумушун күчөтүү маанилүү.
6.2-КК. Медициналык текшерүүлөр жана даттанууларга медициналык кызматкерлер	**5.1-КК.** КР Министрлер Кабинети соттолгон адамдарды таза төшөк буюм-тайымдары

[7] КР КАУБ ар жылдык баяндамасы 2023-жыл үчүн URL:: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

[10] 2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча аракеттер планы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген. 28-ноябрь, 2022-жыл. № 655-б. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/219365/edition/1272237/ru?anchor=pr

[11] Стамбул протоколу: Кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-барктыбасмырлаган мамилелерди жана жазаларды натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча окуу куралы (басылма,2022-ж.) URL

тарабынан кароолордун жүргүзүлүшү системалуу эмес жана үзгүлтүксүз эмес мүнөзгө ээ. Изилдөөнүн көрсөткүчтөрүнө ылайык КЖАТ эркиндигинен ажыратылган адамдарга психологиялык жардам көрсөтүү дээрлик жок болуп эсептелет. **7.1-КК.** Ички иштер жана жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү[8] ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда кызмат өтөп жатышкан укук коргоо органдарынын жана аскер кызматкерлеринин атайын каражаттарды колдонуу эрежелери, атайын каражаттарды колдонуу боюнча Мыйзамда[9] караштырылганга караганда көбүрөөк негиздерди камтыйт.	жана шейшептер, гигиеналык каражаттар, таза суу жана сапаттуу тамак-аш менен жеткиликтүү санда камсыз кылуунун үстүнөн көзөмөлдөөнү күчөтүүсү маанилүү. Бардык соттолгон адамдар үчүн үзгүлтүксүз түрдө спорт жана дене тарбия көнүгүүлөрү менен машыгуу, ошондой эле таза абада жеткиликтүү түрдө узак сейилдөө мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылган, эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган адамдарды кармоо шарттарынын бирдиктүү улуттук стандарттарын иштеп чыгуусу жана бекитүүсү зарыл. **6.1-КК.** КР МИнистрлер Кабинетине 2023-жылдын 21-сентябрында КР Министрлер Кабинетинин №493 токтому менен бекитилген «Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасынын» алкагында көрсөтүлүп жаткан медициналык-санитардык жардамдардын көлөмүн унификациялоо аркылуу, медициналык жардамды жарандуулугунун негизинде берүү жаатындагы басмырлоону жоюу механизмдерин иштеп чыгуу сунушталат. [12] **6.2-КК.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы сотолгон адамдардын арасындагы ооруларды өз убагында аныктоо жана дарылоо максатында медициналык текшерүүлөрдүн жана мыйзамда бекитилген дарыгердин кыдырып кароосунун тез-тезден жүргүзүлүүсүнүн сапатынын үстүнөн көзөмөлдү күчөтүүсү зарыл.

[8] Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жазаларды аткаруу жана ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары тарабынан атайын каражаттарды колдонуу эрежелери ((Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы № 523 токтомунун редакциясына ылайык) (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-апрелиндеги № 223 токтомуна ылайык) URL: https://cbd.minjust.gov.kg/157657/edition/1285686/ru

[9] «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө», 25-июль, 2019-жыл № 102 (КР Мыйзамдарынын редакцияларында, 18-январь, 2022-жыл, №4, 2023-жылдын 16-февралы № 31 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111956/edition/1233492/ru

[12] Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы, КР Министрлер Кабинетинин Токтому менен бекитилген, 21-сентябрь, 2023-жыл, №493 URL https://cbd.minjust.gov.kg/160440/edition/1288314/ru

	Соттолгон адамдардын психологиялык абалдарын жакшыртуу, камоо шарттарына адаптацияланууcун, пайда болгон көйгөйлөрүн чечүү жана суициддин алдын алуу максатында соттолгон адамдарга тутумдуу түрдө (системалуу) психологиялык колдоо көрсөтүү боюнча иштерди күчөтүү сунушталат. **7.1--КК.** КР Министрлер Кабинети «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Мыйзамындагы[13] жана «Атайын каражаттарды колдонуу эрежелериндеги» [14] атайын каражаттарды колдонуу үчүн мүмкүн болуучу негиздердин айырмачылыктарын эске алуу менен, аталган эрежелерди Мыйзамга шайкеш келтирүү жана мүмкүн болуучу кыянаттык менен пайдалануунун орун алуусунан алыс болуу үчүн атайын каражаттарды колдонуунун кошумча негиздерин жоюу сунушталат. КЖАТ мекемелеринин кызматкерлеринин куралдарды жана атайын каражаттарды колдонуусуна мониторинг жана көзөмөл жүргүзүүнү күчөтүү маанилүү.
Тартиптик чара-жазасы чаралары	
Макамы жана чакырыктар **8.1-КК.** Айыптык изоляторлордо (АИ), камералык типтеги имарат жайларда (КТИ) жана жеке камераларда кармалган респонденттердин 73% кармоо шарттарын оор катары баалашты, нымдуу, суук, эски жана кир төшөк буюм-тайымдар, оңдоп-түзөө жок деп белгилешти. Мындан сырткары, айыптык изоляторго чыгарылган соттолгон адамдарга жолугушуулар (анын ичинде аввокат менен дагы), телефондук сүйлөшүүлөр жана берип жиберүүлөрдү алууга тыюу салынат.	**Сунуштамалар** **8.1-КК.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына АИ, КТИ жана жеке камералар сыяктуу атайын режимдерде соттолгон адамдарды кармоонун шарттарын жакшыртуусу зарыл. Адамдарды айыптоо изоляторлорунда, КТИ, жеке камераларда кармоонун шарттарын жана улуттук стандарттарын кайра карап чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоо сунушталат.

[13]«Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө», 25-июль, 2019-жыл № 102 (URL https://cbd.minjust.gov.kg/111956/edition/1233492/ru

[14] Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жазаларды аткаруу жана ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары тарабынан атайын каражаттарды колдонуу эрежелери ((Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы № 523 токтомунун редакциясына ылайык) (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-апрелиндеги № 223 токтомуна ылайык) https://cbd.minjust.gov.kg/157657/edition/1285686/ru

8.2-КК. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик жаза чарасы чараларын колдонуу, аларга юридикалык жардам көрсөтүү укугусуз жүргүзүлүүдө. **8.3-КК.** Бөлүп салуу башка санкциялар натыйжасыз болгон учурда гана колдонулуучу өзгөчө учур катары каралбайт. **8.4-КК.** Юридикалык жардамга карата жалпы укук бар болгонуна карабастан, мыйзам чегинде тартиптик жаза-чарасы чарасынын үстүнөн даттануунун конкреттүү механизми жана албетте бул процесстеги юридикалык жардам дагы каралган эмес.	**8.2-КК.** КР Юстиция министрлиги соттолгон адамдарга карата тартиптик жаза-чарасы берилген учурда алардын юридикалык жардамга ээ болуу укуктарын караштыруусу керек. **8.3-КК.** КР Юстиция министрлигине бөлүп салууну тартиптик жаза-чарасынын бир түрү катары башка санкциялар натыйжасыз болгон учурда колдонулуучу өзгөчө учур катары караштырган ченемди кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарына киргизүү сунушталат. **8.4-КК.** КР Юстиция министрлиги тартиптик жаза-чарасын берүү жөнүндө чечимди даттануу жана аларга карата тартиптик жаза-чарасы берилген соттолгон адамдарга юридикалык жардам сунуштоо механизмин иштеп чыгуусу жана ишке киргизүүсү максаттуу.
Текшерүүлөр жана мониторинг жүргүзүү	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
9.1-КК. Коомчулук үчүн адистештирилген прокуратуранын ишмердүүлүгүнүн укуктук жөнгө салынуусу жеткиликсиз. **9.2-КК.** Акыйкатчыны анын баяндамасы жактырылган жок деген негиз менен мөөнөтүнөн мурда бошотуу анын көз карандысыздыгына таасирин тийгизет. **9.3-КК.** Кыргызстанда Кыйноолордун жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбор тарабынан ишке ашырылган Улуттук превентивдик механизм (УПМ) караштырылган. Кыргызстандын УПМ эң прогрессивдүүлөрдүн бири деп таанылган, бирок мандатты толук кандуу ишке ашыруу жана анын ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу үчүн механизм кошумча ресурстарга мухтаждыкты башынан кечирип жатат. Ал анын ишине кийлигишкен жана тоскоолдуктарды кылган учурларды башынан кечирип жатат жана мындай учурлар аз эмес, бул Улуттук	**9.1-КК.** КР Юстиция министрлиги КР Башкы прокуратурасы менен биргеликте адистештирилген прокуратуранын ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик актыларды жарыялоо суроосун карап чыгуусу керек. **9.2-КК.** КР Акыйкатчысы жана КР Жогорку Кеңеши профилдик мыйзамга Акыйкатчыны анын баяндамасы жактырылган жок деген негиз менен мөөнөтүнөн мурда бошотуу деген негизди алып салуу бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек. **9.3-КК.** КР Башкы Прокуратурасы жана Жогорку Кеңеши КР КАУБ жана Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизген же тоскоолдук кылган кысым көрсөтүүнүн бардык формаларына бөгөт коюу үчүн шарттарды түзүү боюнча иштерди күчөтүүсү зарыл. Кылмыш-жаза жана административдик мыйзамдарга КАУБ

борбор жөнүндө Мыйзамды бузуу болуп эсептелет. Мунун болжолдуу себептеринин бири, 2019-жылдын 1-январынан баштап кылмыш-жаза жана административдик мыйзамдардан КАУБ ишмердүүлүгүнө кийлигишкендиги үчүн административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилик боюнча ченемдин [15]күчүн жоготушу болушу мүмкүн **9.4-КК.** Түзөтүү мекмелерине кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартуу үчүн негиздерди кеңейтилген түрдө интерпретациялоо аркылуу коомдук уюмдардын мониторингдик кирүүлөрүн чектөө тобокелчилиги бар. **9.5-КК.** Акийкатчынын ыйгарым укуктары Улуттук борбор менен салыштырганда азыраак кеңири жана азыраак көз карандысыз, бул анын эрикндигин ажыратуучу жайлардагы мониторингдик ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун төмөндөтүшү мүмкүн.	ишмердүүлүгүнө[16] кийлигишүү жана тоскоолдук көрсөткөндүгү үчүн жоопкерчиликти жана жазалоону караштырган беренелерди кайрадан киргизүү керек. КАУБ акыркы 12 жылдагы ишмердүүлүгүнө эл аралык көз карандысыз эксперттер тарабынан талдоо жүргүзүү сунушталат (башка мамлекеттердин ишмердүүлүгү 10 жылдан ашкан УПМ үлгүлөрү боюнча). Толук кандуу функционалдык талдоо жүргүзүү, бюджеттик жана ишмердүүлүктүн жыйынтыктарына талдоо жүргүзүү КАУБ ишмердүүлүгүн жеткиликтүү иштеп чыгуу жана анын позициясын күчөтүү боюнча сунуштамаларды берүүгө жол ачат. 2022-2023-жылдар үчүн КАУБ сунуштамаларына талдоо жүргүзүүнү актуалдаштыруу керек. **9.4-КК.** КР Юстиция министрлиги Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу түзүмүнө, түзөтүү мекмелерине кирүү тартиби жөнүндө Жобого түзөтүү мекемелерине кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартуу үчүн негиздерди кеңейтилген чечмелөөнү жана колдонууну жокко чыгарган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө суроону карап чыгуу сунушталат. **9.5-КК.** Акыйкатчы институту жана Жогорку Кеңеш соттолгон адамдар жөнүндө маалыматтардын жана документациялоонун толук жеткиликтүү болуусу үчүн, күтүүсүз текшерүүлөрдү жасоо үчүн, күбөлөрдүн катышуусуз конфиденциалдуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү укугун камсыз кылуу үчүн, ошондой эле Акыйкатчы институтунун сунуштамаларын КЖАТ мекемелери милдеттүү түрдө аткаруусун камсыз кылуу үчүн “КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө”

[15]Кыргызстандын БУУнун Кыйноолорго каршы үчүнчү мезгилдүү баяндамасынын корутундулоочу эскертүүлөрү. 12-пункттун С-бөлүмү «Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун ишмердүүлүгүн кеңейтүү боюнча жалпы аракеттерге карабастан, Комитет анын натыйжалуу функционалдашуусуна бөгөт койгон тоскоолдуктар бар деп эсептейт. Ал Адам укуктары боюнча координациялык кеңешке бардык тоскоолдуктар үчүн жана Улуттук борбордун өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыруусуна тоскоолдуктар үчүн жазаны караштырган Кылмыш-жаза кодексиндеги атайын жобо (146-2-берене) жоюлуп кеткенин тынчсыздануу менен белгилейт» URL: https://documents.un.org/doc/undoc/gen/g21/382/59/pdf/g2138259.pdf

[16] КР КАУБ ар жыл сайын берилүүчү баяндамасы 2023-жыл үчүн баяндамасында чагылдырылган сунуштамалары. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

	өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштырып чыгуусу зарыл.
Даттануулардыберүү жана кароо механизмдери	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
10.1-КК. Даттануулардыберүү жана кароо механизми контекстинде аныкталган көйгөйлөр, мыйзамдардын бузулушун соттолгондордун көз карандысыз көзөмөлдөө органдарына даректелген каттарынын цензурасы, соттолгондордун даттануулардыжана арыздардыберүү процедуралары жөнүндө маалыматтуулугунун төмөндүгү, ошондой эле соттолгондордун алардын кайрылууларын кароонун натыйжалуулугуна ыраазы эместиги камтыйт.	**10.1-КК.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына соттолгон адамдар үчүн кайрылуунун жеткиликтүү механизмдери жөнүндө маалыматтуулуктарын жакшыртуу, конфиденциалдуулукту жана даттануулардыберүүдө репрессиялардан коргоону камсыз кылуу, ошондой эле берилген арыздардыкароонун жана ага реакция жасоонун натыйжалуулугун жогорулатуу сунушталат. Даттануулардыөткөрүүдө анонимдүүлүк жана конфиденциалдуулук процедураларын камсыз кылуу, соттолгон адамдардын КАУБ үчүн каттарынын жашигин ачуу мүмкүнчүлүгүн жоюуну камсыз кылуу зарыл.
Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
11.1-КК. Мыйзамдарга жана укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү, өзгөчө муктаждыктары бар эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын коргоо жана кеңейтүү үчүн атайын чаралар мындай топтогу адамдардын баарына карата колдонулбай жаткандыгын көрсөттү. **11.2-КК.** Күнөөсү сот тарабынан расмий түрдө тааныльганга чейин шектүүлөрдүн жана күнөөлүүлөрдүн күнөөсүздүк презумпциясы принцибинин жеткиликтүү түрдө сакталбагандыгы аныкталды, бул болсо аларды кармоо шарттарына таасирин тийгизет. **11.3-КК.** КЖАТ кармалган аялдарга карата кийинки суроолор боюнча бир катар олуттуу көйгөйлөр бар: 1) кош бойлуу аялдар үчүн медициналык кароолордун, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү, 2)толук чечинтүү менен коштолгон тинтүүлөрдүн тез-тезден жүргүзүлүшү, 3) соттолгон эркектер менен чогуу бир автомашинада транспортировкалоо, 4) аялдар бөлүмдөрүндө аял персоналдардын	**11.1-КК.** КР Юстиция министрлиги өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн алардын камакка алынган жана жазасын өтөгөн мезгил аралыгында тиешелүү шарттар менен камсыз кылуу жана атайын коргоо чараларын киргизүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуу зарыл (КЖАК, Ички күн тартиби эрежелери). **11.2-КК.** КР Башкы Прокуратурасына жана Жазаларды аткаруу кызматына КЖАТ мекемелеринде, шектүүлөр жана күнөөлүүлөр үчүн тергөөдө жүргөндөрдү өзүнчө кармоо жана алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, ошондой эле алардын укуктары бузулуп жаткандыгы боюнча кайрылуулар жана даттануулар процессин жакшыртуу аркылуу күнөөсүздүк принцибин сактоо боюнча чараларды күчөтүү сунушталат. **11.3-КК.** Юстиция министрлиги жана КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы КЖАТ мекемелериндеги аялдарды кармоонун шарттарын жакшыртуусу маанилүү, анын ичинде кош бойлуу аялдар

коштоосусуз эркек жынысындагы кызматкерлердин жүрүшү, 5) гигиеналык каражаттардын жетишсиз түрдө бөлүнүшү, 6) КЖАТ мекемелеринин кызматкерлери тарабынан туура эмес жүрүм-турумдар. **11.4-КК.** Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн анча маанилүү эмес бөлүгү үй-бүлөсү менен жолугушуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүүлүгүнө, мекеменин чегинен сырткаркы билим берүү ресурстарына жана маалыматтарга карата жеткиликтүүлүктүн жоктугу, ошондой эле сабактар үчүн нары-бери жүрүү эркиндигинин чектелүүлүгүнө кабылышат. Жашоо-тиричиликтик шарттардын канааттандырбаган фонунда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын негизги базалык муктаждыктары, тамактануу жана медициналык жардам көрсөтүү бөлүгүндө ортодон төмөн деңгээлде камсыз кылынууда. Ошол эле учурда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдар 100% билим алып жатышат, спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайрадан социалдаштыруу менен камсыз кылуу чөйрөсүндө пенитенциардык пробация активдүү өнүктүрүүнү талап кылат, анын ичинде кайрадан социалдаштыруучу атайын программаларды иштеп чыгууну дагы талап кылат. **11.5-КК.** Чет жердик жарандарды жатак абагына которуу суроолорунда басмырлоолор бар. **11.6-КК.** КЖАТ мекемелеринде психикалык жактан жабыркаган жана катуу ооруп жаткан жарандар үчүн медициналык жардамдар жана багуу менен камсыз кылуунун жеткиликтүү эместиги байкалууда, бул алардын ден соолугу жана бакубаттыгы үчүн терс кесепеттерди алып келет.	үчүн үзгүлтүксүз түрдө медициналык кароолорду өткөрүп туруу, тар профилдеги дарыгерлердин кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгү (гинеколог, онколог ж.б.), тинтүү жүргүзгөн жана транспорт каражаттары менен ташыган учурларда коопсуздукту жана жекеликти камсыз кылуу, гигиеналык каражаттарды адекваттуу санда өз убагында бөлүп туруу жана ысык суунун жеткиликтүүлүгү кепилдиги, психологиялык колдоо көрсөтүү, сексуалдык ыдык көрсөтүүгө бөгөт коюу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, даттануу берүүнүн жана аларды кароонун натыйжалуу механизмдери менен камсыз кылуу сыяктуу бардык шарттарды түзүү сунушталат. **11.4-КК.** Юстиция министрлигине жана КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына жашы жетелек өспүрүмдөрдү кармоо шарттарын жакшыртуу сунушталат, анын ичинде үй-бүлөсү менен тез-тез жолугушуу мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү, жашы жетелек өспүрүмдөргө терс таасирлерди минимизациялоо максатында КЖАТ мекемелериндеги атмосфераны жакшыртууга өзгөчө басым жасоо менен билим алуунун жана жаңылыктардын жеткиликтүү болуусун камсыздоо сунушталат. КР МЖАКна КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматынын №14 мекемесинде балдардын керектөөлөрүнө жооп бере турган жана жетиштүү тамак аштын деңгээли менен камсыз кылуу боюнча, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү сунушталат. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан ар бир бала боюнча бейне-менеджментин киргизүү аткарылуучу чара катары сунушталууда, ал кайрадан тарбиялоого жана келечекте натыйжалуу түрдө кайра социалдаштырууга багытталган. Бейне-менеджменти, бекитилген усулду

11.7-КК. КЖАТ эркиндигинен ажыратылган майыптыгы бар адамдар үчүн медициналык жардамдар жана багуу менен камсыз кылууунун жеткиликтүү эместиги байкалууда, бул болсо алардын ден соолугу жана жагымдуулугу үчүн терс зыяндарга алып келет. **11.6-КК.** КЖАТ эркиндигинен ажыратылган улгайган адамдар үчүн медициналык жардамдар жана багуу менен камсыз кылууунун жеткиликтүү эместиги байкалууда, бул болсо алардын ден соолугу жана жагымдуулугу үчүн терс зыяндарга алып келет. **КП 11.9.** Кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамында ЛГБТИ категориясынын жоктугун жана иш жүзүндө (практикада) укук колдонуу тажрыйбасынын жоктугун эске алуу менен, улуттук мыйзамдардын жана укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестиги жөнүндө корутундуга келүүгө болот. **12.1-КК.** Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлеринин жеке жана кесиптик сапаттарына карата коюлган талаптарды бекиткен документ жалпыга жеткиликтүү эмес.	сактоо менен жүргүзүлгөн тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга комплекстүү баа берүүнүн жыйынтыктарына негизделген бала менен иштөөнүн деталдуу жекече планын өзүнө камтышы керек. Жекече иштөө планын ишке ашыруу жүрүп жаткан кезде ага үзгүлтүксүз түрдө баа берилип турушу керек, зарылчылыкка жараша кайра каралып чыгуусу зарыл. Пландын түзүлүшүнө эң минималдуу дегенде кайра калыбына келтирүү боюнча жана/же үй-бүлөсү менен байланышты сактоо боюнча иштер жөнүндө бөлүмдөр киргизилиши керек. Орундуу учурларда элдештирүүчү процедураларды колдонуу, билим алуу жана эмгектенүү көндүмдөрүнө ээ болуу боюнча план, баланын ден соолугунун абалы жана дарылануу зарылдыгы жөнүндө бөлүм, социалдык-когнитивдик көндүмдөрдү (зомбулуксуз байланышуу көндүмдөрүн кошкондо) алуу/күчтөндүрүү боюнча план ж.б. камтылат. Бала абактан бошотулган учурда бейне жабылбашы керек, мунун ордуна баланы кайрадан социалдаштырууга багытталган пенитенциардык пробациядан кийинки механизмдер ишке ашырылып баштайт. **11.5-КК.** КР Юстиция министрлигине КЖАТ мекемелерде кармалган чет жердик жарандарга бирдей укуктарды, анын ичинде жатак абактарга которуу мүмкүнчүлүгүн караштырууну камсыз кылуу үчүн Кыргызстандын мыйзамдарына толуктоолорду киргизүү сунушталат. **11.6-КК.** Саламаттыкты сактоо минстрлиги жана КР ЮМ алдындагы жазаларды аткаруу кызматы аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүүсү зарыл, буларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу сунушталат.

	Юстиция министрлиги жана Башкы прокуратура катуу ооруп жаткан адамдарды камакка алуудан бошотууга/андан ары жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөөсүнө байланыштуу өкмөттүн эки токтомунун эч кыйшаюусуз түрдө сакталышына көзөмөлдөөнү күчөтүүсү керек. **11.7-КК.** Саламаттыкты сактоо министрлигине жана КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына сунушталат: аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүү, аларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу. **11.8-КК.** Саламаттыкты сактоо министрлигине жана КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына: аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүү, аларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу. **11.9-КК.** Улуттук укук коргоо институттары КЖАТ мекемелеринде кармалган ЛГБТ-категориясындагы адамдардын укуктарынын сакталуусуна толук кандуу мониторинг жана талдоо жүргүзүүсү максаттуу. **12.1-КК.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун кызматкеринин Кесиптик этикасы кодексин эч кыйшаюусуз сактоону камсыз кылуусу, ошондой эле кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсү үчүн бул документтин ачык

	жеткиликтүү болуусун камсыз кылуусу маанилүү.

УСУЛДАМА

Изилдөөнүн усулдамасы кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы мекемелерде адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышынын эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүн изилдөөгө жана талдоо жүргүзүүгө арналды, максаты аларды жакшыртуу үчүн көйгөйлүү аспектилерди аныктоо жана сунуштамаларды берүү болуп эсептелет.

Ыкма мыйзам ченемдерине талдоо жүргүзүүгө гана негизделбестен, ошондой эле жабык мекемелердеги адамдарга, КЖАТ мекемелеринин кызматкерлерине жана жетекчилерине сурамжылоо жүргүзүү, кармоо шарттарына жана кепилдиктердин сакталышына байкоо жүргүзүү аркылуу укук колдонуу тажрыйбасын өздөштүрүүнү камтыды.

Эксперттик топ тарабынан тиешелүү жөнгө салган ченемдик-укуктук базага изилдөө жүргүзүлдү: Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин, КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамынын, КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын, КР «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Мыйзамынын, КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамынын ченемдери, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелеринин ченемдери өздөштүрүлдү. **Баа берүүнүн айрым критерийлери** ченемдик-укуктук актыларга жана эрежелерге жеткиликтүүлүгү чектелүү болгондуктан толук кандуу өздөштүрүлгөн жок. Мисалы, эксперттик топко Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун кызматкерлеринин Этикалык эрежелерин/Этикалык кодексин изилдеп чыгууга мүмкүн болгон жок, анткени документ жеткиликтүү булактарда коомдун назары үчүн жеткиликсиз болду.

Изилдөөнүн сандык жана сапаттык усулдарынын комбинациясы тергөө изоляторлорундагы жана түзөтүү абактарындагы кармоо шарттары жөнүндө ар тараптуу маалыматтарды алууга, учурдагы абалына талдоо жүргүзүүгө жана тиешелүү сунуштамаларды иштеп чыгууга шарт түздү. Изилдөөнүн ар тараптуу аспектилерин камтуу максатында 13 ар түрдүү типтеги сурамжылоо анкеталары иштелип чыкты (төмөндөгү таблицаны карагыла).

Изилдөөнүн куралдарынын тизмеси
1. ТИ/ТМ медициналык бөлүгүнүн персоналы үчүн анкета
2. ТИ/ТМ медициналык бөлмөсүнүн байкоо жүргүзүү картасы
3. УКЖ/ТИ/ТМ сейилдөө короосунун байкоо жүргүзүү картасы
4. ТИ/ТМ башчысы үчүн сурамжылоо баракчасы
5. КЖАТ мекемелеринде кармалган адамдар үчүн жалпы анкета
6. №1 тиркеме. Камактагы же сотту күтүп жаткан адамдар үчүн анкета
7. №2 тиркеме. Аялдар үчүн анкета
8. №3 тиркеме. Жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн анкета

9.	№4 тиркеме. Чет жердик жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн анкета
10.	№5 тиркеме. Психикалык оорулар менен жабыркаган жана катуу ооруп жаткан адамдар үчүн анкета
11.	№6 тиркеме. Майыптыгы бар адамдар үчүн анкета
12.	№7 тиркеме. Улгайган адамдар үчүн анкета.
13.	№13 тиркеме. ЛГБТ жамаатынын өкүлдөрү үчүн анкета

Төмөнкүдөй өлчөө усулдары колдонулду:

КЖАТ кармалган адамдарды сурамжылоо/анкетирлөө:

- Камалган адамдардын же соттолгон адамдардын арасында кармоо шарттары, медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү, коомдук коопсуздук жана башка аспектилери жөнүндө алардын пикирлерине баа берүү үчүн сурамжылоолорду жүргүзүү.
- Аярлуу тобокелчилик топтору: өзгөчө көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын билүү үчүн соттолгондордун жети аярлуу категорияларынын пикирлерин жана муктаждыктарын изилдөө – иши боюнча тергөөдө жүргөндөр, аялдар, жашы жетелек өспүрүмдөр, чет жердик жарандар, психикалык жактан жабыркаган адамдар жана катуу ооруп жаткан адамдар, майыптыгы бар адамдар, улгайган адамдар.

Жекече маектешүүлөр:

- ТИ/ТМ башчылары: ишти уюштуруунун өзгөчө аспектилерин, көйгөйлөрдү жана өнүгүү артыкчылыктарын аныктоо үчүн мекемелердин жетектөөчү песоналдары менен аңгемелешүүлөр.
- Мекемелердин медициналык бөлүктөрүнүн өкүлдөрү: мекемелердеги медициналык тейлөөнүн абалына баа берүү үчүн, камалгандарды медициналык жардам көрсөтүү менен камсыз кылуудагы көйгөйлөрдү жана жакшыртууга зарыл тараптарын аныктоо аныктоо үчүн маектешүүлөр.

Объекттерге мониторинг жүргүзүү:

- Медициналык бөлмө: медициналык мекемелердин жеткиликтүүлүгүнө, зарыл жабдуулар жана квалификациялуу персоналдар бар экендигине талдоо жүргүзүү.
- Сейилдөө короосу: коопсуздугуна, гигиеналык талаптарына, ошондой эле таза аба жана дене бойлук активдүүлүк үчүн жеткиликтүүлүккө баа берүү.

Изилдөө Бишкек, Нарын, Каракол, Ош жана Джалал-Абад шаарларындагы, ошондой эле Чүй облусунда жайгашкан кылмыш-жаза-түзөтүү тутумунун 12 мекемесин камтыды (төмөнкү таблицаны карагыла).

№	Мекеменин аталышы жана жайгашкан орду	Сурамжылоого катышкандардын саны	%
1.	№2 Мекеме (ТА -2), Чүй облусу	18	8,1

2.	№27 Мекеме (ТА-27), Чүй облусу	21	9,4
3.	№3 Мекеме (ТА-3), Чүй облусу	10	4,5
4.	№21 Мекеме (ТИ-1), Бишкек ш.,	72	32,3
5.	№25 Мекеме (ТИ-5), Ош ш., Ош облусу	20	9,0
6.	№53 Мекеме (ТИ-53), Жалал-Абад ш., Жалал-Абад облусу	20	9,0
7.	№23 Мекеме (ТИ-3), Каракол ш., Ысык-Көл облусу	20	9,0
8.	№24 Мекеме (ТИ-4), Нарын ш., Нарын облусу	9	4,0
9.	№50 Мекеме (ТИ-50), Чүй облусу	10	4,5
10.	№14 Мекеме (тарбиялоо абагы) жана №14 Мекеменин алдындагы ТИ, Чүй облусу	23	10,3
11.	№42 Мекемеси (ЖА-42), Ош шаары, Ош облусу	0	0
12.	№31 Мекеме (ТА-31), Чүй облусу	0	0
	Баары	223	100,0

Изилдөөнүн жүрүшүндө 223 адам сурамжылоого катышышты, алардын ичинен 151 тергөө изоляторлорундагылар (мындан ары - ТИ), ал эми 72 - түзөтүү мекемелериндегилер болушту.

Сурамжылоолор 2024-жылдын февралынан май айына чейинки төрт айлык убакыт аралыгында жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн катышуучуларынын жаш курактык түзүмү сурамжылоого катышкандардын чоң бөлүгүн (29%) 36 жаштан 45 жашка чейинки жаш курактагы адамдар түзгөндүгүн көрсөтүп турат. Жаш курактык категория боюнча кыйла азыраак катышкандарды 55 жаштан (3,6%) жогоркулар түздү. Жашы жетелек өспүрүм респонденттердин үлүшү 13% түздү.

1-диаграмма. Респонденттердин жаш курактык белгиси боюнча катышы



Респонденттердин көпчүлүгү (94%) Кыргыз Республикасынын жарандары болуп эсептелет. Сурамжылоого катышкандардын арасында Россия Федерациясынын жана Өзбекистан республикасынын жарандары дагы болду.

2-диаграмма. Респонденттердин жарандыгы



Респонденттердин көпчүлүгү (41%) сурамжылоо учурунда айыпталуучу макамында, үчтөн бир бөлүгү (36%) – соттолгон макамында, ар бир төртүнчү (23%) –соттолууучу макамында болушту.

3-диаграмма. Респонденттердин процессуалдык макамы боюнча катышы



Камактагы адамдардын санындагы ар түрдүүлүктү эске алуу менен, квоталык тандоо усулу колдонулду. Квоталардын өлчөмү мекеменин чоңдугуна ылайык аныкталды. Айрым учурларда болсо, изилдөөнү жүргүзүү учурунда мекемеде бар бардык камалган адамдар тандоого киргизилишти. Сурамжылоону жүргүзүү процессинде өзгөчө көңүл конфиденциалдуулук жана коопсуздук принциптерин камсыз кылууга бурулду.

Географиялык жактан кеңири камтуу, мекемелердин типтеринин жана сурамжылоого катышкан адамдардын категорияларынын ар түрдүүлүгү көрсөткүчтөрдүн ишенимдүүлүгү жөнүндө айтууга жана Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелериндеги кырдаалдар жөнүндө толук кандуу көз караштарга ээ болууга жол ачат.

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ

1.Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун жалпы кепилдиктери жана функционалдашуусу

1-индикатор. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму көз карандысыз болуп эсептелет
1.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму көз карандысыз болуп эсептелет жана жарандык кызматтын алкагында так бекитилген
Сыпаттамасы Европалык пенитенциардык эрежелер[17], пенитенциардык мекемелер үчүн аскер ведомствосуна, укук коргоо органдарына же кылмыш-жаза иликтөө ведомствосуна баш ийбеген (көз карандысыз) мамлекеттик башкаруу органдары жооп берүүсү керек. КЖАТ анын персоналы милитаризациялаштырылбаган, ошондой эле укук коргоо органдарынан жана прокуратурадан зарыл түрдө көз карандысыз болгондой уюштурулушу керек. КЖАТ мамлекеттик кызматтын бир бөлүгү болуусу зарыл. Европа Кеңешинин министрлер Комитети Полициялык этиканын[18] Европалык кодекси жөнүндө №REC (2001)10 өзүнүн сунуштамаларында өзүнө мүчө мамлекеттерге берген сунуштамаларында *«укук коргоо органдарынын, прокуратуранын, сот тутумунун жана оңдоп-түзөө тутумунун ортосундагы так айырмачылыктарды жүргүзүүнү»* сунуштаган. **Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар** КЖАТ бийликтин аткаруу тутумунун (системасынын) тармактарынын бирөө болуп эсептелет жана бул талдоо жүргүзүүнүн контекстинде кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүүнүн өзүнчө чөйрөсү катары каралды. Бул көзөмөлдөөчү көрсөткүчтүн алкагындагы талдоо жүргүзүүдө ал көз карандысыз болуп саналабы жана жарандык кызматтын алкагында ишке ашырылып жатабы аныктоо керек болду. Бирок КЖАТ көз карандысыздыгына баа берүү көптөгөн критерийлерди камтышы мүмкүн (административдик жана каржылык көз карандысыздык, соттук көзөмөлдөө, прокурордук көзөмөл ж.б. аспектилер), ошондуктан бул көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө талдоо жүргүзүүнүн алкагында ведомстволук жана функционалдык көз карандысыздыкка көңүл бурулду. Укуктук талдоо жүргүзүү, ошондой эле КР Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму (КЖАТ) тергөө изоляторлорун, түзөтүү, тарбиялоо абактарын, Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү департаментинин бөлүнүштөрүн камтый тургандыгын, анын ишмердүүлүгү Куралдуу күчтөр кызматынын жөнгө салуучу актылар менен жөнгө салынарын көрсөттү.[19]

[17] Европалык пенитенциардык эрежелер. Министрлер Комитетинин Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттерине сунуштамалары Rec (2006) 2, 71-пункт. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[18] Министрлер Комитетинин Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттерине полициялык этиканын Европалык кодекси жөнүндө сунуштамалары № REC (2001)10. Министрлер Комитети тарабынан Министрлердин өкүлдөрүнүн 765-жыйынында 2001-жылдын 19-сентябрында кабыл алынган. URL: https://rm.coe.int/0900001680928736.

[19] КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренеси, 12-август, 2003-жыл. № 197 (31-январь, 2023-жылдагы ред. №20). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-1269/edition/1219068/ru

Жазаларды аткаруу кызматы КР Юстиция министрлигине баш иет жана укук коргоо органы болуп эсептелет. Ал аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенишүү менен, кылмыш-жаза-аткаруу тутуму суроолору боюнча мыйзамдардын аткарылышын уюштурат.[20]

КЖАТ персоналы кызматкерлерин, Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү департаментинин аскер кызматкерлерин, мамлекеттик жарандык кызматкерлерди жана КЖАТ жумушчуларын камтыйт.[21]

Жазаларды аткаруу кызматынын жобосуна[22] ылайык, Кызмат пенитенциардык мекемелерде ыкчам-издөө ишмердүүлүгүн уюштурат, укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишет, КЖАТ органдарынын компетенциясындагы кылмыш иштери боюнча алгачкы текшерүүнү жана алдын ала тергөөнү жүргүзөт. Бул ыйгарым укуктар Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексте бекитилген, ага ылайык түзөтүү мекемелеринин аймагындагы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча тергөөнү КЖАТ тергөөчүлөрү алып барышат. Буга карабастан, «2024–2028-жылдары Кыргыз Республикасынын жаза-аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) тутумун өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасында»[23] башкача позиция жазылган. Анда «*Тутумдуу өзгөрүүлөрдөн улам ЖАСты демилитаризациялоо боюнча алгачкы кадамдар жасалып, 2019-жылдын сентябрь айында альтернативалык жазалардын аткарылышын көзөмөлдөө функцияларын аскерлештирилген бөлүмдөн жарандык ведомствого которууга мүмкүн болду»*-деп белгиленген. Документтин долбоорунда Эл аралык ченемдердин негизинде 2019-жылдын 1-сентябрынан тартып пробация кызматы жарандык макам алып, КР Юстиция министрлигинин карамагына өткөрүлгөндүгү белгиленген. Алсак, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрында КР Өкмөтүнүн №666 токтому менен Пробация департаменти аймактык бөлүмдөрү менен түзүлгөн, ал эми 2021-жылы Мамлекеттик жазаларды аткаруу кызматы Юстиция министрлигинин карамагына өткөрүлүп берилди, кылмыш-жаза-аткаруу ишмердүүлүгүн көзөмөлдөй турган юстиция министринин орун басары кызмат орду киргизилген. Бул долбоор бекитилгенби жана учурда күчүндөбү ачык булактарда маалымат жок.

Корутундулар

1. Учурдагы Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы (КЖАТ) жарандык жана аскер түзүмдөрүнүн аралашуусу тутумдун толук кандуу көз карандысыздыгын жана отчеттуулугун камсыз кылууну татаалдаштырат, бул болсо эл аралык стандарттарга каршы келет.

Сунуштамалар

1. Юстиция министрлигине КЖАТ демилитаризациялоо процессин тездетүү, ошондой эле КЖАТ кызматкерлерин адам укуктарына жана эл аралык стандарттарга басым жасоо менен үзгүлтүксүз түрдө окутуп туруу жана квалификацияларын жогорулатып туруу сунушталат.

[20] КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренеси.

[21] КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамынын 24-беренеси.

[22] КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы жөнүндө Жобо. 12-пункт. , КР Министрлер Кабинетинин Токтому менен бекитилген, 21-июнь, 2021-жыл, №33.

[23]2024–2028-жылдары Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын долбоору URL: http://koomtalkuu.gov.kg/ru/view-npa/3188.

2-индикатор. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму соттолгон адамдарды түзөө, аларды кайра социалдаштыруу жана социалдык адаптациялоо боюнча функцияларды аткарат

2.1-КК. Соттолгон адамдарды жазасын өтөгөндөн кийин реабилитациялоо жана реинтеграциялоо эркиндигинен ажыратуунун так максаттары катары аныкталган жана өлкөдө ишке ашырылууда

Сыпаттамасы

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын[24] (ЖСУЭП)10-беренесинин 3-пункту, пенитенциардык тутум соттолгон адамдар үчүн эң олуттуу, максаты аларды түзөө жана социалдык жактан кайра тарбиялоо болгон режим болуусу керектигин караштырат (…). Нельсон Манделанын[25] эрежеси, абакка камоонун же ушуга окшош эркиндигинен ажыратуу өкүмүнүн максаты кандай болушу керектигин белгилеп көрсөтүп турат, эң негизгиси, эгерде камакка алуунун мөөнөтү мүмкүн болушунча мындай адамдар бошотулгандан кийин алардын коомго реинтеграциялоосун камсыз кылуу үчүн, алардын мыйзамды сыйлаган жана өз алдынча жашоо образын кечирүүсүн камсыз кылуу үчүн колдонулса гана, коомду кылмышкерлерден сактоо жана рецидивизм окуяларын кыскартуу максатына учурда жетиши мүмкүн. Муну үчүн Нельсон Манделдин 87-эрежеси соттолгон адамды жазасын өтөө мөөнөтү аяктоосунун алдында акырындан коомдун жашоосуна кайтарып келүү боюнча чаралар мүмкүн болушунча көрүлүүсүн белгилейт. Бул максатка ар бир укук бузуучунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен, абак мекемесинин өзүндө же кайсы бир башка мекемеде бошотулгандар үчүн өзгөчө режим киргизүү аркылуу, же болбосо камактагы адамдарды сыноо мөөнөтүнө бошотуу аркылуу, ал мезгил аралыгында алар көзөмөл алдында болуусун, мындай көзөмөл укук коргоо бийлиги астында эмес, натыйжалуу социалдык жардам менен айкаштырылып ишке ашырылуусу шартында жетишүүгө болот.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Укуктук талдоо жүргүзүү КР Кылмыш-жаза кодекси түзөө, кайра социалдаштыруу жана жаңы кылмыштардын алдын алуу принциптерин чагылдырарын көрсөттү.[26] Жазалоо дене бойлук азаптанууларды келтирбөөсү жана адамдын кадыр-баркын басмырлабоосу керек.[27]

Бул принциптер ошондой эле КР КЖК 59-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жазалоо максаттары аркылуу дагы ишке ашырылат, алар күнөөлүүнү түзөө жана кайра социалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү болуп эсептелет.

Мындан сырткары, кылмыш-жаза мыйзамында пробациялык көзөмөл институту караштырылгандыгын эске алуу керек,[28] ал кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелет. Сот адамды пробациялык көзөмөлдөө

[24]Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. Башкы Ассамблеянын резолюциясында 2200 А (XXI) кабыл алынган. 16-декабрь, 1966-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

[25] Бириккен Улуттар Уюмунун камактагы адамдарга карата минималдык стандарттары. (Нельсон Манделанын эрежелери), 4-эреже. 1 жана 2-пункттар. URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/Nelson_Mandela_Rules-R-ebook.pdf.

[26]КР Кылмыш-жаза кодексинин 9-беренесинин 2-бөлүгү. 2-февраль, 2017=жыл №19. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112309/edition/14072/ru

[27] Ошол жерде.

[28] КР КЖК 82-беренесинин 1- бөлүгү.

чарасын колдонуу менен эркиндигенен ажыратуу түрүндө жаза өтөөдөн бошоткон учурда, соттолгон адамга пробация органы тарабынан дайындалуучу кайра социалдаштыруу программаларына катышуу милдетин дайындашы мүмкүн.

«Пробация жөнүндө» Мыйзам 2017-жыл, 24-февраль №34 (2021-жылдын 28-октябрындагы редакциясында №126) пробациянын максаттарын аныктайт: коомдун коопсуздугун камсыз кылуу, пробациянын кардарларын түзөө жана кайра социалдаштыруу, алардын жаңы укук бузууларды жасоосун эскертүү.[29] Кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамы түзөөгө жана кайра социалдаштырууга, адам укуктарын сактоого, коопсуздукту сактоого жана кылмыштарга бөгөт коюуга максатталган.

Талдоо жүргүзүү жазалоонун реабилитациялоо жана реинтеграциялоо түрүндөгү ченемдик максаттары эл аралык стандарттарга шайкеш келерин көрсөттү. Бирок, мунун иш жүзүндө (практикада) шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн түзөө каражаттарын колдонуулгандыгы жана кайра социалдаштыруу боюнча көрсөткүчтөр зарыл.

2024–2028-жылдары Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) түзүмүн өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын»[30] долбоорундагы кырдаалга талдоо жүргүзүү боюнча баяндамага таянсак, эмгек соттолгон адамдарды түзөөнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет. 2023-жылдын экинчи жарым жылдыгынын статистикасы 4215 эмгекке жарамдуу соттолгондордун ичинен 24% гана жумушка орноштурулгандыгын көрсөтүп турат. Жумушка орноштуруунун деңгээлинин төмөн болушу, өмүр боюу эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамдарга акы төлөнүүчү жумушка орношууну тыюу салган мыйзам менен байланыштуу болушу мүмкүн. КР Эмгек кодексинин 9-беренесине[31] ылайык, эч ким эмгек укугунан чектелиши мүмкүн эмес, ошондуктан бардык соттолгондорго акы төлөнгөн эмгек укугун берүүгө болот.
Мындан сырткары, Мамлекеттик программанын долбооруна[32] ылайык, криминалдык субмаданият кайра социалдаштыруу программаларын ишке ашырууга тоскоолдук кылат, анткени соттолгон адамдар иштөөнү жана окууну каалабай тургандыктары жөнүндө корутунду жасоого болот, ушуга байланыштуу анда соттолгон адамдарды уюшкан кылмыштуу топтордон бөлүү жана уюшкан кылмыштуу топтор жөнүндө мыйзамды кайра карап чыгуу, ошондой эле соттолгон адамдарды лагердик кармоодон камералык кармоого өткөрүү сунушталат.

[29] КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесинин1-бөлүгү. 24-февраль, 2017-ж. №34 ред. 28.10.2021-ж. №126). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111517/edition/14118/ru

[30] 2024–2028-жылдары Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын долбоору URL: http://koomtalkuu.gov.kg/ru/view-npa/3188.

[31] Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, 4-август, 2004-жыл. № 106
URL:https://cbd.minjust.gov.kg/1505/edition/13763/ru

[32]2024–2028-жылдары Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы

КР Юстиция министрлигинин Мамлекеттик программасынын демилгечиси[33], кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамы соттолгон адамдардын өз демилгеси менен иштөөчү уюмдарын караштырат, бирок иш жүзүндө болсо алар жок, иштебейт, түзөтүү мекемелери менен жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын ортосунда өз ара аракеттенишүү жок. Мына ушуга байланыштуу, министрлик мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүүнү жакшыртуунун жаңы ыкмасын, соттолгон адамдарды кайра социалдаштыруунун жолдорун аныктоо үчүн тобокелчиликтерге баа берүү механизмин киргизүү зарылчылыгын белгилейт.

Корутундулар

1. Соттолгон адамдарды реабилитациялоо жана реинтеграциялоо сыяктуу жазалоонун колдонуудагы ченемдик максаттары эл аралык стандарттарга шайкеш келет, бирок алардын иш жүзүндө ишке ашырылуусу үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп турууну жана оңдоо-түзөөлөрдү киргизип турууну талап кылат. Мына ушуга байланыштуу, укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга болгону жарым-жартылай гана шайкеш келет деген корутунду чыгарууга болот.

Сунуштамалар:

1. КР Министрлер Кабинети түзөө жана кайра социалдаштыруу программаларына мониторинг жана баалоо жүргүзүү тутумун (системасын) ишке киргизүүсү, анын жыйынтыктарына үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп, зарыл түзөтүүлөрдү киргизип туруусу зарыл.

[33] Ошол жерде.

2.Эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиктери

3-индикатор. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдар, алардын тубаса кадыр-баркы жана жеке адам катары баалуулугу боюнча урматтоого негизделген мамиледен тең укуктуу колдонот

3.1-КК. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга мамиле кылууда алардын укуктары сакталат, чектөө коюлган ар бир конкреттүү окуя боюнча алардын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө карата тиешелүү түрдөгү текшерүү жүргүзүү менен камсыз кылынат

Сыпаттамасы

ЖСУЭП «бардык эркиндигинен ажыратылган адамдар адамзатына тубаса тиешелүү гумандуу мамиле кылуу жана кадыр-баркын сыйлоо укугуна ээ» жана «бул Пактта эч нерсе кайсы бир мамлекет, кайсы бир топ же кайсы бир жаран ушул Пактта таанылган бардык укуктарды же эркиндиктерди жок кылууга багытталган кандай гана болбосун ишмердүүлүк менен алектенүүгө, кандай гана болбосун аракеттерди жасоого укуктуу деп чечмеленүүсү мүмкүн эмес, же болбосо аларды ушул Пактта караштырылгандан ашыкча өлчөмдө чектөөгө укуктуу деп чечмеленүүсү мүмкүн эмес».[34] Нельсон Манделанын эрежелеринин 1-эрежесинде ошондой эле, эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарга алардын тубаса кадыр-баркы жана жеке адам катары баалуулугу боюнча урматтоо менен мамиле кылуу талабы бекитилген.

Европалык пенитенциардык эрежелердин 1-пунктуна ылайык, эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарга мамиле кылууда алардын адам укуктарын сактоо керек. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдардын аларга өкүм чыгарылган же камакта калтырылган соттун чечиминен сырткаркы, мыйзам чегинде ажыратылбаган башка бардык укуктары сакталат. Адамдарга коюлган эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү чектөөлөр минималдуу түрдөгү зарылдык болуусу керек жана аны коюуга негиз берген максатка шайкеш келүүсү зарыл.[35]

Мамлекет эл аралык-укуктук милдеттенмелерди аткаруу боюнча чараларды көрүшү керек. Биринчиден, колдонуудагы мыйзамдар эркиндигинен ажыратылган адамдардын негизги укуктарын, анын ичинде кадыр-баркына урматтоо менен мамиле кылуудан чектебеши зарыл. Экинчиден, КЖАТ максаттарында бул милдеттенмени, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча көз карашты тиешелүү деңгээлде чагылдыруу зарыл. КЖАТ максаттары эркиндигинен ажыратуу фактысынан улам пайда болгон азаптанууларды тереңдетпөөсү зарыл.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Бул көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө, талдоо жүргүзүүнү адамдын тубаса кадыр-баркынын жана жеке адамдык баалуулугунун негизинде урматтоо менен мамиле жасоону көңүлдүн борборуна койгон бир бүтүн индикатор деп кароого болот.

[34] ЖСУЭП, 5-бер.,1-п. жана 10-берене, 1-п.

[35] Европалык пенитенциардык эрежелер. Министрлер Комитетинин Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттерине сунуштамалары Rec (2006) 2, 2-3-пункттар. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee.

Ушуга ылайык белгилей кетчү нерсе, КР Конституциясы[36] адамдын кадыр-баркын абсолюттук жана кол тийгис катары тааныйт, ал эми соттолгон адамдарга карата урмат-сый менен мамиле кылуу – 53-беренеден келип чыккан милдеттенме болуп саналат, ага ылайык коомдук жүрүм-турумдун эрежелерин жана ченемдерин сактоо, коомдун кызыкчылыктарына урмат-сый менен мамиле кылуу ар бир адамдын милдети болуп саналат. Адамдын өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруусу, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбашы керек.

КР Конституциясы эркиндигинен ажыратылгандарга карата гумандуу мамиле кылууга кепилдик берүү менен кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салат, ал эми 23-берене адамдын укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс экендигин жана ар бирине туулгандан баштап эле тиешелүү экенин, ошондой эле улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти жана башкалардын укуктарын сактоо максатында гана чектелиши мүмкүн экендигин караштырат.

Кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдары бул принципти сактайт. Алсак, «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесинде мыйзамдуулук, гумандуулук жана адам укуктарын урматтоо баса белгиленет. Ушул эле мыйзамдын 31-беренеси Нельсон Манделанын Эрежелери сыяктуу эле кызматкердин жана ар-намысын жана кадыр-баркын дагы, соттолгон адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын дагы коргойт, анда жазалоолор адамдын кадыр-баркын басмырлабоосу же азаптануу алып келбөөсү керек деп белгиленет.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө КЖАТ Мекемелеринде кармалган адамдардын арасында сурамжылоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү, КЖАТ Мекемелеринде кармалган адамдардын көпчүлүгү (63%) кызматкерлердин аларга карата мамилелерин урматтоо менен деп баалашат. Ар бир бешинчиси (21%) аларга урматтоо менен эмес мамиле кылышат деп эсептейт, ошол эле учурда 3% кемсинткен мамиле жасашат деп баалашат. Берилген башка баалоолордун (13%) арасынан респонденттер *«аларга карата мамиле кызматкерлердин жекече мүнөздөмөлөрүнөн көз каранды», «кызматкерлер мамиле кылууда адепсиз сөздөрдү колдонушат», «кызматкерлер айбанга мамиле кылгандай мамиле кылышат», «Тергөө изоляторунан чыгууда кемсинткен текшерүүлөр жүргүзүлөт»*-деп белгилешти.

Корутундулар

1. Улуттук мыйзамдардагы камактагы адамдарга карата урматтоо менен мамиле кылуу жана алардын укуктарын сактоо жөнүндөгү талаптарга карабастан, иш тажрыйбасы[37] жарым-жартылай шайкеш келбестиктерди көрсөттү. Жогоруда келтирилгендердин негизинде, эл аралык стандарттарга улуттук мыйзамдар толугу менен шайкеш келет жана укук колдонуу тажрыйбасы жарым-жартылай шайкеш келет деген корутунду чыгарууга болот.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы камактагы адамдарга гумандуу мамиле кылуу стандарттарын эл аралык милдеттенмелерге толук кандуу шайкештикте сактоону камсыз кылуусу керек.

[36] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 5-май, 2021-жыл. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru

[37] КР КАУБ атайын изилдөөсү «КЖАТ Мекемелеринде адам укуктары стандарттарынын сакталышы» 2024.

3.2-КК. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарды басмырлоонун бардык түрлөрүнөн коргоо камсыз кылынган

Сыпаттамасы

Бул көрсөткүчтө басмырлоо деп кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун өзүнүн түзүмүнүн алкагындагы институционалдык дагы басмырлоону, ошондой эле өзүнчө адамдар тарабынан басмырлоону түшүнөбүз. Нельсон Манделанын Эрежелеринин 2-эрежесинде расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине тиешелүү белгилери боюнча, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карап басмырлоого жол берилбейт деп белгиленген. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарды басмырлоонун бардык формаларынан коргоо эл аралык стандарттардын басмырлоого жол берилбестик жоболорунан түз келип чыгат. Алсак, ЖСУЭП 26-беренесинде бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана эч кандай басмырлоосуз мыйзам алдында бирдей коргоого алынууга укуктуу деп бекитилген. Эл аралык пакты бардык түрдөгү басмырлоолорго мыйзам тыюу салынышы керек жана мыйзам бардык адамдарга эч кандай айырмачылыгына, расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карабастан бирдей жана натыйжалуу коргоо кепилдигин берүүсү зарыл деп түшүндүрөт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес, ошондой эле ушул ченемде басмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат деп караштырылган.

Муну менен катар эле, эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт.

Бардык адамдарга тиешелүү жалпы эреже болуу менен бирге, басмырлоого тыюу салуу ошондой эле эркиндигинен ажыратылган адамдарга дагы тиешелүү. Алсак, кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамынын принциптеринин бири соттолгондордун мыйзам алдындагы бирдейлик принциби болуп эсептелет.[38]

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси соттолгон адамдардын мыйзам алдындагы бирдейлигине кепилдик берүү менен бул принципти колдойт.[39] Муну менен катар эле жаш курагынан, жынысынан, жүрүм-турумунан жана башка факторлордон көз карандылуу түрдө дифференцияланган ыкмага жол берилет.[40]

КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө»[41] Мыйзамынын 6-беренеси дагы шек

[38] КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси. 11-берене. 31-январь, 2017-жыл. №17. КР 24-январь, 2017-ж. №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген (КР Мыйзамынын редакциясында. 15-май, 2019-жыл №62) (ЖАК). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-31/edition/1285936/ru

[39] Ошол жерде.

[40] КР КЖАК 12-берене.

[41] КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 6-бер. 31-октябрб, 2002-жыл № 150. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1107/edition/1219040/ru

туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды басмырлоого тыюу салат. КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин 79-беренеси камактагы адамдарды жынысы, жаш курагы жана кылмышы сыяктуу ар түрдүү критерийлери боюнча өз өзүнчө бөлүп кармоо эрежелерин белгилейт. Мониторингдин алкагында Жазаларды аткаруу кызматы Мекемелеринде кармалган адамдардын арасында сурамжылоо жүргүзүү буларды көрсөттү: бул сурамжылоого катышкан ар бир экинчи катышуучу (56%) иши тергөөдөгү камакка алынган адамдар, соттолуучулар же соттолгон адамдар менен бир камерада кармалып турушканын айтышкан: 1) иши тергөөдөгү камакка алынган адамдар, соттолуп жаткандар менен – 46%, 2) соттолгондор менен – 37%. Башка жооптордун арасынан респонденттер (3%) камерада чогуу камалып турган адамдардын макамын билбейбиз деп жооп беришти, ошондой эле алар камерада жалгыз кармалып тургандарын айтышты.[42] Респонденттредин жарымы (52%) алардын камераларында бир эле убакта 1ден 4кө чейинки адамдар чогуу тургандарын айтышты. Ар бир төртүнчү респондент (37%) камерада 5тен 8га чейинки адамдар бар экенин маалымдашты, ошол эле убакта ар бир онунчусу (11%) камерада 10 ашык адам бар экенин билдиришти. Сурамжылоого катышкандардын абсолюттук түрдөгү көпчүлүгү (91%) алар КЖАТ мекемелеринде басмырлоого кабылган эместигин белгилешти. 18 адам (8%) басмырлоо окуяларын башынан кечиргендигин айтышты. Муну менен катар эле алардын ичинен 10 басмырлоого КЖАТ кызматкерлери тарабынан кабылышканын, 2 – укук коргоо органдары тарабынан кабылганын айтышты, 4 – башкалардан. **Корутундулар** **1.** Демек, эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарды басмырлоонун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу боюнча улуттук мыйзамдар эл аралык мыйзамдарга толук кандуу шайкеш келет деген корутундуга келүүгө болот, бирок экинчи тарабынан иш жүзүндө практикада басмырлоо фактылары орун алган учурлар бар, бул укук колдонуу тажрыйбасынын жогоруда аталган эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келгендигин далилдеп турат. **Сунуштамалар:** **1.** КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун мекемелеринин кызматкерлерин үчүн Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине, «2022-2024-жылдага карата адам укуктарын боюнча аракеттер планынын» 81-пунктуна ылайык, бардык азчылык топторунун өкүлдөрүн басмырлоонун бардык формаларынан адам укуктарын коргоонун куралдары жана укуктук механизмдерин колдонуу жана басмырлабоо принциптери жөнүндө окутуу семинарларын/тренингдерди тутумдуу (системалуу) негизде өткөрүп туруусу маанилүү.
3.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өзүм билемдик менен эркиндигинен ажыратуудан (камакка алуудан) коргоо кепилдиги мыйзам тарабынан белгиленген жана практикада камсыз кылынган
Сыпатамасы

[42] Сумма 100% ашыгыраакты түзөт, анкени катышуучулар жооптордун бир нече варианттарын белгилей алышкан эмес.

Компетенттүү соттун мыйзам түрүндө күчүнө кирген актысынын (токтомунун, өкүмүнүн) негизинде кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелеринде кармалып турган эркиндигинен ажыратууга соттолгон/ баш коргоо чарасы камакка алуу тандалган адамдар сот актысында жана мыйзамда аныкталган мөөнөтү аяктары менен кечиктирилгис түрдө бошотулушу керек. ЖСУЭП 9-беренесинин 1-пунктунда ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке ээ болуу укугуна ээ деп белгиленген. Эч ким өзүм билемдик менен камакка алынбоосу жана камакта кармалбоосу зарыл Эч ким мыйзамда бекитилген процедуралардан жана андагы негиздерден сырткары эркиндигинен ажыратылуусу мүмкүн эмес. Нельсон Манделдин 7-эрежеси ошондой эле камакка алуу жөнүндө колдонуудагы буйруксуз абакка кабыл алууга тыюу салууну караштырган. Бардык адамдарды зомбулуктуу жоголуудан сактоо жөнүндөгү Декларацияга[43] ылайык, кандай гана формада болбосун кармоого же абакка камоого кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысына[44] жана БУУнун Адам укуктары боюнча Комитетинин Жалпы тартиптеги эскертүүлөрүнө №20[45] ылайык, ар бир пенитенциардык мекемеде эркиндигинен ажыратылгандыгынын негизинде келип түшкөн бардык адамдар жөнүндө маалыматтарды, келген күнү жана сааты, ошондой эле мекемеден чыгуу күнү саатты, бардык которулууларды каттаган рестр болуусу зарыл. Реестр зомбулуктуу жолголуудан сактоонун кепилдиктеринин бири болуп эсептелет.

Кыргызстандагы макамы

КР Конституциясынын 59-беренесинде ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу деп белгиленген. Кармоо жана эркиндигинен ажыратуу соттун чечими боюнча жана мыйзамдуу негизде гана мүмкүн. Кылмыш-жаза мыйзамында (КР КЖК жана КПК) жазалоо бир гана соттун чечими менен колдонулат деп бекитиген[46], соттун чечимине чейин адам 48 сааттан ашык эмес мөөнөткө кармалууга кирептер болушу мүмкүн (балдар үчүн 24 саат).[47]

Мындан сырткары, сот, прокурор, тергөөчү белгиленгенден ашык мөөнөткө камакта кармалгандарды же мыйзамсыз кармалгандарды токтоосуз бошотууга милдеттүү.[48] Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу башка кыйла жеңил бөгөт коюу чарасын колдонуу мүмкүн болбогондо колдонулат жана конкреттүү фактылар менен негизделүүсү зарыл.[49]

Бул аркылуу улуттук мыйзамдар эл аралык стандартка толук көлөмдө шайкеш келет.

КЖАТ мекемелеринин сурамжылоого катышкан жетекчилери адамдарды камакта кармоо мөөнөттөрүн аткаруу үчүн мекемелердин тиешелүү бөлүмдөрү тарабынан ведомстволук көзөмөлдөө жүргүзүлөрүн белгилешти, ошондой эле бул прокуратура органдары тарабынан дагы жүргүзүлөт. Бирок тилеке каршы, укукту жөнгө салган ченемдерди бузуу

[43] Бардык адамдарды зомбулуктуу жоголуудан коргоо жөнүндө декларация. Башкы Ассамблеянын 47/133 резолюциясы менен кабыл алынган. 18-декабрь, 1992-жыл, 10-берене. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/enforced_disappearances.shtml

[44] Бардык адамдарды кандай гана формада болбосун кармоодон же камоодон коргоо принциптеринин жыйындысы. Башкы Ассамблеянын 43/173 резолюциясы менен каралган. 9-декабрь, 1988-жыл. 12-принцип. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml

[45]Жалпы тартиптеги №20 эскертүүлөр – 7-берене (кыйноолорду же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалоолордун алдын алуу), 11-пар. URL: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=INT%2FCCPR%2FGEC%2F6621&Lang=ru

[46] КР КЖК 59-бер. 1-бөлүк.

[47] КР КПК 12-бер. 1-бөлүк.

[48] КР КПК 12-бер.2-бөлүк.

[49] КР КПК 114-бер. 1-бөлүк.

боюнча өзүнчө фактылар бар[50], бул болсо укук колдонуу тажрыйбасынын толук шайкеш келбестиги жөнүндө айтып турат.

Корутундулар

1. Мыйзамдар өзүм билемдик менен эркиндигинен ажыратуудан кепилдикке алууну караштырат, бирок алар иш жүзүндө (практикада) дайыма эле камсыз боло бербейт.

Сунуштамалар:

1. КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы кылмыш-жаза-аткаруу тутумуна келип түшкөн бардык адамдар жөнүндө, алардын которулуп кетүүлөрү боюнча каттоо реестрин санариптештирүүнү жана автоматташтырууну ишке киргизүүсү керек.

3.4-КК. Эркиндигинен ажыратылган адамдар тез жана натыйжалуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ

Сыпаттамасы

Нельсон Манделанын Эрежелеринин 119-Эрежесинин жана ЖСУЭП[51] стандарттарынын маанисин, эркиндигинен ажыратылган адамдарга адвокаттын тез жеткиликтүү болушу алардын өздөрүнүн тандоосу боюнча камсыз кылынышы зарыл деп түшүнүү керек. Эгерде эркиндигинен ажыратылган адамдардын адвокаттын акысын төлөгөнгө каражаты жок болсо, аларга мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкагында адвокат берилиши зарыл. Муну менен катар эле, юридикалык жардам көрсөтүү процессинде кийинки аспектилердин сакталуусу абдан маанилүү: 1) тиешелүү мүмкүнчүлүктөрдүн баары берилиши керек, жолугушуулар үчүн шарттар жана убакыт, адвокат же юридикалык жардам көрсөтүп жаткан адам менен эч кандай кечигүүсүз, кийлигишүүсүз же цензурасыз, конфиденциалдуулукту толук сактаган шартта сүйлөшүүлөр жана консультациялар;[52] 2) абактын администрациясы камактагы адамдар жергиликтүү тилде сүйлөбөгөн учурда, көз карандысыз квалификациялуу котормочунун кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуулары зарыл; консультациялар укук тартибин көзөмөлдөгөн кызмат адамынын болуусунун, бирок ага сүйлөшүүнүн угулуу мүмкүнчүлүгү жок шартта өткөрүлүшү мүмкүн;[53] адвокаттар кесиптик этиканын жалпыга таанылган принциптерине ылайык, эч кандай чектөөсүз, таасир этүүсүз, кысым көрсөтүүсүз же болбосо кайсы бир тараптардын укук чегинен сырткаркы кийлигишүүсүз түрдө кылмыш жасоого айыпталуучу адамдарга консультация берүү жана аларга өкүлчүлүк кылуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуулары зарыл.[54]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

[50] КРда аял кылмыш ишисиз жана соттун акыркы өкүмү жок 25 жылын темир тор артында өткөргөн// https://kabar.kg/news/v-kr-zhenshchina-25-let-provela-za-reshetkoi-bez-ugolovnogo-dela-i-okonchatel-nogo-prigovora-suda/.

[51]14-берене (3) (d) Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактыURL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[52] Нельсон Манделанын эрежелери, 61-эреже, 1 жана 2-пункттар.

[53] Basic Principles on the Role of Lawyers. The Eighth United Nations Congress on the Prevention of Crime and the Treatment of Offenders, Havana, Cuba. UNITED NATIONS HUMAN RIGHTS. 07 September 1990. URL: Basic Principles on the Role of Lawyers | OHCHR. https://www.ohchr.org/en/instruments-mechanisms/instruments/basic-principles-role- lawyers

[54] № 32 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр.14-берене: Соттто жана трибуналдар алдындагы бирдейлик жана ар биринин адилеттүү соттук териштирүүгө карата укугу, 34-пункт.

КР Конституциясына ылайык, ар бир адам юридикалык жардам алууга, анын ичинен мамлекеттин эсебинен алууга укуктуу. «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзам кылмыш-жаза иштери боюнча юридикалык жардам алуу укугун КР жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга, качкындарга берет.[55] Жардам кирешеси минималдуу эмгек акысынан 60 эсе өлчөмүнөн ашпаган шартта берилет.[56] Жардам кирешени эсепке албастан, адамдардын айрым категорияларына берилет (шектүүлөргө, айыпталуучуларга, соттолгондорго, акталгандарга, I жана II топтогу майыптыгы бар адамдарга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучуларына ж.б.)[57] КР Кылмыш-жаза-аткаруунун кодексинин 22-беренеси соттолгондордун юридикалык жардамга карата укуктарын караштырат. Абактардын администрациясы юридикалык жардам алуу үчүн шарттарды, анын ичинде адвокаттар жана медиаторлор менен жолугушууларды камсыз кылууга милдеттүү.

Түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери[58] жумуш учурунда адвокаттар менен жолугушууларды өткөрүүнү караштырат, алардын саны жана узактыгы чектелбейт. Карантин же ооруп жаткан учурда адвокат менен жолугушуу токтотулушу мүмкүн эмес,[59] бирок бул иш жүзүндө дайыма эле ишке ашырыла бербейт. Аталган эрежелердин 59-пунктуна ылайык юридикалык консультация акы төлөнгөн кызматтарга кирет.[60]

Мониторинг жүргүзүү КЖАТ Мекемелериндеги сурамжылоого катышкан респонденттердин ичинен 72% юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ экендигин көрсөттү, бирок анын сапаты жана жеткиликтүүлүгү ар түрдүү. Көпчүлүгү жеке адвокаттардын кызматынан колдонушат, анткени мамлекеттик адвокаттардын кызматтары (МКЮЖ) көпчүлүк убакта канааттандырбайт. Респонденттердин 13% гана өз адвокаттарын мекемеге чакыра алышат, бул камактагы адамдардын көпчүлүгү үчүн укуктук жардамдын жеткиликтүү болуусун чектейт. Респонденттердин үчтөн бир бөлүгү (27%) адвокаттар менен жолугушуулар конфиденциалдуулуктун шартында өткөрүлөрүн белгилешти. Болгону 23% гана адвокат менен убактысы боюнча чектөөсүз жолугушууларга ээ, бул зарыл жардам алуусун чектөөсү мүмкүн. 21% гана жолугушуулар коопсуз жана жагымдуу шарттарда өтөт деп белгилешти, бул болсо көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын сапатына терс таасирин тийгизет.

Корутундулар

1. Мыйзамдар юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү укугун бекитет, бирок аны ишке ашыруунун кадамдык механизмин караштырбайт. Ички тартибинин эрежелерине ылайык, юридикалык консультация акы төлөнүүчү кызматтарга кирет, ошол эле учурда болсо так нускамасыз мындай юридикалык консультация жеткиликсиз болушу мүмкүн.
Демек, улуттук мыйзамдар жогоруда аталып өткөн эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет, укук колдонуу тажрыйбасы дагы ошондой деген корутунду чыгарууга болот.

[55] КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам кызматы жөнүндө» Мыйзамы, 13-берене,1-бөлүк. 10-август, 2022-жыл. №91 (ред.27-февраль, 2024-жыл №58). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112412/edition/3556/ru

[56] Ошол жерде. 2-бөлүк. 13-берене.

[57] Ошол жерде. 3-бөлүк. 13-берене.

[58] Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу-тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери. Өкмөттүн 3-сентябрь, 2024-жыл. №541.78-пункт. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-31662/edition/15759/ru

[59] Ошол жерде. 133-пункт.

[60] Ошол жерде. 59-пункт.

Сунуштамалар:

1. КР МЮ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматына жана Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам кызматына:

● бул укукту ишке ашыруу үчүн, анын ичинде адвокаттар жана медиаторлор менен жолугушуу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруунун так жана милдеттүү процедураларын ишке ашыруу аркылуу натыйжалуу юридикалык жардам укугун камсыз кылуу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү максаттуу.

● эркиндигинен ажыратылган адамдар үчүн алардын юридикалык жардамга карата укуктарын жана аны алуу процедураларын түшүндүргөн үзгүлтүксүз түрдөгү маалыматтык сессияларды уюштуруу сунушталат.

● Камактагы адамдардын адвокат менен конфиденциалдуулук жана коопсуздук шарттары каралган жайларда убактысы боюнча чектелбеген жолугушууларды өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу зарыл.

● Соттолгондордун юридикалык жардамдын сапатына канааттануусуна баа берүү үчүн үзгүлтүксүз түрдөгү сурамжылоолорду жана маалыматтарды чогултуунун башка усулдарын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу зарыл, ошондой эле көрсөтүлүп жаткан юридикалык жардамдын сапатын көз карандысыз көзөмөлдөө тутумун коомдук уюмдарды жана көз карандысыз эксперттерди кошуп түзүү керек.

4-индикатор. Кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден коргоонун кепилдиктери мыйзамда белгиленген жана иш жүзүндө (практикада) камсыз кылынууда

4.1-КК. Мыйзам жана кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелеринин ички тартибинин эрежелери кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө абсолюттук түрдө тыюу салат

Сыпаттамасы

ЖСУЭП 7-беренеси белгилейт: «*Эч ким кыйноолорго же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же анын кадыр-баркын басмырлаган мамилелерге же жазалоого кабылбашы керек. Тактап айтканда, бир дагы адам анын эркин макулдугусуз медициналык же илимий тажрыйбаларга кабылуусу мүмкүн эмес*». БУУ Кыйноолорго каршы конвенциясына ылайык, мамлекет милдеттүү: 1) анын юрисдикциясындагы кайсы гана аймакта болбосун кыйноо актыларынын алдын алуу үчүн натыйжалуу мыйзамдык, административдик, соттук жана башка чараларды көрүүгө;[61]2) кыйноолорго тыюу салууга байланыштуу маалыматтарды камтыган даярдоо программаларын, укук колдонуу органдарынын, жарандык же аскер кызматкерлеринин, медицина кызматкерлеринин жана бөгөт коюу чарасы катары камакка алынган адамдарга, камакка алуунун, кармоонун же абакка камоонун бардык түрүнө кабылган адамдарды суракка алууга, же аларга мамиле кылууга тиешеси бар мамлекеттик кызматкерлердин жана башка адамдардын милдеттерине жана функцияларына тиешелүү эрежелерди же нускамаларды окуу материалдарына киргизүүгө[62] 3) кандайдыр бир кыйноолор окуяларына жол бербөө үчүн, анын юрисдикциясындагы кайсы гана аймакта болбосун бөгөт коюу чараларынын шарттарына,

[61] Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө каршы конвенция. Башкы Ассамблеянын39/46 резолюциясы менен кабыл алынган. 10-декабрь, 1984-жыл, 2-берене, 1-пункт. 1. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/torture.shtml.

[62] Ошол жерде, 10-бер. 1-2-п.

камакка алуунун, кармоонун же абакка камоонун бардык түрүнө кабылган адамдарга карата мамилелерди тутумдуу түрдө (системалуу) карап турууга;[63]

4) кыйноолорду, жаман мамиле кылууну колдонбоо кепилдиги катары, бөгөт коюу чарсы камакка алуу болгон учурда жазышуу жана сүйлөшүү укугусуз кармоого каршы чараларды көрүүгө;[64] 5) бөгөт коюу чаралары боюнча камакка алган бардык жерлерден кыйноолорду жана жаман мамиле жасоо үчүн колдонулушу мүмкүн болгон жабдууларды жана каражаттарды алып салууга.[65]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгү кыйноолорго жана башка катаал адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазалоого тыюу салууну караштырат. Бул принцип мыйзамдарда жана ченемдик-укуктук актыларда, мисалы, КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин 9 жана 18-беренелеринде бекитилген. Бирок, «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзам[66] жана «Жаза аткаруу түзүмүнүн түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери» кыйноолордун алдын алуу үчүн зарыл мындай жоболорду камтыбайт.
Кыйноолорго тыюу салуунун деталдуу эрежелеринин жоктугу өлкөнүн мыйзамын чектейт. КР КЖАК 41-беренеси бул чөйрөдөгү көзөмөлдөөнү караштырат, ал эми КР КЖАК 42-беренеси - Башкы Прокуратура тарабынан көзөмөлдү ишке ашырууну караштырат. Бирок бул так нускамасыз формалдуу мамилеге алып келиши мүмкүн.
Мындан сырткары, талдоо жүргүзүү учурда колдонуудагы кандайдыр бир буюмдарды алып коюунун эрежеси анын максаты кыйноолордун алдын алуу экени көрсөтүлгөн эмес. Ошол эле учурда, «Жаза аткаруу түзүмүнүн түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелеринин» 2-тиркемесинде соттолгондор өзүнүн жанына алып жүрүүсүнө тыюу салынган буюмдардын, предметтердин, документтердин жана азык-түлүктөрдүн тизмеси, ошондой эле алууга тыюу салынган жөнөтмөлөрдүн, бандеролдордун, берип жиберүүлөрдүн тизмеси караштырылган.

Муну менен катар эле, мониторингдин жыйынтыктарына ылайык, КЖАТ Мекемелердин карамагындагы сурамжылоого катышкан адамдардын жалпы санынын ичинен дээрлик ар бир төртүнчү катышуучу (23%) аныкталган бир максатта дене бойлук зомбулукка же психологиялык кысымга (кыйноолор же ырайымсыз мамиле) кабылышкан. Көпчүлүк учурда, респонденттер зомбулукту колдонуу укук коргоо органдары (19%) тарабынан болгондугун, кээде гана – КЖАТ кызматкерлери тарабынан (4%) орун алгандыгын белгилешти.

[63] Ошол жерде, 11-бер.

[64] №20 Жалпы тартиптеги эскертүү №20 - 7-берене (кыйноолорго же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазаларга тыюу салуу) 11-пар. URL: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=INT%2FCCPR%2FGEC%2F6621&Lang=ru .
БУУнун Кыйноолор суроолору боюнча Атайын баяндамачысынын отчетунда (БУУнун Баяндамасы.А/56/156, июль 2001-жыл, 39-пар. (f)) «кыйноолор бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу учурунда жазышуу жана сүйлөшүү укугусуз колдонулат. Мындай бөгөт коюу чарасы мыйзамсыз деп таанылышы керек, ал эми жазышуу жана сүйлөшүү укугу жок адамдар бул режимден эч кечиктирилгис түрдө бошотулушу керек»-деп белгиленет.

[65] Ошол жерде.

[66] Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзам. 12-август, 2003-жыл. №197.

Мындай жагдайларда, бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч боюнча улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келүүсү жана укук колдонуу тажрыйбасына жарым-жартылай шайкеш келүүсү байкалууда.

Корутундулар

1. Кыйноолордун алдын алуу чөйрөсүндөгү мыйзам тарабынан караштырылган көзөмөлдөөнүн жана прокурордук көзөмөлдүн жоктугу, текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн ырааттуулугунун аныкталган эместиги жана аларды жүргүзүүнүн тартибинин жоктугу алардын формалдуу түрдө эле болуусуна алып келет.

Сунуштамалар:

1. КР Министрлер Кабинетине «2022-2024-жылдарга карата адам укуктары боюнча аракеттер планынын» 105-пунктуна ылайык, БУУнун Кыйноолорго каршы жыйынтыктоочу сунуштамаларын[67] ишке ашыруу боюнча Улуттук Аракеттер Планын ишке ашырууну тездетүү сунушалат.

2. Кармоо шарттарын жана соттолгондорго мамиле кылууну текшерүүнү, анын ичинде кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө билдирүүлөрдү текшерүүнү үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүүнүн так тартибин аныктоосу керек.

4.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди колдонуунун ар бир учуру документтештирилет жана натыйжалуу иликтөө жүргүзүлөт

Сыпаттамасы

Адам пенитенциардык мекемелерге келип түшкөндөн кийин, ошондой эле анын өзүнөн, адвокатынан, туугандарынан ага карата дене бойлук зомбулукту, кыйноолорду же ырайымсыз мамилелердин колдонулгандыгы жөнүндө ар бир даттануу келип түшкөн учурда, ал «Стамбул протоколунун» принциптеринин негизинде милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтөт.[68] Нельсон Манделанын 34-Эрежесине ылайык, эгерде соттолгон адамды текшерүүнүн жүрүшүндө келип түшкөн учурда же медициналык жардам көрсөтүүдө кыйноолордун же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-барктыбасмырлаган мамилелердин же жазалоолордун түрүнүн бирөөсүнүн белгилери жөнүндө медициналык адиске белгилүү болсо, алар мындай окуяларды документтештирүүлөрү зарыл жана бул жөнүндө компетенттүү медициналык, административдик же сот органдарына билдирүүлөрү зарыл. Ал эми, 57-эреже кыйноолор же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-барктыбасмырлоочу мамилелер же жазалоолор жөнүндө ырастоолор ыкчам түрдө каралышы керек жана көз карандысыз мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлгөн тез, калыс иликтөөнүн предметине айлануусу зарыл экендигин белгилейт. Муну менен катар эле, кийинкидей аспектилер сакталуусу/эске алынуусу маанилүү: 1) медицина кызматкерлери кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер тажрыйбасына активдүү же пассивдүү түрдө катышпоолору зарыл;[69]

2) соттолгон адамды же залал келтирүүгө кабылып калышы мүмкүн болгон аны менен байланыштуу адамдарды тобокелчиликке салбаш үчүн, бардык тиешелүү процессуалдык

[67] КР Министрлер Кабинетинин алдындагы адам укуктары боюнча Координациялык кеңешинин жыйынынын Протоколу менен бекитилген. 4-июль, 2024-жыл.

[68] Стамбул протоколу: Кыйноолорду жана башка ырайымсыз же кадыр-барктыбасмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүн натыйжалуу иликтөө боюнча окуу куралы (чыгарылыш 2022-ж.) URL: https://www.ohchr.org/en/publications/policy-and-methodological-publications/istanbul-protocol-manual-effective-0.

[69] Ошол жерде. 152-пункт.

кепилдиктерди сактоо керек; 3)пенитенциардык мекемелердин медицина кызматкерлери кесипкөйлүк менен иштелип чыккан окуу программаларынын жана атайын окуу курстарынын алкагында кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди натыйжалуу документтештирүүнүн ыкмалары боюнча окутуудан өтүүлөрү зарыл.[70]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Улуттук мыйзамдар Стамбул протоколунун принциптерине негизделген ченемдерди камтыйт. КР КПК 44-беренесине ылайык, шектүүнү ар бир жолу алып келген сайын, же кыйноолор боюнча даттануулар келип түшкөн учурда милдеттүү түрдө медициналык күбөлөндүрүлүүгө өткөрүлөт. Ушул сыяктуу окшош жоболор КР КПК 46-беренесинде камтылган. Айыпталуучунун же күбөнүн коопсуздугун камсыз кылуунун зарылчылыгы жөнүндө арыздар бар болгон учурда прокурор сотко чейинки өндүрүштү жүргүзөт (КР КПК 76-беренеси). Кармалган адамдар үчүн кыйноолор боюнча даттануулар мүмкүн болгон учурда, аны 12 сааттын ичинде прокурорго же сотко берүүгө милдеттүү (КР КПК 128-бер.). Кыйноолор жөнүндө арыздар бар болгон учурда соттук-медициналык экспертиза 12 сааттын ичинде дайындалышы керек (КР КПк 179-бер.).

Эскерте кетчү нерсе, прокуратура кыйноолордун алдын алуу боюнча мыйзамдардын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырат (КР КЖАК 42-берене). Кыйноолор үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги КР КЖК 137-беренеде караштырылган, ал эми иликтөө улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт (КР КПК 159-беренеси).

КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан Зомбулуктун, кыйноолордун жана ырайымсыз мамилелердин издерин документтештирүү боюнча Практикалык окуу куралы, ошондой эле Медициналык текшерүүнүн тиешелүү формасы жана аны Толтуруу боюнча Нускама бекитилген.[71]

Акыркы пункт боюнча кийинкилерди белгилеп кетүү зарыл, МЖАК жана КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин ортосундагы өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү боюнча Биргелешкен Пландын чараларынын бири, КР ССМ тарабынан 2020-жылдын 10-декабрында №603/1045[72] буйругу менен бекитилген Жазаларды аткаруу кызматынын медициналык кызматкерлерин Кыргыз медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун базасында акысыз негизде Стамбул протоколунун принциптерин ишке ашыруу боюнча окутуу болуп эсептелет.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №655-б[73] буюртмасы менен «2022-2024-жылдарга карата адам укуктары боюнча аракеттер планы» бекитилген, анын 17-бөлүмүндө кыйноолор менен күрөшүү боюнча милдеттер караштырылган.

Демек, бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч боюнча улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет.

Муну менен катар эле сурамжылоонун жүрүшүндө алынган мониторингдин көрсөткүчтөрү, өздөрүнө карата мамиленин мыйзамдын чегинен ашкан усулдары колдонулганын

[70] Ошол жерде, 662-пункт.

[71] КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругу, 7-декабрь, 2015-жыл. №680.

[72]МЖАК жана КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин ортосундагы өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү боюнча Биргелешкен План №603/1045. 10-декабрь, 2020-ж. URL: http://gsin.gov.kg/news/280

[73] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин буюртмасы. 28-ноябрь, 2022-жыл. № 655-б/ URL: https://cbd.minjust.gov.kg/219365/edition/1272237/ru

белгилешкен бардык респонденттердин ичинен, болгону 3% гана өз укуктарын коргоо үчүн кайрылышканын белгилешти, ошол эле учурда 14% кайрылуу зарыл деп эсептешпейт. Сурамжылоонун зомбулукка же кыйноолорго кабылышкан катышуучуларынын ичинен болгону окуялардын 5% гана алынган жаракаттарын дарыгерден күбөлөндүрүүдөн өткөрүшкөндүгүн айтышты. Медициналык күбөлөндүрүүнүн ушундай кичинекей үлүшү менен, укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга толук кандуу шайкеш келбестигин ырастоого болот.

Корутундулар

1. Улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди колдонулушу боюнча ар бир окуяны документтештирүү, натыйжалуу иликтөө жүргүзүү бөлүгүндө эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет. Бирок зомбулукка кабылган адамдарды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнүн үлүшү болгону 5% түзөт, бул өлкөдө кыйноолор күрөшүүнүн натыйжалуулугуна таасирин тийгизет. Тилекке каршы, Кыргызстанда кыйноолорду иликтөө фактылары натыйжалуу эмес жүргүзүлүүдө. Башкы прокуратуранын статистикалык көрсөткүчтөрүнө ылайык, ар жыл сайын кыйноолор жөнүндө келип түшкөн арыздардын дээрлик 90% кылмыш иштерин козгоодон баш тартышат. Ошону менен бирге, ар жыл сайын кыйноолор боюнча арыздардын саны кыйноолор колдонулбагандыгынан эмес, а анткени жабырлануучулар күнөөлүү адамдардын жазадан кутулбастыгына ишенбегендиктен азаюуда.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы жана Саламаттыкты сактоо министрлиги:

- ЖАК медициналык кызматкерлерине кыйноолордун жана ырайымсыз мамилелердин издерин Стамбул протоколунун принциптерине ылайык документтештирүү боюнча тутумдуу (системдүү) окутуу жүргүзүү сунушталат.
- «2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча аракеттер Планынын» 111-пунктуна ылайык, тиешелүү мамлекеттик органдардын кыйноолор жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу жөнүндө ырастоолорду натыйжалуу иликтөө боюнча ишти күчөтүү маанилүү.

5-индикатор. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы мекемелерде кармоонун гумандуу шарттарын камсыз кылуунун кепилдиктери мыйзам тарабынан белгиленген жана иш жүзүндө камсыз кылынууда

5.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Пенитенциардык мекемелердеги жашоо шарттары соттолгон адамдардын негизги дене бойлук талаптарын канааттандырат

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза жазалоонун маңызы кылмыш жасагандыгы боюнча эркиндигинен ажыратылган адамдарды жазалоо болуп эсептелет. Пенитенциардык мекемелердеги жашооонун канааттандырылбаган шарты алар үчүн кошумча жаза болбошу керек. Мамлекет соттолгон адамдардын адамдык кадыр-баркын урматтоо жана негизги дене бойлук муктаждыктарын канааттандыруу бөлүгүндөгү эл аралык-укуктук милдеттенмелерин аткарууга жана негизги дене бойлук муктаждыктарын канааттандырууга милдеттүү, анын ичинде кийинки каражаттар аркылуу: 1) турак-жай үчүн адекваттуу жай берүү;[74] 2) санитария жана гигиена шарттарын сактоо; 3) кийим-кечектерди

[74] Нельсон Манделанын эрежелери, 12-17-эрежелер.

жана төшөк-буюм керектөөлөрүн берүү;[75] 4) сапаттуу тамак-ашты жеткиликтүү өлчөмдө берүү;[76] 5) суу менен камсыз кылуу;[77] 6) дене бойлук зарыл көнүгүүлөр үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү.[78]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Укуктук талдоо жүргүзүү, улуттук мыйзамдар соттолгон адамдар үчүн ыңгайлуулукту жана коопсуздукту эске алуу менен *адекваттуу турак-жай берүү* боюнча жогоруда аталып өткөн эл аралык стандарттарды чагылдырып турарын көрсөттү. КР КЖАК 87-беренеси абактын режиминен көз карандылуу түрдө соттолгон адамдар үчүн үчүн ар түрдүү шарттарды караштырат. Соттолгондор түзөтүү колонияларында кадимки, катуу жана жеңилдетилген шарттарда болушу мүмкүн. Жатак абактарда жана абактарда шарттар бирдей. Мекеменин тибинен көз карандылуу түрдө бир соттолгон адамга жашоо аянты 2-3,5 кв.м. аз болушу мүмкүн эмес.

Түзөтүү мекемелеринин администрациясы санитардык-гигиеналык талаптардын аткарылуусуна жооп берет (КР КЖАК 101-беренеси). Соттолгон адамдар жеке жана жалпы гигенаны сактоолору керек. Материалдык-тиричиликтик камсыздоонун минималдуу ченемдери КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 22-декабрь, 2015 №864.[79] КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин 99-беренесинин 3-4-бөлүктөрүнө ылайык, соттолгон адамдарга өзүнчө жата турган орун жана төшөнчү берилет. Жатак-абактарда кармалгандарды кошпогондо, соттолгондор жынысын жана климаттык шарттарды эске алуу менен, мамлекеттин эсебинен мезгилге жараша кийим-кече, ич кийим жана бут кийим менен сезон боюнча камсыз кылынат. Муну менен катар эле, соттолгондорду тамак-аш, материалдык турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуунун жана буюмдар менен камсыздоонун ченемдери Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

Соттолгон адамдар тамак-аш менен мамлекеттин эсебинен камсыз кылынат. Кош бойлуу аялдарга, бала эмизген энелерге, балдарга, оорулууларга жана майыптыгы бар адамдарга тамак-аштын жогорулатылган ченеми белгиленет (КР КЖАТ 99-бер.).

КЖАТ мекемелерин эмерек, инвентар, жабдуулар жана предметтер менен камсыз кылуунун минималдуу ченемдери түзөтүү мекемелеринде бир секцияга кружкасы менен ичкен суу үчүн 1ден бачок – карантиндик бөлмөдө – бир бөлмөгө бир бачок ичүүчү суу, тергөө изоляторлорунда – кран жана раковинанын болушу, ал эми булар жок болгон учурда - кружкасы менен ичкен суу үчүн 1ден бачок болуусун караштырат.

КР КЖАК 93-беренесинде соттолгон адамдардын сейилдөө укугу караштырылган. Бирок, дене бойлук көнүгүүлөрдү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн мыйзамдарда шарттары кенен жазылган эмес.

[75] Ошол жерде, 19–21-эрежелер.

[76] Ошол жерде, 1-пункттун 22-эрежеси.

[77] Ошол жерде, 2-пункттун 22-эрежеси.

[78] Ошол жерде, 23-эреже.

[79] КР Өкмөтүнүн токтому. 2015-жылдын 22-декабры, №864 (ред. 10-февраль, 2021-жыл, №37) Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу тутумунун мекемелериндеги соттолгон жана камакка алынган адамдарды материалдык-тиричилик жактан камсыз кылуунун минималдуу ченемдерин бекитүү жөнүндө. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-18684/edition/1044151/ru

Мониторингдин жүрүшүндө КЖАТ Мекемелерде кармалган соттолгон адамдардын арасынан сурамжылоого катышкан ар бир бешинчи адам (18%) төшөнчү буюмдарынын жетишсиздиги жөнүндө билдирди. Шейшептерди алмаштыруу сейрек жүргүзүлөт, алсак, 35% аны таптакыр алмаштырышпайт, 22% - айына бир жолу, 18% - жумасына бир жолу, 19% - башкача режимде алмаштырышат. 28% буюмдарын жана кийимдерин жууганга мүмкүнчүлүк жок.

Катышуучулардын 96% суу процедураларын алуу мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин белгилешти, бирок чектөө менен:

Жумасына бир жолу 15-30 мүнөткө жеткиликтүү болот, бирок бир эле маалда 6дан ашык адам колдонууга болбойт. 87% жумасына бир жолу душ же ванна кабыл алышат.

Катышуучулардын 95% даараткана жеткиликтүүлүгү бар, бирок алардын болгону жарымы гана (52%) аны жалгыздык жана тазалык шарттарында колдонушат. 55% даараткана буюмдары жана самын сыяктуу гигиеналык каражаттардын жеткиликтүүлүгүнө ээ, алар айына бир жолу берилет же туугандары алып келет.

95% ичүүчү суу жана үч жолку тамак-аш менен камсыз болушкан, бирок 25% жетишсиз деп эсептешет, 42% –желбей турган деп эсептешет.

Корутундулар

1. Айрым гигиена каражаттарынын, суунун жана сапаттуу тамак-аштын жетишсиздиги жана толук канааттанбоо фактылары байкалууда. Бир катар мекемелерде эркиндигинен ажыратылган адамдар үчүн спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынган эмес, анткени мыйзам чегинде таза абада сейилдөөлөр гана караштырылган. Мындай жагдайда улуттук мыйзамдардын жарым-жартылай жана укук колдонуу тажрыйбасынын дагы жарым-жартылай шайкеш келүүсү жөнүндө корутундуга келүүгө болот.

Сунуштамалар

1. КР Минстрлер Кабинети:

- камактагы адамдарды таза төшөнчү буюмдары жана шейшептери, гигиеналык каражаттар, таза суу жана сапаттуу тамак-аш менен жетиштүү санда камсыз кылуунун үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү актуалдуу.
- камактагы адамдардын спорт жана дене бойлук көнүгүүлөр менен үзгүлтүксүз түрдө машыгуусун, ошондой эле алардын баары үчүн таза абада сейилдөөнүн узактыгы мүмкүнчүлүктөрүн жетиштүү өлчөмдө камсыз кыла турган эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдарды кармоо шарттарынын бирдиктүү стандарттарын иштеп чыгуусу жана бекитүүсү зарыл.

6-индикатор. Ар бир эркиндигинен ажыратылган адам натыйжалуу медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ

6.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы медициналык-санитардык тейлөө коомдо колдонулган стандарттарга шайкеш келет

Сыпаттамасы

Нельсон Манделанын 24-эрежесине жана медициналык кызматкерлердин, тактап айтканда, Соттолгон адамдарды жана кармалган адамдарды дарыгерлердин кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди колдонуудан коргоо ишине тиешелүү медициналык этикасы боюнча Принциптеринин 1-принцибине ылайык:

мамлекет эркиндигинен ажыратылган адамдарга укуктук макамы кандай гана болбосун, кандайдыр бир басмырлоосуз зарыл медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөрдүн акысыз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга, ооруларды дарылоо соттолуп камалбаган жана кармалбаган адамдарга кандай сапатта жана деңгээлде камсыз кылынып жатса, ошол деңгээлде камсыз кылууга милдеттүү.[80]

Муну менен катар эле, кийинки аспекттер сакталуусу зарыл 1)пенитенциардык мекемелердин саламаттыкты сакто чөйрөсүндөгү саясаты саламаттыкты сактоонун улуттук саясатынын ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелет жана ага туура келет;[81] 2) медициналык-санитардык тейлөө коомдо колдонулган стандарттарга шайкеш келүүсү керек;[82]

3) дарыгердин же башка медициналык адистин же болбосо соттолгон адамдардын ортосундагы мамилелер коомдо бейтаптарга карата кадимки колдонулган этикалык жана кесипкөйлүк стандарттар менен жөнгө салынуусу зарыл;[83]

4) клиникалык чечимдер жоопкерчиликтүү медициналык адистер менен гана кабыл алынышы мүмкүн жана медициналык эмес абак кызматкери тарабынан артка кайтарылуусу же кайдыгер мамиле жасалуусуна жол берүү мүмкүн эмес.[84]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасы Конституциясынын 43-беренеси баарынын, анын ичинде камактагы адамдардын, шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын ден соолугун сактоо жана медициналык камсыздандыруу укугун кепилдикке алат. КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамы[85] соттолгон адамдардын ден соолуктарын сактоо – КЖАТ милдеттеринин бири экендигин ырастайт. КР КЖАК 16-беренесине ылайык, соттолгон адамдар квалификацияланган медициналык жардамга жана ден соолугун сактоого укуктуу.

Соттолгон адамдар өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгон учурда жардам алуу үчүн мекемелердин кызматкерлерине кайрыла алышат (КР КЖАК 19-беренеси). Жарандардын ден соолуктарын сактоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык, медициналык жардам саламаттыкты сактоо мекемелеринде акысыз негизде көрсөтүлөт (КР КЖАК 101-беренеси).

[80] Нельсон Манделанын эрежелеринин 24-эрежеси, ошондой эле Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин катышуучу-мамлекеттеринин Министрлер Комитетинин сунуштамалары Rec (2006) 2, 40-пункт URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee Медициналык кызматкерлердин соттолуп камалгандарды жана кармалган адамдарды кыйноолордон жана башка ырайымсыз мамилелерден, адамкерчиликсиз жана кадыр-баркын басмырлаган жүрүм-турумду жана жазаны колдонуудан коргоо ишине тиешелүү дарыгерлердин медициналык этикасы боюнча Принциптер. 1-принцип. URL https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/medical_ethics_principles.shtml

[81] Европалык пенитенциардык эрежелер, 40-пункт.

[82] Нельсон Манделанын эрежелери, 24-эреже. Медициналык кызматкерлердин соттолуп камалгандарды жана кармалган адамдарды кыйноолордон жана башка ырайымсыз мамилелерден, адамкерчиликсиз жана кадыр-баркын басмырлаган жүрүм-турумду жана жазаны колдонуудан коргоо ишине тиешелүү дарыгерлердин медициналык этикасы боюнча Принциптер. 1-принцип.

[83] Нельсон Манделанын эрежелери, 32-эреже.

[84] Ошол жерде, 27-эреже.

[85] КР Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамы. 2-беренеси. 12-август, 2003-жыл №197.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1323/edition/14129/ru

«Эркиндигинен ажыратуу жайларында медициналык жардам алуунун эрежелери» Министрлер Кабинети[86] тарабынан бекитилген жана соттолгон адамдардын укуктук макамынан көз каранды болбойт. Медициналык жардамдын мамлекеттик кепилдиктери программасы[87] укуктук макамынан көз карандысыз түрдө бардык программаларды камтыйт. Ошол эле учурда медициналык-санитардык жардамдын адамдын жарандуулугунан көз карандылыгы суроосу жаралат. Мисалы, Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 1-тиркемесинде КР жарандарына медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн тартиби бекитилген, 2-тиркемеде - чет жердик жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, 3-тиркемесинде ЕАЭБ мүчө-мамлекеттердин эмгектенген жарандарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө жана алардын медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн көлөмү айырмаланат. Мына ушуга байланыштуу, мыйзамдардын жогоруда аты аталган эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келүүсү жөнүндө корутунду келип чыгат.

Медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө талдоо жүргүзүүдө дары-дармек каражаттарынын жана медициналык материалдардын жеткиликтүүлүгү жөнүндө суроо өзүнчө бөлүнүп чыгат. Бирок, бул аспектке зарыл көрсөткүчтөрсүз баа берүү мүмкүн эмес.

Корутундулар

1. Талдоо жүргүзүү эркиндигинен ажыратуу жайларында медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдөгү айырмачылыктарды аныктады.

Сунуштамалар

1. КР Министрлер Кабинетине 2023-жылдын 21-сентябрында №493[88] КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген «Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын» алкагында медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн көлөмүн унификациялоо аркылуу, жарандыгынын негизинде медицциналык жардам көрсөтүүдөгү басмырлоону жоюу механизмдерин иштеп чыгуу сунушталат.

6.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы жумушту уюштуруу, медициналык инфраструктура жана кадрдык потенциал ар бир эркиндигинен ажыратылган адамды натыйжалуу медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгү менен камсыз кылат

Сыпаттамасы

Ар бир абак мекемесинде медициналык-санитардык кызмат болушу керек, ага соттолгон адамдардын психикалык жана дене бойлук ден соолуктарын сактоо жана жакшыртуу, баалоо, колдоо көрсөтүү милдеттери жүктөлгөн.[89] Медициналык санитардык кызматтын курамына психология жана психиатрия чөйрөсүндөгү жеткиликтүү билимдерге жана тажрыйбага ээ, толугу менен клиникалык көз карандысыздыкка ээ, жеткиликтүү сандагы

[86] Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу-тутумунун мекемелеринде кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелерин бекитүү жөнүндө, 29-июль, 2024-жыл №429. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/51-622/edition/13673/ru

[87] Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы №493. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/160440/edition/1288314/ru

[88] Ошол жерде.

[89] Нельсон Манделдин эрежелери, 25-эреже.

квалификацияланган кызматкерлерден турган көп профилдүү бригада кирүүсү зарыл.[90] Медициналык санитардык тейлөөнү мамлекеттик саламаттыкты сактоо тутуму менен тыгыз байланышта уюштуруу керек жана бул аркылуу дарылоонун жана кам көрүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуусу зарыл. [91]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖАК 20-беренесине ылайык, соттолгон адамдарга медициналык жардам саламаттыкты сактоо мекемелеринде алардын менчигинин формасынан, мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүнөн көз карандысыз түрдө көрсөтүлөт. КЖАТ мекемелеринин администрациясы соттолгон адамдарды медициналык жактан тейлөө үчүн шарттарды түзүүгө милдеттүү (КР КЖАК 101-берене). Муну үчүн дарылоо мекемелери, ооруканалар жана медициналык бөлүмдөр уюштурулат. Медициналык жардам мекемелердин медициналык бөлүнүштөрү тарабынан көрсөтүлөт. [92] Же мамлекеттик жана муниципалдык саламаттыкты сактоо уюмдары тарабынан. [93] Эгерде жардам медициналык бөлүмдөрдө көрсөтүлбөсө, соттолгон адамдар башка саламаттыкты сактоо уюмдарында дарылана алышат. [94]

Медициналык жардамды уюштуруу алдын алуучулук жана дарылоо-диагностикалык иш-чараларды камтыйт. [95] Медициналык бөлүмдөр текшерүү, диспансердик байкоо, дарылоо, дарыларды берүү жана сактоо, ошондой эле убактылуу эмгекке жарамсыздыкка экспертиза жүргүзүүнү ишке ашырат.[96] Медициналык бөлүмдүн стационары кыска убакытка дарылоо жана инфекциондук оорулардан изоляциялоо үчүн арналган.[97] Медициналык бөлүмдөрдө амбулатордук, стационардык дарылоо, изолятор, даарыкана жана стерилдешкен жабдуулар бар болушу мүмкүн. [98]

Функционалдык бөлүнүштөрдүн болуусу жана керебет-орундардын саны КЖАТ медициналык камсыздандыруу кызматы тарабынан аныкталат.

Эмерек жана инвентарлар менен камсыз кылунун минималдуу ченеми медициналык-санитардык бөлүм жана карантиндик жайлар үчүн орнотулган. [99]

Дарылоонун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн мамлекеттик саламаттыкты сактоо тутуму менен өз ара тыгыз аракеттенишүүнү сактоо бөлүгүндө, белгилей кетчү нерсе МЖАК жана КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин 10-декабрь, 2020-жыл, №602/1045 биргелешкен буйругунун негизинде МЖАК жана КР ССМ ортосундагы өз ара кызматташтыкты күчөтүү боюнча Биргелешкен план бекитилген.

[90] Ошол жерде. 25-эреже, ошондой эле Европа пенитенциардык эрежелери. Европа Кеңешинин катышуучу-мамлекеттеринин Министрлер Комитетинин сунуштамалары Rec (2006) 2, 41-пункт URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[91] Ошол жерде.

[92] КР КЖАК 101-бер., 2-бөлүк.

[93] Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза аткаруу-тутумунун мекемелеринде соттолуп кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелеринин 2 пункту, КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген. 29-июль, 2024-жыл. №429. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/51-622/edition/13673/ru

[94] Ошол жерде, 3-пункт.

[95] Ошол жерде, 5-пункт.

[96] Ошол жерде, 8-пункт.Ошол жерде, 10-пункт.

[97] Ошол жерде, 10-пункт.

[98] Ошол жерде, 9-пункт.

[99] КР Өкмөтүнүн токтому. 22-декабрь, 2015-жыл. №864 (ред.10-февраль, 2021-жыл. №37). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-18684/edition/1044151/ru

Жазаларды аткаруу кызматы Мекемелеринде соттолгон адамдардын ичинен Сурамжылоого катышкан респонденттин 92% мониторинг учурунда дарыгердин текшерүүсүнөн өтүштү. Ошол эле учурда даттанууларды аныктоо үчүн дарыгерлердин кароону жүргүзүүсүнүн жана медициналык текшерүүлөрдү өткөрүүсүнүн үзгүлтүксүз түрдө болуусу бир топ төмөн (76%). Респонденттердин төрттөн бир бөлүгү мындай үзгүлтүксүз түрдөгү текшерүү таптакыр жүргүзүлбөйт деп билдиришти.

Респонденттердин 37% ар түрдүү оорулары бар экенин белгилешти жана сурамжылоонун ар бир үчүнчү катышуучусу (28%) медициналык жардамга муктаж экендиктерин айтышты.

Респонденттердин жарымы (45%), аларга көрсөтүлгөн медициналык-санитардык жардамдар канааттандырарлык деп эсептешет. Дээрлик бирдей эле сандагы катышуучулар (21%) бул жардамды жакшы катары дагы жана жаман катары дагы (19%) баалашты. Респонденттердин жарымынан көбү (52%) КЖА мекемелеринде психологиялык жардамдын же колдоонун бар экендигин айтып өтүштү, ар бир үчүнчүсү (33%) ал жок деп белгиледи.

Респонденттердин 23% мекемелердин жайларына жана айланасына санитардык тазалоо-зыянсыздандыруу жүргүзүлбөй тургандыгын билдиришти. Мындан сырткары, катышуучулардын 18% камераларда жана мекемелердин айланасында тазалык сакталбайт деп белгилешти.

Корутундулар

1. Медицина кызматкерлери тарабынан даттанууларга карата медициналык текшерүүлөр жана карап чыгуулар тутумдуу эмес (системалуу) жана үзгүлтүксүз эмес мүнөзгө ээ. Изилдөөнүн көрсөткүчтөрү боюнча КЖАТ эркиндигинен ажыратылган адамдарга психологиялык жардам дээрлик жокко эсе. Алынган көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгында, Кыргызстандын мыйзамдары эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет, ал эми укук колдонуу тажрыйбасы – болгону жарым-жартылай гана деген корутундуга келүүгө болот.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы:

- соттолгон адамдардын арасында өз убагында аныктоо жана дарылоо максатында, медициналык текшерүүлөрдүн сапатынын үстүнөн жана дарыгердик кароону (кыдыруунун) мыйзамда белгиленген тез-тез өткөрүү аралыгынын так сакталышына көзөмөлдү күчөтүү зарыл;
- психологиялык абалын жакшыртуу, камоо шарттарына адаптацияланууу, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү жана суициддин алдын алуу максатында соттолгон адамдар үчүн тутумдуу түрдөгү (системалуу) психологиялык колдоо көрсөтүү боюнча жумушту күчөтүү керек.

7-индикатор. Күчтөр, атайын каражаттар жана куралдар акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөө кепилдиктери камсыз кылынган

7.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күчтү, атайын каражаттарды жана куралды акыркы чара катары колдонушат

Сыпаттамасы

Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери тарабынан эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күч, атайын каражаттар жана курал айрым гана учурларда колдону алат, эгерде кызматкердин өзүн өзү коргоо максатында зарылдык бар болсо, же эркиндигинен ажыратылган адам качууга аракет кылса же ал мыйзамдуу талаптарга дене бойлук каршылык көрсөтсө, өзүнө өзү же башка адамдарга түздөн түз дене бойлук зыян келтирүү коркунучу же эмерекке зыян келтирүүгө негиз бар болсо.

Мыйзам жана ички тартиптик эрежелер күч колдонуунун кылдат процедураларын бекитүүсү зарыл. Мисалы, Европа пенитенциардык эрежелеринин[100] 65-пунктуна ылайык, күч колдонуунун кылдат тартиби иштелип чыгуусу керек.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Укуктук талдоо жүргүзүү түзөтүү мекемелериндеги режимди сактоону КЖАТ кызматкерлери камсыз кылышарын көрсөттү[101], КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамы[102] боюнча алар кара күчтү, атайын каражаттарды жана курал колдоно алышат. Мыйзам бул каражаттарды колдонуунун тартибин[103], анын ичинде милдеттүү кабарлоону[104] жана алардын колдонуунун ар бир учурун иликтөөнү жөнгө салат. [105]

КР КЖАК 86-беренесине ылайык, каршылык көрсөткөн учурда жана түзөтүү мекемелеринде массалык тартипсиздикте кара күч, атайын каражаттарды жана курал колдонулушу мүмкүн. Салыштырма талдоо жүргүзүү, атайын каражаттарды колдонуу окуялары Мыйзамда[106] караштырылган окуялардан айырмаланарын көрсөттү.

Атайын каражаттарды колдонуу эрежелери[107] фиксация жана көрсөткүчтөрдү талдоо сыяктуу атайын каражаттарды колдонуунун кошумча окуяларын камтыйт. Анда ошондой эле өзүнчө учурларда атайын каражаттар башка усулдар натыйжа бербесе гана колдонулат деп белгиленген.[108]

КЖАТ Мекемелериндеги соттолгон адамдардын арасынан сурамжылоого катышкандардын жалпы санынын ичинен изилдөөнүн катышуучуларынын көпчүлүгү (87%), КЖАТ кызматкерлери тарабынан аларга карата атайын каражаттар жана курал колдонулбагандыгын айтышты. Атайын каражаттар жана курал колдонулгандыгын респонденттердин 5% белгилешти, ал эми респонденттердин 4% бул суроого жооп берүүдөн баш тартышты.

[100] Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешине мүчө мамлекеттердин Министрлер Коимтети Rec (2006) 2 резолюциясы менен кабыл алынган, 65-пункт.

[101] КР КЖАК 81-беренеси.

[102] Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө.15-берене.12-август, 2003-жыл. №197. URL:https://cbd.minjust.gov.kg/1323/edition/14129/ru перевод

[103] КР «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Мыйзамы, 25-июль, 2019-жыл, №102.

[104] Ошол жерде. 55-берене.

[105] Ошол жерде. 56-берене.

[106] Ошол жерде. 43-берене. 1-бөлүк.

[107] Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жазаларды аткаруу жана ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары тарабынан атайын каражаттарды колдонуу эрежелери ((Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы № 523 токтомунун редакциясына ылайык) (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-апрелиндеги № 223 токтомуна ылайык) URL: https://cbd.minjust.gov.kg/157657/edition/1285686/ru

[108] Ошол жерде, 3-пункт.

КЖАТ Мекемелеринин кызматкерлери тарабынан аларга карата атайын каражаттар жана курал колдонулгандыгын билдирген респонденттердин үлүшү 5% (12 адам) түздү, 4% (9 адам) бул суроого жооп берүү кыйын деп айтышты. Бул эки категориянын арасынан 9 адам КЖАТ Мекемелеринин кызматкерлеринин атайын каражаттарды жана курал колдонуу боюнча аракеттери негизсиз деп белгилешти, анан 10 адам болсо жооп бере алышкан жок.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын ички иштер жана жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда кызмат өтөп жаткан укук коргоо органдарынын жана аскер кызматкерлеринин атайын каражаттарды колдонуусунун эрежелери[109], атайын каражаттарды колдонуу боюнча Мыйзамда көрсөтүлгөнгө караганда көбүрөөк негиздерди камтыйт. [110]

Сунуштамалар

1. КР МИнистрлер кабинетине:

● «Кыргыз Республикасынын укук коргоо орагндарында кызмат өтөө жөнүндө» Мыйзамында[111] жана «Атайын каражаттарды колдонуу эрежелеринде»[112] атайын каражаттарды колдонуу үчүн мүмкүн болуучу негиздериндеги айырмачылыктарды эске алып, бул эрежелерди Мыйзамга шайкеш келтирүү жана мүмкүн болгон кыянаттык менен колдонуулардан алыс болуу үчүн атайын каражаттарды колдонуунун кошумча негиздерин жоюу сунушталат;

● КЖАТ мекемелеринин кызматкелеринин атайын каражаттарды жана куралдарды колдонуусуна мониторинг жана көзөмөл жүргүзүүнү күчтөндүрүү маанилүү.

3.Тартиптик жаза-чаралар чарасы

8-индикатор. Тартиптик таасир этүү акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдалануудан коргоо кепилдиктери камсыз кылынган

[109] Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жазаларды аткаруу жана ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары тарабынан атайын каражаттарды колдонуу эрежелери ((Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы № 523 токтомунун редакциясына ылайык) (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-апрелиндеги № 223 токтомуна ылайык) URL: https://cbd.minjust.gov.kg/157657/edition/1285686/ru

[110] «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” Мыйзамы, 25-июль, 2019-жыл. № 102 (КР 18-январь, 2022-жыл. № 4, 16-февраль, 2023-жыл. № 31 Мыйзамынын редакциясында.). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111956/edition/1233492/ru

[111] «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” Мыйзамы, 25-июль, 2019-жыл. № 102 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111956/edition/1233492/ru текст не полностью ?

[112] Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жазаларды аткаруу жана ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары тарабынан атайын каражаттарды колдонуу эрежелери ((Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы № 523 токтомунун редакциясына ылайык) (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-апрелиндеги № 223 токтомуна ылайык) URL: https://cbd.minjust.gov.kg/157657/edition/1285686/ru

8.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Мыйзам жана ички тартиптик эрежелери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик таасир этүү чараларынын колдонуунун так аспектилерин колдонушат

Сыпаттамасы

Мыйзам жана ички тартиптик эрежелери тартиптик укук бузууну түзгөн аракеттерди жана аракетсиздиктерди аныктоону, аны кароо процедурасын, тартиптик чаранын түрлөрүн жана узактыгын, жазаны дайындоо жөнүндө чечим кабыл алуучу ыйгарым укуктарга ээ кызмат адамын жана даттануу берүү процедурасы[113] аныктайт. Эч кандай жагдайларда кыйноого же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басынткан мамилелердин же жазалоолордун түрлөрүнө бирдей өлчөмдөгү тартиптик жазалоо же чектөөлөр дайындалбашы керек. Тактап айтканда, кийинкидей тажрыйбанын түрлөрү колдонулбашы керек: a) аныкталбаган мөөнөткө жалгыз камакка алуу[114]; b) узак мөөнөткө жалгыз камакка алуу[115]; c) соттолгон адамды жарыгы жок же жарык дайыма күйүп турган камерага жайгаштырууга; d) соттолгон адамды дене бойлук жазалоого же тамактануусундагы рационун азайтууга же ичүүчү сууну азайтууга; e) коллективдүү жазалоого.[116] Тартиптик жаза-чарасы же чектөөчү чаралар үй-бүлөсү менен байланышууга, ошондой эле тамак-ашка жана сууга чектөө киргизүүнү камтыбашы керек.[117] Үй-бүлөсү менен жолугушууларга чектөөлөр болгону аныкталбаган мөөнөткө гана бекитилиши мүмкүн жана бул коопсуздукту сактоо жан тартип үчүн талап кылынса.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси жаза өтөөнүн белгиленген тартибин бузуучу[118] жана Жаза өтөөнүн белгиленген тартибин кыянаттык менен бузууларды[119] караштырат. КР КЖАК 118-беренеси соттолгон адамдын жаза өтөөнүн тартибин бузгандыгы үчүн ага карата колдонула турган бир катар жаза чараларын караштырат. Сөгүш берүүдөн жана айып пул салуудан сырткары, жаза чараларынын таасиринин аныкталган мөөнөтү көрсөтүлгөн. Кыянаттык менен бузуучулар ошондой эле которулушу мүмкүн: [120]

1) жатак абагынан сот тарабынан аныкталган ошол эле режимдеги түзөтүү абагына;

2) жалпы жана катуу тартиптеги түзөтүү абактарынан 1 жылдык мөөнөт менен абакка, а жазасынын мөөнөтү өтөлбөгөн бөлүгү бир жылдан аз болгондо – жазасын өтөөнүн калган бөлүгүнө.

КР КЖАК 120-беренесине ылайык, жаза чарасы мекеменин жетекчиси тарабынан коюлат жана соттолгон адамдын колун койдуруу менен маалымдалат. Соттолгон адам жазуу түрүндө түшүнүк берүүсү мүмкүн жана жаза эреже бузуу аныкталган күндөн баштап он суткадан кем эмес убакытта берилет.

[113] Нельсон Манделанын эрежелери, 37-эреже.
[114] Нельсон Манделанын № 43 (a)-эрежелери.
[115] Нельсон Манделанын 44-эрежелери 15 күндөн ашык эмес мөөнөттү көрсөтөт.
[116] Нельсон Манделанын 42-44-эрежелери.
[117] Нельсон Манделанын 43 (1) (d)-эрежелери.
[118] КР КЖАК, 119-бер. 1-бөлүгү.
[119] КР КЖАК, 119-бер. 3-бөлүгү..
[120] КР КЖАК, 118-бер. 3-бөлүгү.

Жаза-чаралары бузуунун жагдайларын, соттолгон адамдын өздүгүн жана жүрүм-турумун эске алат. [121] Жаза-чарасын дайындаганга чейин соттолгон адам жазуу түрүндөгү түшүнүк берет. Бир бузуу үчүн бир нече жаза чарасын колдонууга тыюу салынат. Эмчектеги балдары бар аялдар жана I жана II топтогу майыптыгы бар адамдар айыптык изоляторго которулушат.

Талдоо жүргүзүү, жаза-чараларын колдонуу шарттары бул суроо боюнча аныкталган бир чектөөлөрдү коёрун көрсөттү. Алсак, мисалга, айыптык изоляторго киргизилген соттолгон адамдарга жолугушууларга, телефондук сүйлөшүүлөргө, аманат жиберүүлөрдү, берип жиберүүлөрдү же бандеролдорду[122] алууга тыюу салынат, жаза-чарасы катары камералык типтеги жайга же жеке камерага которулган соттолгон адамдарга жолугушууга, телефондук сүйлөшүүгө тыюу салынат. [123]

Мына ошентип улуттук мыйзамдар бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч боюнча эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет.

Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму Мекемелеринде маектешүү түрүндө жүргүзүлгөн мониторинг буларды көрсөттү, соттолгон адамдардын анча чоң эмес бөлүгү тартиптик жаза-чарасынын ар түрдүү формаларына кабылышкан жана айыптык изолятор, камералык типтеги жай же жеке камералар сыяктуу атайын шарттарда кармалышкан. Алсак, соттолгон адамдардын 12% тартиптик жаза чараларын алышкан, ал эми 10% айыптык изолятор камералык типтеги жай же жеке камераларда отурушкан.

Изилдөөнүн алкагында айыптык изолятор камералык типтеги жай же жеке камераларда отурушкан сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү, алардын андан жерлерде отуруусу 10 күндөн ашпаганын (83%) айтышты, ошол эле учурда 17% болсо ал жактарда 15гө чейин болушкан. Чыгаруунун алдында респонденттердин 56% медициналык кызматкер караган, а 43% карашкан эмес. Көпчүлүгү (87%) тартиптик чаранын үстүнөн даттана алышкан эмес.

Айыптык изолятор камералык типтеги жай же жеке камераларда отурушкан респонденттердин 73% кармоо шарттарын чыдагыс деп баалашты, нымдуулук, муздак, эски төшөнчү буюмдары жана оңдоп-түзөөнүн жоктугун белгилешти. Бирок 17% мындай чараларды бузууларга шайкеш келет, адекваттуу деп эсептешти.

Жогоруда аталган көрсөткүчтөр укук колдонуу тажрыйбасы жарым-жартылай шайкеш келет деген корутундуга алып келет.

Корутундулар

1. Айыптык изолятор (АИ) камералык типтеги жай (КТЖ) же жеке камераларда отурушкан адамдар кармоо шарттарын чыдагыс деп баалашты, нымдуулук, муздак, эски жана кир төшөнчү буюмдары жана оңдоп-түзөөнүн жоктугун белгилешти. Мындан сырткары, айыптык изоляторго чыгарылган соттолгон адамдарга жолугушуу (анын ичинде адвокаты менен), телефондук сүйлөшүүлөр жана берип жиберүүлөрдү алууга тыюу салынат.

Сунуштамалар

1. КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы айыптык изолятор, камералык типтеги жай жана жеке камералар сыяктуу атайын режимдерде соттолгон адамдарды

[121] КР КЖАК, 120-берене.

[122] КР КЖАК, 121-берене, 2-пункт.

[123] КР КЖАК, 121-берене, 3-бөлүк.

кармоонун шарттарын жакшыртуусу зарыл. Адамдарды айыптоо изоляторлорунда, камералык типтеги жайларда, жеке камераларда кармоонун шарттарын жана улуттук стандарттарын кайра карап чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоосу керек.

8.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Тартиптик бузууга айыпталып жаткан эркиндигинен ажыратылган адамдар өзүн өз алдынча же юридикалык жардамды колдонуу менен коргоого даярдануу үчүн убакытка жана шарттарга ээ

Сыпаттамасы

Нельсон Манделдин Эрежелеринин 41-эрежеси, соттолгон адамдарга коюлган айыптардын мүнөзү жөнүндө маалыматтарды аларт түшүнгөн тилде ыкчам, кечиктирилгис түрдө берүүнү жана аларга өз коргоосун даярдоо үчүн аларга шарттарды түзүүнү жана жетиштүү убакыт берүүнү талап кылат. Соттолгон адамдарга эгерде муну сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылса, тактап айтканда, тартипти катуу бузган айыпкерлерге байланыштуу окуяларда өздөрүн жеке өзү коргоого же юридикалык жардамды колдонуу менен коргоого уруксат берилет. Эгерде соттолуучу дисциплинардык териштирүүнүн алкагында жүргүзүлүп жаткан отурумдун тилин түшүнбөсө, же ал тилде сүйлөбөсө, аларга квалификациялуу котормочунун жардамы акысыз түрдө берилет.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин 120-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жаза-чарасы берилгенге чейин соттолгон адам жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүүсү керек жана зарылчылык бар болсо администрация буга жардам берет. Түшүндүрмө берүүдөн баш тарткан учурда акты түзүлөт.

Бирок талдоо жүргүзүү жаза-чарасын колдонуунун тартиби өкүлүнүн же коргоочунун катышуусун караштырбай тургандыгын көрсөттү. Мыйзамдарда юридикалык жардамга карата укук көрсөтүлгөнү менен, жаза-чарасын берүү суроосунда адвокат жөнүндө эскертүүнүн жоктугу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнөн баш тартуу үчүн формалдуу негиз болуп калышы мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу, улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестиги жөнүндө корутундуга келүүгө болот.

Сурамжылоонун жүрүшүндө айыптык изолятордо (АИ) камералык типтеги жайларда (КТЖ) же жеке камераларда отурушкан адамдардын көпчүлүгүнүн (87%), андан өйдөкү органга же сотко тартиптик жаза-чарасын берүү жөнүндө чечимдин үстүнөн даттанууга мүмкүнчүлүктөрү болгон эместигин аныктады, бул ушул көзөмөлдөөчү көрсөткүч боюнча укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестиги жөнүндө корутундуга алып келет.

Корутунду

1. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик жаза-чарасын колдонуу, аларга юридикалык жардамга ээ болуу укугун берүүсүз жүргүзүлүүдө.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлиги соттолгон адамдарга карата тартиптик жаза-чарасы берилген учурда алардын юридикалык жардамга ээ болуу укуктарын караштыруусу керек.

8.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Тартиптик жаза-чаралары алардын тарбиялоочу таасири көз карашынан тандалып алынат, алар жасалган бузуунун оордугуна шайкеш келет

Сыпаттаамасы

Абактын администрациясы жаза-чарасы дайындалып жаткан бузуунун жана тартиптик жаза-чарасынын шайкештигин камсыз кылуусу керек жана бардык берилген тартиптик чаралардын эсебин жүргүзүшү зарыл.[124] Тартиптик жаза-чаралары акыркы чара катары колдонулуусу керек, ал эми мамилелерди жөнгө салуу үчүн артыкчылык – тарбиялык мүнөздөгү сүйлөшүүнүн жана карама-каршылыкты чечүүнүн каражаты катары сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү болуп эсептелет. *«Абактын администрациясына мүмкүн болушунча карама-каршылыктын алдын алуунун механизмдерин, ортомчулукту же болбосо карама-каршылыкты чечүүнүн башка бардык усулдарын тартиптик бузуулардын алдын алуу же карама-каршылыктарды жөнгө салуу үчүн колдонсо болот».*[125] Бөлүп коюу тартиптик жаза-чарасынын чараларынын бир түрү катары башка санкциялар натыйжа бербеген өзгөчө учурларда колдонулушу керек.[126] Медициналык кызматкер мекеменин жетекчилигине тартиптик жаза-чарасынын же башка чектөөчү чаралардын эркиндигинен ажыратылган адамдардын ден соолуктарынын начарлашына алып келе турган же психикалык, же болбосо дене боюндагы ооруларынын күчөшүнө алып келе турган бардык жагымсыз кесепеттери жөнүндө билдириши керек.[127]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасында отряддардын башчылары тарабынан (улук тарбиячылар)[128] сыйлоо жана жаза-чараларын жеке эсепке алуу жүргүзүлөт, отряддар үчүн (бөлүмдөр) - түзөтүү мекемелеринин тарбиялык иштер боюнча башчысынын орун басары жүргүзөт. Бирок кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдары бөлүп салууну тартиптик жаза-чарасын өзгөчө учурларда гана – башка санкциялар натыйжасыз болгон учурда гана колдонуу сыяктуу жаза-чарасын колдонуунун шарттарын камтыбайт.

Медициналык кызматкердин тартиптик жаза-чарасынын жагымсыз кесепеттери жөнүндө билдирүүсү милдеттүү түрдө экендиги жаатында белгилей кетчү нерсе, мыйзам[129] айыптык изоляторго (АИ) камералык типтеги жайларга (КТЖ) же жеке камераларга киргизүүнүн алдында медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнү караштырат. Ошол эле учурда айыптык изоляторго киргизүү, соттолгон адамды камералык типтеги жайга же жеке камерага которуу түрүндөгү жаза-чарасын аткаруу медициналык көрсөткүчтөр боюнча түзөтүү мекемесинин башчысынын чечими менен токтотулат. Жаза-чарасын аткаруу түзөтүү мекемесинин башчысынын чечими менен жаңыртылат, ал ошондой эле жаза-чарасынын калган бөлүгүн кыскартууга же болбосо аны аткарууну токтотуу жөнүндө чечим кабыл алууга милдеттүү.[130]

КЖАТ Мекемелеринде кармалган адамдарга анкетирлөө жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү: айыптык изоляторго (АИ) камералык типтеги жайларга (КТЖ) же жеке камераларда отуруп

[124] Нельсон Манделанын эрежелери, 39-эреже.

[125] Нельсон Манделанын эрежелери, 38-эреже

[126] Нельсон Манделанын эрежелери, 44-45-эрежелер.

[127] Нельсон Манделанын эрежелери, 33,46-эрежелер.

[128] «Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери», 194-пункт, Өкмөттүн № 541 токтому менен 2024-жылдын 3-сентябрында бекитилген. Пункт 78. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-31662/edition/15759/ru

[129] КР КЖАК, 120-бер. 7-бөлүгү.

[130] КР КЖАК 120-берене, 18-бөлүк.

чыккандардын 17% гана тартиптик жаза-чарасынын мындай чараларын колдонууну адекваттуу жана алар тарабынан жасалган бузууларга карата туура эле деп эсептешти.

Корутундулар

1. Тартиптик жаза-чарасынын бир түрү катары бөлүп салуу, башка санкциялар натыйжасыз болуп калган учурда колдонула турган өзгөчө чара катары каралбайт. Изилдөө улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келерин, ал эми укук колдонуу тажрыйбасынын аталган стандарттарга шайкеш эмес экендигин көрсөттү.

Сунуштама:

1. КР Юстиция министрлигине тартиптик жаза-чарасынын бир түрү катары бөлүп салууну, башка санкциялар натыйжасыз болгон учурда колдонулуучу өзгөчө учур катары караштырган ченемди кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарына киргизүү сунушталат.

8.4-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Тартиптик жаза-чарасы берилген эркиндигинен ажыратылган адам, аны андан өйдө турган органга же сотко даттанууга укуктуу

Сыпаттамасы

Нельсон Манделдин Эрежелеринин 41-эрежеси, соттолгон адамдарда аларга берилген тартиптик жаза-чараларынын сотто кайра каралышына жетишүү мүмкүнчүлүгү болушу керек деп эсептейт. Эрежелер ошондой эле, тартиптик жаза-чаралары жөнүндө арыздар компетенттүү органга дароо билдирилүүсүн жана эч кармалбастан иликтенүүсүн талап кылат. Соттолгон адамдарды алар түшүнгөн тилде айыптардын мүнөзү жөнүндө кечиктирбестен маалымдоо керек, аларга өзүн коргоого даярдоо үчүн шарттарды жана жеткиликтүү убакыт берүү зарыл.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖАК 120-беренеси жаза-чарасы бузуу билинген күндөн тартып он суткадан кечиктирбестен коюлат, ал эми эгерде текшерүү жүргүзүлсө - ал аяктаган күндөн баштап, бирок бузуу жасалган күндөн баштап үч айдан кечиктирбестен салынат. Жаза-чарасы токтоосуз түрдө аткарылат, ал эми соттолгон адам ооруп калган, ал башка мекемеге которулган болсо же болбосо аны аткаруу үчүн шарттар жок болгон учурда, ал салынган күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен аткарыларын карашт. Бирок бул берене бузууну ыйгарым укуктуу орган тарабынан кароо мөөнөтүн караштырбайт жана жаза-чарасын колдонууда адвокаттын жана котормочунун катышуусун караштырган эмес. Бул соттолгон адамдардын юридикалык жардамга, котормого карата укуктарын негизсиз чектөөгө, ошондой эле тартиптик жаза-чараларынын сотто каралуусу мүмкүнчүлүгүнүн жок экендигине алып келиши мүмкүн. Ушуга байланыштуу, мыйзамдын эл аралык стандарттарга шайкеш эместиги жөнүндө корутундуга келсек болот.

Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун Мекемелериндеги адамдарды анкетирлөөнүн жыйынтыгы, айыптык изоляторго (АИ) камералык типтеги жайларга (КТЖ) же жеке камераларда отуруп чыккандардын көп бөлүгү (87%) андан өйдө турган органга же сотко тартиптик жаза-чарасын берүү жөнүндө чечимди даттануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушпагандыгын далилдеп турат, бул дагы укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестигин түшүндүрөт.

Корутундулар

1. Жалпысынан юридикалык жардам алуу укугу бар экендигине карабастан, мыйзам тарабынан тартиптик жаза-чарасын даттануунун кандайдыр бир конкреттүү механизми жана түздөн түз бул процессте юридикалык жардам караштырылган эмес.

Сунуштама:

1. КР Юстиция министрлиги тартиптик жаза-чарасын берүү жөнүндө чечимди даттануу жана аларга карата тартиптик жаза-чарасы берилген соттолгон адамдарга юридикалык жардам сунуштоо механизмин иштеп чыгуусу жана ишке киргизүүсү максаттуу.

4.Текшерүүлөр жана мониторинг

9-индикатор. Үзгүлтүксүз түрдөгү текшерүүлөр жана көз карандысыз мониторинг кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун ишмердүүлүгүн улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын талаптарына шайкеш келүүсүн шарттайт.

9.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өлкөдө эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кармалган адамдарга мамиле кылууну жана аларды кармоо шарттарын бекитилген стандарттарга шайкеш келүүсүн текшерген, үзгүлтүксүз түрдө барып турган жана ыйгарым укуктук мамлекеттик орган бар

Сыпаттамасы

Нельсон Манделдин Эрежелеринин 83-Эрежесине ылайык абак мекемелерин жана пенитенциардык кызматтарды үзгүлтүксүз түрдө текшерүүнүн эки тутуму болуусу керек: a) абак башкармалыгынын борбордук органы тарабынан жүргүзүлгөн ички же административдик текшерүүлөр; b) абак администрациясынын органынан көз карандысыз түрдө жүргүзүлгөн сырткы текшерүүлөр, ал компетенттүү эл аралык же аймактык орган болушу мүмкүн. Эки учурда тең текшерүүлөрдүн максаты, абак мекемелерин башкаруу учурдагы мыйзамдарга, ченемдик-укуктук актыларга, саясатка жана процедуларга ылайык, пенитенциардык жана түзөтүү кызматтарынын алдына коюлган милдеттерге ылайык ишке ашырылып жаткандыгына жана соттолгон адамдардын укуктары корголуп жаткандыгына ынануу. Мындай жоболорду «Кандай гана формада болбосун кармоого жана камакка алууга кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысынын» 29-принциби[131] жана Европалык пенитенциардык эрежелеринин 92- пункту камтыйт. [132]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинин 32-беренеси, соттолгон адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чаралары жана жазаларды тиешелүү деңгээлде аткаруу чөйрөсүндөгү көзөмөлдөөнүн он түрүн бекемдейт.

Көзөмөлдөө функциясы ар түрдүү органдардын ортосунда бөлүштүрүлгөн: Жогорку Кеңеш парламенттик көзөмөлдүишке ашырат,[133] Акыйкатчы сотолгон адамдардын укуктарына көз

[131] Кандай гана формада болбосун кармоого жана камакка алууга кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысы. Башкы Ассамблеянын 43/173 резолюциясында кабыл алынган, 9-декабрь, 1988-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml. не было перевода

[132]Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттеринин Министрлер Комитетинин (2006) 2 резолюциясында кабыл алынган. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[133] КР КЖАК 34-берене

салат,[134] соттор жазаларды аткарууну жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну караштырат,[135] башкы прокуратура жазаларды аткаруу чөрөсүндөгү мыйзамдуулукту көзөмөлдөйт. [136]

Тактап айтканда, кылмыш иштери боюнча соттук чечимдерди аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылууда прокуратуранын предмети кийинкилер болуп эсептелет:[137] 1) кармалгандарды, камакка алынгандарды кармап туруучу жерлерде алардын, жаза-аткаруу тутумунда, улуттук коопсуздук, ички иштер органдарында жана мекемелеринде соттолгондордун кармалып туруусунун, ошондой эле мажбурлоо мүнөзүндөгү чаралар колдонулган адамдарды кармап туруунун мыйзамдуулугу; 2) жаза аткаруу тутумунун, улуттук коопсуздук, ички иштер органдарында жана мекемелеринде соттолгон адамдардын, камакка алынган адамдардын кармалып туруусунун, ошондой эле жарандын жеке эркиндигин чектөө менен байланышкан, мажбурлоо мүнөзүндөгү чаралар колдонулган адамдарды кармап туруунун тартибине жана шарттарына карата мыйзамдарда белгиленген талаптардын сакталуусу; 3) эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазаларды аткарууда жана пробация колдонууда мыйзамдардын сакталуусу; 4)аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүндө мыйзамдардын сакталуусу.

Прокурор өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде, кайсы болбосун убакта жаза аткаруу тутумунун органдарына жана мекемелерине, ички иштер, улуттук коопсуздук органдарына, жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды аткаруучу органдарга жана мекемелерге, аткаруу өндүрүшүнүн органдарына, коомдон обочолотуу менен байланышпаган кылмыш жазаларын жана жазык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткарууга, түзөтүү мекемелеринен шарпуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдарды көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга барууга укуктуу. [138]

Белгилей кетчү нерсе, органдарда жана кылмыш-жаза-аткаруу тутумунда мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү КР прокуратура органдарынын бирдиктүү тутумуна кирген жана эксаймактык белгиси боюна иш алып барган адистештирилген прокуратура ишке ашырат[139] (мындан ары – адистештирилген прокуратура).

Кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук чечимдерди аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланыштуу мажбурлоочу мүнөздөгү чараларды колдонууда мыйзамдарды сактоого прокурордук көзөмөл боюнча Окуу куралында көрсөтүлгөндөй,[140] ошол аймакта прокурордук ишмердүүлүктү уюштуруунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, 2016-жылдын 1-

[134] КР КЖАК 35-берене

[135] КР КЖАК 36-берене

[136] КР КЖАК 42-берене

[137] «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын 39-беренеси. 10-сентябрь, 2021-жыл № 114 (ред.29-декабрь, 2023-жыл № 215). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112293/edition/1380/ru

[138] Ошол жерде, 40-берене, 1-бөлүм.

[139] Ошол жерде, 102-берене.

[140] Кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук чечимдерди аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланыштуу мажбурлоочу мүнөздөгү чараларды колдонууда мыйзамдарды сактоого прокурордук көзөмөл боюнча Окуу куралы. URL: https://www.undp.org/sites/g/files/zskgke326/files/migration/kg/43b1cfc989835c964005e214d2f55b0cda0daaa2b45b4fde74fe364e64aaed66.pdf

апрелинде Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан №9-Б «Прокуратура органдарынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунда прокуратура органдарынын көзөмөлдөө боюнча ишмердүүлүгүн оптимизациялоо жана жеткиликтүү иштеп чыгуу жөнүндө» буйругу чыгарылган. Ага ылайык, прокурорлорго [141] түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун кызматкерлери тарабынан мыйзамдын талаптарынын аткарылуусуна көзөмөлдү тутумдуу (системалуу) түрдө ишке ашыруу буйрук кылынган.

Мындан сырткары, облустардын, шаарлардын жана райондордун прокуроруна аймактык кылмыш-жаза-аткаруу инспекцияларында эркиндигинен ажыратууга байланыштуу эмес жазаларды аткарууда мыйзамдардын сакталышын квартал сайын текшерип туруулары зарыл. [142]

Белгилей кетчү нерсе, бул Окуу куралынын[143] булактарынын арасында КР Башкы прокурорунун №8-Б, 01.04.2016 «Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунда мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө» Буйругу жана КР Башкы прокурорунун №29-Б, 18.07.2016 «Органдарда жана кылмыш-жаза-аткаруу тутумунда мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча прокуратура жөнүндө» Буйрук белгиленген. Бирок буларды ачык жеткиликтүүлүктө табууга мүмкүн болгон жок.

Мына ушуга байланыштуу, бул көзөмөлдөөчү көрсөткүч боюнча талдоо жүргүзүүдө жогоруда аталган Окуу куралына багытталууга туура келүүдө. Анда прокуратуранын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча бекитилген штаттык саны алыс болгонугуна байланыштуу 13 бирдикти түзөт, Нарын, Талас жана Ысык-Көл облустарындагы КЖАТ мекемелеринин ишмердүүлүгү адистештирилген прокуратуранын көзөмөлдөөсүнөн дээрлик алыс калууда. Ошондуктан 2016-жылдын 1-апрелинде №9-П буйругу кабыл алынган, ага ылайык прокурордук көзөмөл Бишкек, Ош шаарларынын жана облустардын адистештирилген прокурорлорунун жана прокуратураларынын ортосунда бөлүштүрүлгөн.

Бирок бул учурда Бишкек жана Ош шаарларынын жана облустардын прокурорлорунун компетенцияларына жана квалификацияларынын көзөмөлдү ишке ашыруусунун сапаты бөлүгүнө тиешелүү суроо пайда болот. Албетте, бул буйруктардын актуалдуулугу шартында.

Белгилей кетчү нерсе, КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун мекемелерине уруксатсыз кирүү укугуна ээ адамдарды аныктайт, ага президент, премьер-министр, депутаттар, акыйкатчы, башкы прокурор жана Кыйноолорго каршы комитеттин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү жана өкүлдөрү киришет. [144] Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелерине кирүү тартиби Жобосу[145] окшош ченемдерди камтыйт.

Корутундулар

[141] Нарын, Ысык-Көл жана Талас облустарындагы түзөтүү мекемелери жана тергөө изоляторлору – тиешелүү облустардын прокурорлору; Бишкек жана Ош шаарларынын, Чүй, Жалал-Абад, Баткен облустарынын түзөтүү мекемелери жана тергөө абактары – түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүү боюнча прокуратура

[142] Кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук чечимдерди аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланыштуу мажбурлоочу мүнөздөгү чараларды колдонууда мыйзамдарды сактоого прокурордук көзөмөл боюнча Окуу куралы.

[143] Ошол жерде.

[144] КР КЖК 43-берене.

[145] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелерине кирүү тартиби жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы токтому менен бекитилген. №111 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/46-2999/edition/908782/ru;

1. Атайын прокуратуранын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу коомчулук үчүн жеткиликсиз.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлиги КР Башкы прокуратурасы менен биргеликте адистештирилген прокуратуранын ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик актыларды жарыялоо суроосун карап чыгуусу керек.

9.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өлкөдө эркиндигинен ажыратуу жайларын үзгүлтүксүз түрдө барып турууга жана текшерип турууга жөндөмдүү дайындалган, ыйгарым укуктуу жана көз карандысыз механизм иштейт

Сыпаттамасы

Улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптер (Париж принциптери) *«Улуттук принциптер адам укуктарын коргоо жана жайылтуу компетенциясына ээ болуулары керек»* [146] деп айтылган. Эрежеге ылайык, бул мекеме Акыйкатчы, Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу болуп эсептелет. Көз карандысыз механизмге (механизмдерге) соттолгон адамдарга карата мамиле жана караштырылган шарттар боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларына мониторинг жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз түрдө барып турууну тапшыруу ЖСУЭП 10-беренесин ишке ашыруунун маанилүү кепилдиги болуп эсептелет. Мындай органдын функционалдашуусу соттолгон адамдарга мамиле кылуунун жана кармоо шарттарынын бекитилген стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылуу үчүн маанилүү. Бул механизм аткаруу бийлигинен көз карандысыз болушу керек, ал эми анын ыйгарым укуктары (камакка алуу жайларына мониторинг жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарын кошкондо) баштапкы мыйзамдарда бекитилген болуусу керек. [147] Де-юре бул механизм аткаруу бийлигинен көз карандысыз болуусу өзгөчө маанилүү жана де-факто камакка алуу жайларына мониторинг жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарга, анын ичинде алдын ала айтылбаган баруу ыйгарым укуктарына ээ болуусу зарыл.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Акыйкатчы (Омбудсмен) бардык мамлекеттик органдардан жана кызмат адамдарынан көз карандысыз.[148] Мыйзам анын ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө түз тыюу салат, ал эми мындай аракеттер үчүн жоопкерчилик караштырылган. Акыйкатчы кол тийбестик менен корголгон, ал анын ыйгарым укуктарынын бардык мөөнөттөрүнө, ошондой эле мөөнөтү аяктагандан кийин дагы жайылтылат. [149]

Бирок мөөнөтүнөн эрте бошотуу процесси аркылуу саясий таасир этүү тобокелчиликтери мүмкүн экендигин эске алуу керек. [150] Тактап айтканда, Акыйкатчыны мөөнөтүнөн эрте бошотуу үчүн негиздердин бири Жогорку Кеңештин Акыйкатчынын (Омбудсмендин) баяндамасын жактырбоо болуп эсептелет. Акыйкатчы Жогорку Кеңешке ар жыл сайын өлкөдөгү адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө, анын ичинде

[146] Адам укуктарын коргоо жана жайылтуу менен алектенген улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптер (Париж принциптери).Башкы Ассамблеянын 48/134 резолюциясына тиркеме. 1993-ж., 20-декабрь, А (1)-принцип. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/paris.shtml

[147] Ошол жерде. А(2) жана В(2) принциптери.

[148] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренеси, 31-июль, 2002-жыл. № 136 (ред.7-июль, 2014-жыл.№ 114)

[149] Ошол жерде.

[150] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренеси

аныкталган укук буузуулар жөнүндө маалыматтар тууралуу баяндамасын берүүгө милдеттүү. [151]

Мындай негиз, өзгөчө эгерде Айыкатчы аткаруу бийлигинин аракеттерин сындаса же мамлекеттик органдар тарабынан адам укуктарынын олуттуу түрдө бузулушун аныктаса саясий кысым көрсөтүүнүн куралы катары колдонулушу мүмкүн. Бул Акыйкатчыны ал саясий конъюнктураны эске алууга мажбур болгон жана кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн курч темалардан качуусу керек болгон абалга коюшу мүмкүн. 2012-жылдын март айында БУУнун тутумунда иш алып барган жана улуттук укук коргоо мекемелеринин ишмердүүлүктөрүн жөнгө салган Эл аралык координациондук комитет Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (Омбудсменин) «В» макамында аккредитациялады, бул анын адам укуктарын коргоо жана жайылтуу боюнча иш алып барган улуттук мекемелердин макамына тиешелүү Париж принциптерине толугу менен шайкеш келбестигин түшүндүрөт.

Акыйкатчы алдын ала камоо жайларында кармалган адамдарга, жазаларды өтөө мекемелерине жана мажбурлап дарылоо жайларына **бардык убакта кирүүгө** укуктуу. [152] Ал бул жайларда кармалган адамдар менен аңгемелешүү жана документациялоого текшерүү жүргүзө алат.

Эгерде Акыйкатчынын көз карандысыздыгын каржылоо көз карашынан караганда, Акыйкатчынын ишмердүүлүгүн каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынан ишке ашырылат,[153] бул каражаттар өзүнчө сап менен белгиленет. Акыйкатчы чыгымдардын сметасын өз алдынча иштеп чыгат жана аткарат.[154] Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынганын эске алганда, толук кандуу каржылык көз карандысыздык жөнүндө айтып кереги жок. Эске ала турган дагы бир жагдай, Акыйкатчы институтун каржылоо дагы таасир этүү куралы болуп калышы мүмкүн, мисалы, эгерде Акыйкатчынын бийликти сындоосу же аракеттери жакпай калса, ага жооп катары парламент бюджетин кыскартууну чечсе.

Корутундулар

1. Акыйкатчыныны анын баяндамасын жактырбоо аны мөөнөтүнөн эрте бошотуу үчүн негиз болуусу, анын көз карандысыздыгына таасирин тийгизет.

Сунуштамалар

1. КР Айыкатчысы жана Жогорку Кеңеши профилдик мыйзамга Акыйкатчыныны анын баяндамасын жактырбоо аны мөөнөтүнөн эрте бошотуу үчүн негиз болуусу бөлүгүнө муну жоюу үчүн өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштыруу.

9.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өлкөдө эл аралык стандарттарга шайкеш келген Улуттук превентивдик механизм (УПМ) иш алып барат

Сыпаттамасы

Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркын басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрүнө каршы конвенцияга карата факультативдик

[151] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренеси.

[152] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренеси.

[153] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренеси.

[154] Ошол жеде.

протокол (КККФП)[155] 3-беренесинде белгилейт: *«Ар бир катышуучу-мамлекет кыйноолордун жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркын басмырлаган мамилелердин жана жазалардын алдын алуу максатында кирүү үчүн улуттук деңгээлде бир же бир нече органдарды түзөт, дайындайт же колдоо көрсөтөт (мындан ары улуттук превентивдик механизмдер деп аталган)»,* 18(4)-берене: *«Улуттук превентивдик механизмдерди түзүүдө катышуучу-мамлекеттер адам укуктарын коргоо жана жайылтуу боюнча улуттук мекемелердин макамына тиешелүү Принциптерди эске алышат».* Бул милдеттенмелер УПМ дайындоо боюнча мамлекет тарабынан активдүү аракеттерди талап кылат. Мындай дайындоо ККК ФПнын талаптарына, ошондой эле Париж принциптерине шайкеш келүүсү керек.[156] ККК ФП УПМ түзүүгө тиешелүү, анын мандатына жана ыйгарым укуктарына тиешелүү дагы ушундай сунуштамаларды белгилейт. [157]

1) УПМ аткаруу бийлигинен көз каранды болуусу керек, өз мандатын көз карандысыз түрдө аткарууга жөндөмдүү жана аткарат жана анын мандаты мыйзамда бекитилүүсү зарыл; [158] 2) УПМ мандаты ККК ФП талаптарына ылайык жазылган болуусу керек; [159] 3) УПМ ар түрдүү эркиндигинен ажыратуучу жайларга көзөмөлдөөчү кызматтык жүрүштөрдү (анын ичинде алдын ала айтылбаган) жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу зарыл; [160] 4) УПМ ар тармактуу курамга ээ болуусу зарыл;[161] 5) УПМ өкмөт тарабынан анын көз карандысыздыгына эч кандай тобокелчиликтерди келтирбей тургандай тиешелүү деңгээлде каржыланууусу керек; [162] 6) ошондой эле УПМ сунуштамаларын аткаруу боюнча бийликтин жана УПМ ортосунда сүйлөшүү бар экенине ынануу дагы маанилүү болуп эсептелет.[163]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

2008-жылы Кыргызстан БУУнун Кыйноолорго каршы Конвенциясынын Факультативдик протоколуна кошулган.[164] Төрт жылдан кийин, 2012-жылдын 12-июлунда тиешелүү Мыйзам

[155] Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө каршы Конвенцияга карата Факультативдик протокол (ККК ФП). URL: https://www.ohchr.org/ru/instruments-mechanisms/instruments/optional-protocol-convention-against-torture-and-other-cruel.

[156] Адам укуктарын коргоо жана жайылтуу жаатында иш алып барган улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптер [Париж принциптери]. Генералдык Ассамблеянын 48/134 резолюциясына карата кабыл алынган. 20-декабрь, 1993-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/paris.shtml. Ошондой эле караңыз: Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер UN DOC CAT/OP/12/5.URL:https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/Download.aspx?symbolno=CAT/OP/12/5&Lang=en.

[157] Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер. UN DOC CAT/OP/12/5.1-пар. URL: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/Download.aspx?symbolno=CAT/OP/12/5&Lang=en.

[158] ККК ФП, 18 (1)-берене, ошондой эле улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү Жетектөөчү принциптер: UN DOC CAT/OP/12/5, 7-8-пар., 12, 18, 30.

[159] ККК ФП, 20-бер. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер. UN DOC CAT/OP/12/5.25-28-пар. – 29. Нельсон Манделанын эрежелери, 84-эреже.

[160] ККК ФП, 4-бер., 20. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер, 24-25-пар.

[161] ККК ФПК, 18 (2)-бер. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер, 17-20-пар. Нельсон Манделанын эрежелери, 84-эрежелери.

[162] ККК ФП, 18 (3)-эрежелери. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер, 11-12-пар.

[163] ККК ФП, 22-эреже. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер, 36-38-пар. Нельсон Манделанын эрежелери, 85-эреже.

[164] КР Факультативдик протоколго кошулуу жөнүндө Мыйзам. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3694/edition/329441/ru

тарабынан улуттук превентивдик механизм (УПМ) катары көз карандысыз мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору (КАУБ) түзүлгөн. [165]

ККУБ тарбынан сунушталган Кыргызстандын УПМ модели эң прогрессивдүү моделдердин бири катары таанылган.

Мыйзам анын уюштуруучулук-функционалдык көз карандысыздыгын камсыз кылат, анын ичинде кызматкерлерди тандоо, ишмердүүлүккө кийлигишпөө, кызматкерлердин иммунитети жана жеткиликтүү каржылоо боюнча ачык-айкын процедураларды камсыз кылат.[166]

Мыйзам ошондой эле, кылмыш жасоо ордунан кармоо окуяларынан сырткары, башка бардык учурларда Координациялык кеңештин макулдугусуз кармоого жана камакка алууга тыюу салган кызматкерлердин иммунитетин дагы бекитет. [167]

КАУБ милдеттерине кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди алдын алуу, ошондой эле кармоо шарттарын жакшыртууга көмөктөшүү максатында, эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларына үзгүлтүксүз түрдөгү капыстан превентивдик баруу тутумун түзүү кирет. [168] Улуттук борбор өз ишмердүүлүгүн компетенцияларынын чектеринде өз алдынча уюштурган жана ишке ашырган көз карандысыз орган болуп эсептелет. Мамлекеттик бийлик органдарынын жана башкармалыктардын, алардын кызмат адамдарынын КАУБ ишмердүүлүгүнө байланыштуу суроолорду чечүүгө кандай гана болбосун формада кийлигишүүгө тыюу салынган. [169]

КАУБ кызматкери кызматына талапкерлерди тандоодо гендердик тең салмактуулук жана ар түрдүү этникалык топтордун, азчылыктардын өкүлчүлүгү камсыз кылынат. [170] Мыйзамга ылайык,[171] КАУБ кадрдык курамында бир жыныстын 70% ашык өкүлү басымдуулук кылбашы зарыл. Азыркы учурда КАУБда 9 аял иштейт, бул кызматкерлердин жалпы санынын 35% түзөт. КАУБ үч аймактык өкүлчүлүгүнүн жетекчилери аялдар болуп саналат (Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча, Баткен жана Нарын обустары боюнча).

Улуттук борбордун башкаруучу жогорку органы Координациялык кеңеш тарабынан сунушталган, анын курамына Акыйкатчы (Омбудсмен), Кыргыз Республикасынын Жогорку

[165] Кыргыз Республикасынын «КР Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 2-июль, 2012-жыл. № 104. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/203704/edition/1174785/ru

[166] Кыргыз Республикасынын «КР Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 17-беренеси.

[167] Ошол жерде. 19-берене.

[168] Кыргыз Республикасынын «КР Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 6-берене. 2-б. 12-июль, 2012-жыл. №104 (ред.30-июнь, 2022-жыл. №53). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/203704/edition/1174785/ru

[169] Кыргыз Республикасынын «КР Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 5-берене. 3-бөлүк

[170] Ошол жерде. 5-берене. 8-бөлүк

[171] Ошол жерде. 5-берене. 9-бөлүк

Кеңешинин эки депутаты (бирөөсү парламенттик көпчүлүк, экинчиси – парламенттик оппозиция), коммерциялык эмес уюмдардын сегиз өкүлү киришет, уставдык ишмердүүлүгү кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укугун коргоо менен байланыштуу. [172]

Он бир жылдын ичинде КАУБ эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларына үзгүлтүксүз түрдөгү барууларды уюштуруп келе жатат. 2023-жылдын декабрына карата абалы боюнча 8500 баруу жүргүзүлгөн. Кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө 1700 арыз алынган, алардын ичинен 221 кылмыштардын реестринин автоматташкан маалыматтык тутумуна катталган (КБР АМТ).

Мыйзамда Улуттук борбордун бардык эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларын ар бир күнү жана сутканын бардык убактысында мекеменин жетекчилигине жана башка органдарга алдын ала кабарлабастан алдын ала баруу укугу бекитилген. [173] Ошондой эле, КАУБ кызматкерлери укуктуу: [174]

- жабык мекемелерде кармалган адамдар менен күбөлөрсүз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, жеке;
  саны жөнүндө, ошондой эле ушундай жайлардын саны жана алардын жайгашкан жери жөнүндө маалыматка жеткиликтүү болууга;
- эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайынын администрациясынан эркиндигинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген адамдардын кайрылууларына, ошондой эле аларды камакта кармап туруунун шарттарына тиешелүү маалыматтарды, алардын макулдугу менен айрым адамдардын медициналык карталарын кошуп алганда, жазаларды берүү жөнүндө администрациянын буйруктарын жана тескемелерин суратууга жана алууга;
- алардын көрсөтүлгөн жерлерде болушунун мыйзамдуулугун ырастоочу документтер менен таанышууга;
- сүрөт-, аудио- жана видио тартууну жүргүзүүгө, администрациясынан алынган документтердин көчүрмөсүн алууга.

Превентивдик баруулар тажрыйбаларын жалпылаштыруунун, мыйзамдарга жана укук колдонуу тажрыйбаларына талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча Улуттук борбор ар жыл сайын 1-мартка чейин КР Жогорку Кеңешине (мындан ары – Жогорку Кеңеш, ЖК) мурунку жылдагы ишмердүүлүгү жөнүндө баяндама жасайт.[175] Жогорку Кеңеш сунушталган отчетко баа берет жана КАУБ директорунун жумушуна баа бербейт, а Улуттук борбордун баяндамасын көңүлдүн борборуна алат. КАУБнын жылдык баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча парламент токтом чыгарат, анда аткаруу үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштамаларды берет. Муну менен катар эле, Улуттук борбор ЖК чыгарган токтомдо баяндалгандардын аткарылуусуна мониторинг жүргүзөт жана анын жыйынтыктарын жылдык отчетунда көрсөтөт.

[172] Ошол жерде. 9-берене. 2-бөлүк.

[173] Кыргыз Республикасынын «КР Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы.25-берене.1-бөлүк.

[174] Ошол жерде.26-берене.1-бөлүк.

[175] Ошол жерде. 15-берене. 1-бөлүк.

2024-жылдын май айындагы абалына карата Жогорку Кеңештин 11 токтому чыгарылган.[176] Улуттук борбор ар жыл сайын эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларына 800 ашык превентивдик баруулардыжүргүзөт.[177] 2023-жылы 879 превентивдик баруулар жүргүзүлгөн.[178] Муну менен катар эле, КАУБ ар жыл сайын берген баяндамасында Улуттук борбордун ишмердүүлүгүнө тоскоолук кылуу жана кийлигишүү фактыларын жоюу жөнүндө бир катар сунуштамалар жасалганына карабастан, мындай бузуулар азыркы учурга чейин орун алып келе жатат. 2023-жылы алты тоскоолдук кылуу фактысы катталган.[179]

КАУБ ишмердүүлүгүнө кыйла комплекстүү баа берүү үчүн биргелешкен превентивдик баруулардын пайыздык катышы жөнүндө көрсөткүчтөр жетишкен жок. Мындан сырткары, изилдөө мониторингдик топтордун ыйгарым укуктарын ишке ашыруу жөнүндө маалыматтардын жетишсиздигинен улам чектелди.

Атайын Мыйзамдын 18-беренеси КАУБ ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу үчүн жоопкерчиликти караштырат, бирок 2019-жылы кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө ченем Кылмыш-жаза кодексинен алынып салынган,[180] ал эми административдик жоопкерчилик Жоруктар жөнүндө жаңы кодекске киргизилген эмес,[181] бул КАУБ ишмердүүлүгүн алсыратууга таасирин тийгизди, тоскоолдук кылууга күнөөлүү адамдардын жазасыз калуусуна алып келди. [182]

2021-жылы БУУнун Кыйноолорго каршы комитети[183] КАУБ жумушуна тоскоолдук кылуу боюнча жоопкерчиликти камсыз кылуу үчүн Кылмыш-жаза кодексине 146-2-беренени кайрадан ордуна алып келүүнү, ошондой эле өз мандатын натыйжалуу ишке ашыруусу үчүн Борборду жеткиликтүү ресурстар менен камсыз кылууну сунуштады.

КАУБ республикалык бюджеттен жана башка булактардан. келип түшкөн каржы каражаттарын[184] өз алдынча ишке ашыруу ыйгарым укуктарын ээ.[185]

[176] Мисалга: КР ЖК Токтому, 22-май, 2024-жыл. № 2080-VII 2023-жыл үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кыйноолордун жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча ар жылдык баяндамасы жөнүндө URL: https://cbd.minjust.gov.kg/6-15428/edition/10781/ru

[177] Ар жыл сайын сунушталуучу баяндамалардын көрсөткүчтөрүнө ылайык. URL: https://npm.kg/ru/ezhegodnye-doklady-ntspp-kr/

[178] КР КАУБ ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасы 2023-жыл үчүн. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

[179] Ошол жерде.

[180] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 2-февраль, 2017-жыл. № 19 (КР Мыйзамы менен күчүн жоготту. 8-октябрь, 2021-жыл. №126).

[181] Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси. 1-февраль, 2017-жыл. № 18 (КР Мыйзамы менен күчүн жоготту. 28-октябрь, 2021-жыл, №126).

[182] КР КАУБ Ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасына ылайык, 2023-жыл. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

[183] Кыргызстандын БУУнун Кыйноолорго каршы комитетине үчүнчү мезгилдүү баяндамасы боюнча Корутундулоочу эскертмелери. С бөлүмү, 12-13-пункт. URL: https://documents.un.org/doc/undoc/gen/g21/382/59/pdf/g2138259.pdf

[184] Ошол жерде. 7-берене, 1-бөлүк, 13-пункт.

[185] Ошол жерде. 21-берене.

Бирок, жетишсиз каржылоо, ресурстардын жетишсиздиги, автотранспорттун жоктугу жана кызматкерлерди материалдык сый акы менен колдоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу КАУБ ишине терс таасирин тийгизүүдө.[186]

Корутундулар

1. Кыргызстанда кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору (КАУБ) тарабынан ишке ашырылуучу Улуттук превентивдик механизм караштырылган (УПМ). Кыргызстандын УПМ модели бирден бир прогрессивдүү катары таанылган, бирок анын ишмердүүлүгүн натыйжалуу камсыз кылуу жана мандатын толук кандуу ишке ашыруу үчүн механизм кошумча ресурстарга зарылдыкты башынан кечирип жатат.[187] Ал Улуттук борбор жөнүндө Мыйзамды бузуу болуп эсептелген анын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү окуяларына кабылган учурлары аз эмес. Мунун мүмкүн болуучу себептеринин бири, КАУБ ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү үчүн кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчилик жөнүндө ченемдин 2019-жылдын 1-январынан баштап жоюлгандыгы болушу мүмкүн.[188]

Сунуштамалар:

1. КР Башкы прокуратурасына жана Жогорку Кеңешине:

- КР КАУБ жана Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнө таасир этүүнүн же тоскоолдук кылуунун, кысым көрсөтүүнүн бардык формаларынын алдын алуу үчүн шарттарды түзүү боюнча иштерди күчөтүү маанилүү. Кылмыш-жаза жана административдик мыйзамга КАУБ ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү үчүн жоопкерчиликти жана жазаны караштырган тиешелүү беренелерди кайрадан кайтарып келүү керек.
- КАУБнын 12 жылда аткарган ишмердүүлүгүнө көз карандысыз жана эл аралык эксперттер тарабынан талдоо жүргүзүү сунушталат (башка өлкөлөрдүн ишмердүүлүгү 10 жылдан ашкан УПМ үлгүлөрү боюнча). Толук кандуу функционалдык талдоо жүргүзүү, бюджетке жана ишмердүүлүктүн жыйынтыгына талдоо жүргүзүү КАУБ ишмердүүлүгүн жеткиликтүү иштеп чыгуу жана анын позициясын күчөтүү боюнча сунуштамаларды берүүгө жол ачат.
- 2022-2023-жылдар үчүн КАУБ сунуштамаларынын аткарылышына талдоо жүргүзүүнү актуалдаштыруу керек.

9.4-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өлкөдө жарандык коом уюмдары тарабынан эркиндигинен ажыратуу жайларына мониторинг жүргүзүлүшү мүмкүн

Сыпаттамасы

ЖСУЭП 10(1)-беренесинде бардык эркиндигинен ажыратылган адамдар *«адамзатына тубаса тиешелүү гумандуу мамилеге жана кадыр-баркын урматтоо укугуна ээ»* деп белгилейт. Бул көзөмөлдөө механизми канчалык көп болсо, мамлекет өзүнүн бул милдеттенмени аткаруу жөндөмдүүлүгүнө ошончолук ишенимдүү болушу мүмкүн дегенди түшүндүрөт. Өзгөчө маанилүү, бир механизмди түзүү (мисалы, Акыйкатчы жана/же УПМ)

[186] КР КАУБ Ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасыынын көрсөткүчтөрүнө ылайык, 2023-жыл. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

[187] БУУнун Кыйноолордун алдын алуу боюнча ылдыйкы комитетинин Кыргызстанга 2018-жылы келүүсүнүн жыйынтыгы боюнча баяндама URL: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=CAT%2FOP%2FKGZ%2F2&Lang=en

[188] КР КАУБ Ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасы 2023-жыл үчүн.

башкаларынын эсебинен жүргүзүлбөшү керек. Улуттук превентивдик механизмдерге тиешелүү жетектөөчү принциптер белгилейт: *«УПМ көзөмөлдөөнүн учурда иштеп жаткан тутумдарын алмаштырбастан, толуктап турушу керек, жана аны түзүү ушул сыяктуу башка кошумча түзүмдөрдү түзүүнү же ишмердүүлүгүн жоюуга алып барбашы керек»*.[189] Алсак, УПМ түзүү башка органдардын, анын ичинде ЖКУ мониторингдик барууларынын тыюу салынышына алып келген жокпу ынануу маанилүү. Нельсон Манделдин эрежелеринин 83-эрежеси кийинкилерди белгилейт: «*Абак мекемелеринин жана пенитенциардык кызматтардын үзгүлтүксүз инспекцияларынын кош тутуму болуусу зарыл: a) абак башкармалыгынын борбордук органдары тарабынан жүргүзүлгөн ички жана административдик инспекциялар; b) абак администрациясынан көз карандысыз түрдө жүргүзүлүүчү сырткы текшерүүлөр, ал компетенттүү эл аралык же аймактык орган болушу мүмкүн*».

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандын Кылмыш-жаза кодекси жазаларды аткаруу мекемелеринин ишмердүүлүгүнө коомдук көзөмөлдөөнү[190] караштырат. Коомдук уюмдар, диний бирикмелер жана ЖМК аткара алышат:[191]

- Социалдык изилдөөлөрдү жүргүзүү.
- Соттолгон адамдарды кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү.
- Ченемдик актыларды иштеп чыгууга катышуу.
- Соттолгон адамдын жана жабырлануучунун ортосундагы медиацияга катышууга.
- Гуманитардык жардамдын бөлүштүрүлүшүн көзөмөлдөө.
- Коомдук кеңештерде жана комиссияларда иштөө.
- Соттолгон адамды кайра социалдаштыруу боюнча программаларды иштеп чыгуу.
- Башка жардамдарды көрсөтүү.
- Бул уюмдар сотолгон адамдардын жазуу түрүндөгү макулдугусуз, алардын укуктарын бузган маалыматтарды басып чыгара алышпайт.[192]

Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор жана Акыйкатчы (Омбудсмен) институту эркиндигинен ажыратуу жайларына тутумдуу мониторинг жүргүзүшөт. Улуттук борбор ЖКУ кызматкерлерин превентивдик барууларга ЖКУ өкүлдөрү катары эмес, жеке жак катары жумушка тартат. Мониторингге катышуу үчүн ЖКУ кызматкерлери КАУБ Эксперттеринин реестрине киргизилиши керек.[193]

Жогорудагы көзөмөлдөөчү көрсөткүчтө белгиленгендей, ар жыл сайын КАУБ эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жайларына 800 ашык превентивдик барууларды

[189] Улуттук превентивдик механизмдердин жетектөөчү принциптери. 5-параграф.

[190] КР КЖАК, 10-берене.

[191] КР КЖАК, 40-берене, 1-бөлүк.

[192] КР КЖА, 40-берене, 2-бөлүк.

[193] КР КАУБ «Превентивдик барууларга эксперттерди тандоонун жана тартуунун тартиби жөнүндө Жобосу. URL: https://npm.kg/ru/preduprezhdenie-pytok/kak-my-obyazany-poseshhat/

өткөрөт.[194] 2023-жылы 879 превентивдик баруулар жүргүзүлгөн.[195] Ошол эле учурда, КАУБ ар жыл сайынкы баяндамаларында белгиленгендей, Улуттук борбордун ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү фактыларын жоюу жөнүндө бир катар сунуштамаларга карабастан, мындай бузуулар азыркы күнгө чейин орун алып келе жатат. 2023-жылы алты тоскоолдук кылуу фактысы катталды.[196]

КАУБ ишмердүүлүгүнө кыйла комплекстүү баа берүү үчүн биргелешкен превентивдик баруулардын пайыздык катыштыгы жөнүндө көрсөткүчтөр жетиштүү болгон жок. Мындан сырткары, изилдөө мониторингдик топтун ыйгарым укуктарын ишке ашыруу жөнүндө маалыматтардын жоктугунан улам чектелүү болду.

Акыйкатчы дагы жабык мекемелерге баруу үчүн ЖКУ өкүлдөрүн тартат. Коомдук уюмдар эркиндигинен ажыратуу жайларына атайын макулдашуу боюнча алдын ала баруларды жүргүзө алышат, мисалы, билим берүүчү иш-чаралар же гуманитардык жардамдар үчүн. Бирок, жарандык сектор тарабынанөз алдынча мониторинг жүргүзүү чектелген, себеби КЖАТ Мекемелери стратегиялык объекттер деп таанылган.[197]

ЖАК коомдук кеңештери 2024-жылы жоюлду,[198] бул жарандык көзөмөлдү чектөө катары тынчсызданууну пайда кылды[199].

ЖМК мекемелерди администрациянын уруксаты боюнча бара алышат.[200] Укук колдонуу тажрыйбасы, азыркы учурга чейин КАУБ превентивдик баруу тобунун мүчөлөрүнө сүрөт жана видеоаппаратура менен колдонууга тыюу салуу актылары бар экендигин көрсөттү.[201] Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза--аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелерине кирүү тартиби жөнүндө жобо[202] түзөтүү мекемелерине кирүү уруксатын алуунун тартибин караштырат, ага ылайык, түзөтүү мекемесине кирүүнүн максатын, датасын жана кирүүгө ниеттенген адамдардын жекече маалымдарын көрсөтүү менен түзөтүү мекемесине кирүү жөнүндө кайрылуу берет; паспорт же өздүгүн күбөлөндүрүүчү документ; Кыргыз

[194] Ар жыл сайын даярдалуучу баяндамалардын көрсөткүчтөрү боюнча https://npm.kg/ru/ezhegodnye-doklady-ntspp-kr/

[195] КР КАУБ ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасы 2023-ж.үчүн https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

[196] Ошол жерде.

[197] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-февралындагы №99 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы стратегиялык обьекттердин тизмеси», бул жерде Б категориясына маанилүү обекттер кирет %52 (Токтогул шаары) ()түзөтүү жана тарбиялоо колониялары, тергөө изолятору, түрмөлөр жана жатак абакта) (Токтогул ш.)». URL: https://cbd.minjust.gov.kg/96104/edition/5298/ru

[198] Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик органдардын коомдук кеңештери жөнүндө» Мыйзамы, 24-май, 2014-жыл №74. Кыргызс Республикасынын тиешелүү мыйзамы менен күчүн жоготту, 9-января 2024-жыл. №2. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5246/edition/1356/ru

[199]Коомдук кеңештер Садыр Жапаровго кайрылышты. Аларды тарткатпоону суранышууда // https://kaktus.media/doc/475267_obshestvennye_sovety_obratilis_k_sadyry_japarovy._prosiat_ne_yprazdniat_ih.html

[200] Ошол жерде.

[201] Кыйноолор менен күрөшүү боюнча борбордун кызматкерлерин текшерүү үчүн УКЖ киргизишкен жок// https://bulak.kg/2021/11/03/sotrudnikov-tsentra-po-borbe-s-pytkami-ne-pustili-s-proverkoj-v-ivs/. Укук коргоочуларды реабилитациондук борборго киргизбей коюшту // https://kaktus.media/doc/471726_kogda_hochy_togda_i_krichy._pravozashitnikov_ne_pystili_v_reabilitacionnyy_centr.html Ошто Кыйнооло менен күрөшүү боюнча борбордун кызматкерлерин текшерүү үчүн УКЖ киргизишкен жок // https://24.kg/obschestvo/212582_sotrudnikov_ntspp_nevpustili_vivs_osha_otvet_militsii/

[202] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелерине кирүү тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Үкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 3-март, 2014-жыл. №111.

Республикасынын юстиция органдарында каттоодон же кайра каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (юридикалык жактар үчүн). Ошол эле учурда, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган түзөтүү мекемелеринде ишке ашырыла турган иш-чара боюнча сунуштун/программанын долбоорунун көчүрмөсүн; аккредитациялоо жөнүндө документтерди (эл аралык жана дипломатиялык миссиялардын баштапкы кайрылуусунда берилет); Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында катталгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсүн (диний уюмдар үчүн) сурап алууга укуктуу.

Кайрылууну кароо аны каттоого алган күндөн баштап 7 жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт, жыйынтыгы боюнча уруксат берилет же себептерин көрсөтүү менен кирүүдөн баш тартылат. Түзөтүү мекемелерине кирүүгө уруксат берүүгө бир нече себептер боюнча баш тартылышы мүмкүн, эгерде мурда мекемеге кирген учурда уюмдардын өкүлдөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу фактылары аныкталса; эгерде уюм өзү жөнүндө жалган маалымат берсе; эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка негиздер болсо.

Уруксат берүүдөн баш тартуу чечимин ыйгарым укуктуу орган кабыл алгандыктан, мурунку мыйзам бузуунун жүрүшүндө бузууга баа берүү, маалыматтардын жалган экендигине баа берүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан ишке ашырылат. Уруксат берүү жөнүндө баш тартуу үчүн негиздердин арасында «башкача негиздер» бар экендигин айтпаганда.

Корутундулар

1. Түзөтүү мекемелерине кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартуу үчүн негиздерди кеңири интерпретациялоо аркылуу коомдук уюмдардын мониторингдик кирүүсүн чектөө тобокелчилиги бар.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлиги Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелерине кирүү тартиби жөнүндө жобого, түзөтүү мекемелерине кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартуу үчүн негиздердин кеңири чечмеленишин жана колдонулушун жоюучу өзгөртүүлөрдү киргизүү суроосун караштыруу.

9.5-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Текшерүүчү жана мониторингдик топтордун мүчөлөрүнө коюлган максаттарды жана милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн ыйгарым укуктардын көлөмү берилди

Сыпаттамасы

Инспекторлор укуктуу: [203] а) камакка алуу жайларында камакка алынган адамдардын саны жөнүндө жана мындай жайлардын саны, алардын жайгашкан дареги жөнүндө, ошондой эле соттолгон адамдарга мамиле кылууга тиешелүү бардык маалыматтардын, анын ичинде аларды каттоо документтери жана камакта кармоонун шарттары жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнө; b) алар барууну каалаган абак мекемесин эч тоскоолдуктсуз тандоого, анын ичинде өздөрүнүн жеке демилгеси боюнча пландаштырылбаган инспекцияны жүргүзүү аркылуу жана алар аңгемелешкиси келген соттолгон адамдарды тандоого; c) кирүүлөрдүн жүрүшүндө соттолгон адамдар менен жана абак кызматкерлери менен күбөлөрдүн катышуусуз жана конфиденциалдуулуктун

[203] БУУнун Соттолгон адамдарга мамиле кылууга карата минималдуу стандарттык эрежелери (Нельсон Манделанын эрежелери).84-эреже.

шартында аңгемелешүүлөрдү жүргүзүүгө; [204] d) абактын администрациясына жана башка компетенттүү органдарга сунуштамаларды берүүгө. Ошол эле учурда, пенитенциардык мекеменин администрациясы сырткы текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча түзүлгөн отчетту өздөштүрүүсү жана анда белгиленген сунуштамаларды аткаруу боюнча чараларды көрүүсү маанилүү. Мониторингдин жыйынтыктары боюнча көз карандысыз органдардын корутундулары коомчулук үчүн ачык болушу керек.[205]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш-жаза-аткаруу тутумун 2018-2023-жылдарга карата[206] өнүктүрүү стратегиясы *«кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун түзүмдүк жана ведомстволор аралык бөлүнүштөрүнүн жетекчилеринин аткарылган иш үчүн отчеттуулугун жана текшерүүнү, мониторинг жүргүзүүнү күчөтүү боюнча натыйжалуу механизмди»* түзүүнү караштырган. Ошол эле учурда, ЖАК караштуу мекемелерде азыркы учурга чейин эле жашоо укугунун, кыйноолордон эркин болуу укугунун, заманбап жана сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү укугунун сакталбагандыгы фактылары бар алып жатат. Эл аралык стандарттарда көрсөтүлгөндөй, ички текшерүүлөр жөнүндө отчеттор жарыяланбайт.

Сырткы текшерүүлөр КАУБ аткарылуучу аткарылуучу улуттук превентивдик механизмди камтыйт. Улуттук борбордун кызматкерлерине жана КАУБ превентивдик кирүүчү топтордун мүчөлөрүнө, коюлган максаттарды жана милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн толук өлчөмдөгү ыйгарым укуктар берилген. Алсак, Улуттук борборго эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жайларынын саны, алардын жайгашкан дареги жана аларда турган адамдардын саны жөнүндө бардык маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыз кылынат.[207]

Мындан сырткары, Кординациялык кеңештин мүчөлөрү жана Улуттук борбордун кызматкерлери соттолгон адамдарга мамиле кылууга тиешелүү маалыматтарды алууга, анын ичинде медициналык карталарды (алардын макулдугу менен), буйруктарды жана администрациянын жаза чарасы жөнүндө буюртмаларды суроо-талап берүү менен алууга

[204] Эркиндигинен ажыратылган адамдар өздөрү турган пенитенциардык мекемелердин жетекчисинин же кызматкерлеринин катышуусуз инспектордук же мониторингдик топтун мүчөсү менен сүйлөшүүгө укуктуу. Нельсон Манделанын Эрежелеринин 56-эрежеси кийинкилердибелгилейт «2.Абак инспекторлору текшерүүлөрдү жүргүзүлүп жаткан учурда, аларга арыздар же даттануулар менен кайрылуу мүмкүнчүлүктөрү берилүүсү керек. Камактагы адамдар инспектор же инспекциянын кайсы бир кызматкери менен эркин, мекеменин директорунун же башка кызматкеринин катышуусуз толук конфиденциалдуулуктун шартында эркин сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек». Кандай гана формада болбосун кармоого же камакка алууга кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысынын 29-принциби белгилейт: «2. Кармалган же камакка алынган адам 1-пунктка ылайык, мындай жайларда коопсуздукту жана тартипти камсыз кылуу үчүн тиешелүү шарттарды сактоо менен, кармоо же камакка алуу жайларына барган адамдар менен толук конфиденциалдуулук шартында эркин сүйлөшүүгө укуктуу».

[205] Ошол жерде.85-эреже.

[206] 2018-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза аткаруу-тутумун (пенитенциардык) өнүктүрүү стратегиясы. 4-бөлүм. КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген. 15-октябрь, 2018-жыл, №478.

[207] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы, 22-берене, 2-бөлүк. 12-июль, 2012-жыл. № 104 (Ред. 30-июнь, 2022-жыл. N 53). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/203704/edition/1174785/ru

укуктуу, ошондой эле алардын мыйзамдуу түрдө турганын ырастоочу документациялар менен таанышууга укуктуу болуп эсептелишет.[208]

Мындан сырткары, превентивдик баруу үчүн Улуттук борбор эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигинен чектөө жайларын өз алдынча тандайт,[209] аны кайсы гана күн жана сутканын кайсы гана убактысы болбосун бардык убакта, алдын ала билдирүүсүз барууларды ишке ашырат, бул пландаштырылбаган текшерүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн билдирет.[210]

Мыйзам соттолгон адамдар жана кызматкерлер менен күбөлөрдүн катышуусуз конфиденциалдуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жол берет,[211] Муну менен катар эле, Улуттук борбор абак администрациясына жана башка компетенттүү органдарга сунуштамаларды[212] бергенге укуктуу, ал эми акыркысы аларга таасир этүүгө милдеттүү. [213]

КАУБ ыйгарым укуктарынан айырмаланып Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктары бир топ деңгээлде чектелген, тактап айтканда соттолгон адамдар жөнүндө бардык маалыматтарга жана каттоо документтерине толук жеткиликтүүлүк жок; кирүү үчүн жайларды тандоодогу жана күтүүсүз текшерүүлөр мүмкүнчүлүгү чектелген, булар болбоду дегенде КАУБ мыйзамында белгиленип тургандай так көрсөтүлгөн эмес; сүйлөшүүлөрдү күбөсүз конфиденциалдуу жүргүзүүгө кепилдик берилбейт; Акыйкатчынын сунуштамасына милдеттүү түрдө таасир этүү механизми жок.

Корутундулар

1. Акыйкатчынын ыйгарым укуктары Улуттук борбор менен салыштырганда азыраак кеңири жана азыраак көз карандысыз, бул болсо анын эркиндигинен ажыратуу жайларындагы мониторингдик ишмердүүлүктөрүнүн натыйжалуулугун төмөндөтүүсү мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Акыйкатчы институту жана Жогорку Кеңеш соттолгон адамдар жөнүндө маалыматтардын жана документациялоонун толук кандуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, капыстан текшерүүлөр, күбөлөрдүн катышуусуз конфиденциалдуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү укуктарына ээ болуу үчүн, ошондой эле Акыйкатчынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун мекемелерине берген сунуштамаларынын милдеттүүлүгүнө жетишүү үчүн КР«Акыйкатчысы

[208] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы.25-берене, 1-бөлүк, 5-пункт.

[209] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 22-берене.4-бөлүк.

[210] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 25-берене.1-бөлүк. 12-июль, 2012-жыл № 104 (ред. 30-июнь, 2022-жыл N 53).

[211] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 25-берене.1-бөлүк. 4-п.

[212] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 11-берене.1-бөлүк, 4-пункт.

[213] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамы. 16-берене.

(Омбудсмени) жөнүндө Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек.

5.Даттанууларды берүү жана кароо механизмдери

10-индикатор. Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдар тарабынан арыздарды жана даттанууларды берүү процедурасы жеткиликтүү жана натыйжалуу

10.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Даттанууларды берүү механизми иштейт жаана соттолгон адамдар тарабынан колдонулат

Сыпаттамасы

Эркиндигинен ажыратылган адамдар пенитенциардык мекеменин жетекчилигине, же болбосо мазмуну көз карашынан цензурага кабылбаган, көзөмөлдөөнү ишке ашыраган адамдарга даттануу арыздары менен кайрылуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуулары керек.[214] Ар бир эркиндигинен ажыратуу жайында абактык ички даттануулар тутуму иштөөсү зарыл, ал эми арыздарды жана даттанууларды берүү процедурасы жөнөкөй жана натыйжалуу болушу керек.[215] Мындан сырткары, абактын сырткы чектеринде соттолгон адамдар колдоно ала тургандай конфиденциалдуу даттануулардын механизми болуусу зарыл.[216] Кыйноолор жана/же ырайымсыз мамилелер жөнүндө ырастоолорго тиешелүү даттануулар көз карандысыз орган тарабынан ыкчам түрдө каралышы керек.[217] Эркиндигинен ажыратылган адамдар алар өздөрү түшүнгөн тилде оозеки жана жазуу формасында арыздарды жана даттанууларды бере алышат.[218] Бардык арыздар же даттануулар тезинен кароого жатат жана аларга кандайдыр бир кечиктирүүлөрсүз жооп берүү зарыл. Арыздарды канааттандыруудан баш тарткан учурда же даттанууну четке каккан учурда, эркиндигинен ажыратылган адамдар бул чечимди андан өйдө турган органга, прокуратурага же сотко даттануу мүмкүнчүлүгүнө ээ.[219] Медиация жана калыбына келтирүүчү сот адилеттиги арыздар жана даттануулар боюнча карама-каршылыктарды чечүүнүн артыкчылыктуу каражаттары болуп эсептелет.[220] Муну менен катар эле эркиндигинен ажыратылган адамдар арыздарды же даттанууларды бергендиги үчүн жазалоодон коргоого алынуусу абдан маанилүү.[221] Эркиндигинен ажыратылган адамдарга сот адилеттигинин

[214] БУУнун Соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча Минималдык стандарттык эрежелери (Нельсон Манделанын эрежелери), 56-эрежелери.

[215] Ошол жерде, 56-57-эрежелер.

[216] Ошол жерде, 56-эреже.

[217] Ошол жерде, 57-71-эрежелер.

[218] Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин катышуучу мүчөлөрүнүн Минстрлер Комитетинин (2006) 2 сунуштамалары, 87-пункт. https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[219] Нельсон Манделанын эрежелери.57-эреже.

[220] Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин катышуучу мүчөлөрүнүн Минстрлер Комитетинин (2006) 2 сунуштамалары, 56-70-эрежелер.

[221] Нельсон Манделанын эрежелери, 57-эреже.

Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин катышуучу мүчөлөрүнүн Минстрлер Комитетинин (2006) 2 сунуштамалары, 70-эреже.

кызыкчылыгында арыздарды жана даттануларды берүүнүн процедуралары жана юридикалык жардам боюнча юридикалык консультация жеткиликтүү болушу керек.[222]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси соттолгон адамдардын сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайрылуу укуктарын караштырат,[223] оозеки дагы жана жазуу жүзүндө дагы.[224] Бул соттолгон адам билген бардык тилде кайрылуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт.[225] Муну менен катар эле, соттолгон адамдардын алардын укуктарынын бузулгандыгы боюнча жогорку башкаруу органына жана башка органдарга кайрылуусу цензурага жатпайт жана мекемелердин администрациясынын даректине бир суткадан кечиктирилбей жөнөтүлөт деп көрсөтүлүп турат (дем алыш жана майрам күндөрүн эске албаганда).[226]

Ички тартиптик эрежелер соттолгондордун сотко, прокуратурага, Акыйкатчыга (Омбудсменге) жана башка органдарга цензурасыз жана бир сутканын ичинде жөнөтүлө турган каттарынан башка каттары цензурадан өткөрүлөт деп тактап көрсөтүп турат.[227] Ошондой эле соттолгондорду мекеменин жетекчилигинин жумасына бир жолудан аз эмес кабыл алуусу караштырылган.[228] Даттануулар жана арыздар бекитилген тартипте катталат жана каралат[229], ал эми чечимдердин аткарылышы ай сайын текшерилип турат.[230] Жыйынтыгында, улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга шайкештигине баа берүү жарым-жартылай шайкеш келет деген жыйынтыкка алып келет.

Иш жүзүндө кээде соттолгондордун Акыйкатчыга жана Улуттук борборго даректелген каттары цензурага кабылат. 2023-жылы колониялардын бирөөсүндө КАУБка анонимдүү каттар жашиги ачылган, бул болсо мыйзамдарды бузуу болуп эсептелет.[231]

Кылмыш-жаза-аткаруу мекемелеринде кармалган адамдардын арасынан сурамжылоого катышкан респонденттердин үчтөн көбүрөөк бөлүгү (34%), аларга даттануу же арыз берүү процедуралары белгисиз экендигин билдиришкен. Сурамжылоого катышуучулардын болгону 57% иш жүзүндө даттануу же арыздарды берүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Сурамжылоонун катышуучулары жумасына бир жолу эртең менен келип текшерүүчүгө оозеки түрүндө кайрылуу аркылуу сыяктуу арыздарды жана даттануулардыберүүнүн ар түрдүү жолдорун аташты. Көптөгөн респонденттер кайрылуунун жазуу жүзүндөгү формасын көп аташты, бирок айрымдары болсо кээде бул үчүн кагаз беришпейт деп дагы белгилешти. Ошондой эле ортомчулар, адвокаттар, күзөттө тургандар же КЖАТ кызматкерлери аркылуу берүүнүн ар түрдүү жолдору белгиленди. Бирок, респонденттердин 26% гана бул механизмдерди натыйжалуу деп эсептешет. Бул даттануунун жана арыз берүүнүн

[222] Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин катышуучу мүчөлөрүнүн Минстрлер Комитетинин (2006) 2 сунуштамалары, 70-эреже.

[223] КР КЖАК 16-берене.

[224] КР КЖАК 25-берене.

[225] КР КЖАК 26-берене.

[226] КР КЖАК 25-берене.

[227] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/12302/edition/1201174/ru

[228] Ошол жерде, 46-пункт.

[229] Ошол жерде, 47-пункт.

[230] Ошол жерде, 48-пункт.

[231] КР КАУБ ар жыл сайын даярдалуучу баяндамасынан маалымат URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf

жеткиликтүүлүгүнө ээ адамдардын ичинен көп бөлүгү, алардын жыйынтыктарына же алардын кайрылууларына таасир этүүнүн канааттанбагандыгын күбөлөндүрүп турат.

Сурамжылоонун катышуучуларынын 11% арыз же даттануу бергендиги үчүн өч алууга, коркутууга же башка таасир этүүлөргө кабылышкандыгын айтышты. Бул КЖАТ мекемелеринин кызматкерлери тарабынан өзүнүн укугун коргоого аракет кылгандарга, же өзүнүн ыраазы эместигин билдиргиси келгендерге терс реакция жасоо же репрессиялар бар экендигин билдирүүсү мүмкүн.

Корутунду

1. Даттанууларды берүү жана кароо механизми контекстинде аныкталган көйгөйлөр соттолгон адамдардын көз карандысыз көзөмөлдөө органдарына багытталган каттарынын цензурасы, соттолгон адамдардын даттанууларды жана арыздарды берүүнүн процедуралары жөнүндө маалыматтарынын төмөндүгү сыяктуу мыйзамдарды бузууларды, ошондой эле соттолгон адамдардын алардын кайрылууларын кароонун натыйжалуулугуна канааттанбагандыгын камтыйт.

Сунуштамалар

1. Соттолгон адамдардын кайрылуунун жеткиликтүү механизмдери жөнүндө маалыматтуулугун жакшыртуу, даттанууларды берүүдө конфиденциалдуулукту жана репрессиялардан коргоону камсыз кылуу, ошондой эле берилген арыздарды кароонун жана таасир этүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу сунушталат.

2. Даттанууларды берүүнүн анонимдүүлүгү жана конфиденциалдуулугу процедурасын камсыз кылуу, соттолгон адамдардын КАУБна каттары үчүн жашигин ачуу мүмкүнчүлүгүн жоюу зарыл.

6.Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер

11-индикатор. Өлкөдө эркиндигинен ажыратылган ар түрдүү топтордун өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат

11.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Өзгөчө муктаждыктары менен эркиндигинен ажыратылгандардын укуктарын коргоо жана жайылтуу үчүн атайын чаралар кабыл алынат

Сыпаттамасы

Нельсон Манделанын эрежелеринин 2-Эрежесине ылайык, абактык администрацияны басмырлабоо принцибин иш жүзүндө колдонуунун максаттарына ылайык соттолгон адамдардын, тактап айтканда абакка камоо шартында жашап жаткан соттолгон адамдардын кыйла аярлуу категорияларын жеке муктаждыктарын эске алуу керек. Өзгөчө муктаждыктары бар соттолгон адамдардын укуктарын коргоо жана жайылтуу үчүн чараларды көрүү зарыл жана мындай чаралар басмырлоочу деп эсептебеши керек. 5-эреже пенитенциардык мекеменин администрациясына дене бойлук, психикалык же башка кемчиликтери бар соттолгон адамдарга абактын жашоосу бирдей негизде толук жана натыйжалуу жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу үчүн жайгаштыруу жана адаптациялоо боюнча бардык тиешелүү чараларды көрүү талабын караштырат. Өзгөчө муктаждыктары бар соттолгон адамдарды коргоо жана алардын укуктарын жайылтуу үчүн чаралар

Соттолгон адамдарды классификациялоо боюнча маалымдамада,[232] жана Өзгөчө муктаждыктары бар соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча маалымдамада,[233] БУУнун соттолгон аялдарга мамиле кылууга тиешелүү жана эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу эмес укук бузуучу аялдар үчүн жазалоо чараларына тиешелүү Эрежелерде (Бангкок эрежелеринде),[234] БУУнун Эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөргө тиешелүү эрежелеринде келтирилген.[235]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Мыйзамдарга талдоо жүргүзүү, атайын чаралар өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын бардык топторуна карата колдонулбай жаткандыгын көрсөттү. Ички тартип эрежелеринде[236] аялдар, улгайган адамдар, чет жердик жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн шарттар жокко эсе. Кылмыш-жаза-аткаруу кодексинде ошондой эле улгайган адамдардын муктаждыктары эске алынбайт. Мунун жыйынтыгында улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга жарым-жартылай гана шайкеш келерлиги жөнүндө айтууга болот.

2019-жылы КАУБ түзөтүү мекемелеринде аярлуу категориялардагы адамдарды кармоонун шарттарына изилдөө[237] жүргүзгөн.

Негизги корутундулар: аярлуу топторго карата кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер колдонулбайт, басмырлоолор аныкталган жок, бирок кармоо шарттары ар түрдүү болушу мүмкүн. Өзгөчө муктаждыктарына кайдыгер мамиле жасоо ырайымсыз мамиле катары бааланышы мүмкүн.

Аныкталган көйгөйлөр кийинкилерди камтыйт: мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүү шарттардын жоктугу, айрым мекемелердеги ырайымсыз кармоо шарттары, эл аралык стандарттарды бузуу, басмырлоону четтетүү үчүн мыйзамды кайра кароо зарылдыгы, психологиялык колдоо көрсөтүүнүн жетишсиздиги, шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн документтеридеги көйгөйлөр.

---

[232] Соттолгон адамдарды классификациялоо боюнча маалымдама. UNODC. Вена. 2020. URL: https://www.unodc.org/documents/dohadeclaration/Prisons/HandBookPrisonerClassification/20-01923_Classification_of_Prisoners_RU_e_book.pdf

[233] Өзгөчө муктаждыктары бар соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча маалымдама.UNODC. Нью-Йорк. 2009. URL: https://www.unodc.org/pdf/criminal_justice/Handbook_on_Prisoners_with_Special_Needs.pdf.
Тактап айтканда, мисалы, 4.2.5-пункту. Классификация, бөлүштүрүү жана жайгаштыруу буларды белгилейт «Бардык эле соттолгон адамдар сыяктуу соттолгон майыптыгы бар адамдар, аларды камакта коопсуз жана ишенимдүү кармоо үчүн зарыл болгон минималдуу түрдөгү кайтарууда болуулары керек. Соттолгон майыптыгы бар адамдар алардын муктаждыктарына жооп берген жайларда кармалуулары керек. Мындай соттолгон адамдардын жаңы шарттарга адаптацияланууусу үчүн зарылчылыкка жараша бөлмөнүн (алар отурган жайдын) ичин кайрадан жабдуулоо зарыл».

[234] БУУнун соттолгон аялдарга мамиле кылууга тиешелүү жана эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу эмес укук бузуучу аялдар үчүн жазалоо чараларына тиешелүү Эрежелери (Бангкок эрежелери) A/RES/65/229. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bangkok_rules.shtml.

[235] БУУнун Эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөргө тиешелүү эрежелери. Башкы Ассамблеянын 45/113 резолюциясында кабыл алынган. 14-декабрь, 1990-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml.

[236] Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун түзөтүү мекмелериндеги ички тартип эрежелери. Өкмөттүн токтому менен бекитилген. 3-сентябрь, 2024-жыл. №541. 78-пункт. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-31662/edition/15759/ru

[237] ТМ жана МЖАК ТИ кармалган адамдардын аярлуу категорияларынын обзору. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Obzor-polozheniya-uyazvimyh-kategorij-lits-soderzhashhihsya-v-ispravitelnyh-uchrezhdeniyah-i-sledstvennyh-izolyatorah-GSIN-pri-PKR.pdf.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында кармоо шарттарын, медициналык тейлөөнү, психологиялык колдоо көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча, басмырлоочу жоболорду четтетүү боюнча, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана документтерине байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштамалар берилди. Айрым сунуштамалар азыркы күнгө чейин ишке ашырылган жок. Ошондуктан укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө баа берүү жарым-жартылай деген баага гана арзыйт.

Бул изилдөөнүн алкагындагы сурамжылоонун катышуучуларынын негизги бөлүгү, тактап айтканда 81%, алар аярлуу тобокелчилик топторуна кире тургандыгын билдиришти. Сотту күтүп жаткан респонденттердин ичинен аялдар 39% түздү, жашы жетелек өспүрүмдөр - 7%, чет жердик жарандар - 6%, психикалык жактан оорулуу, ден соолугунун абалы оор адамдар - 4%, соттолгон адамдар - 4%, ошондой эле ДМЧА/майыптыгы бар адамдар жана улгайган адамдар – 2% салыштырмалуу түрдө.

Корутундулар

1. Мыйзамдарга жана укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү, өзгөчө муктаждыктары бар эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын коргоо жана жайылтуу үчүн атайын чаралар мындай адамдардын бардык топторуна карата колдонулбай тургандыгын билдирди.

Сунуштамалар:

1. КР Юстиция министрлиги өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн, алардын бөгөт коюу чарасы камакка алуу болгон учурда жана жазасын өтөп жаткан убакыт аралыгында атайын коргоо чараларын киргизүү жана тиешелүү шарттар менен камсыз кылуу жөнүндө мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуусу зарыл.

11.2-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Камакка алынган же сотту күтүп жатышкан камактагы адамдарга алардын соттоло элек адам макамына ылайык мамиле кылышат

Сыпаттамасы

ЖСУЭП 10-беренесинин 2-пунктунун (а) пунктчасы айыпталуучулар өзгөчө учурлар жок болгон учурда соттолгон адамдардан бөлөк жайгаштырылышат жана алардын соттоло элек адамдар макамына туура келген өзүнчө режим караштырылат деп бекитет. Ушуга окшош талапты Нельсон Манделанын Эрежелеринин 11-Эрежеси камтыйт. Иши тергөөдө каралып жаткан камактагы адамдар айыпталуучу эмес деп эсептелишет жана аларга бул макамына шайкеш келген мамиле кылуу керек. Нельсон Манделанын 112-120-эрежелери иши тергөөдө каралып жаткан камактагы адамдарга колдонулуучу өзгөчө режимди бекитет.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Шектүүлөр, айыпталуучулар жана соттолгондор (өкүмдөрү күчүнө кире элек) алардын күнөөсү мыйзамда белгиленген тартипте далилденмейинче жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче күнөөсүз деп эсептелишет.[238]

[238] 6-берене. КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамы. 31-октябрь, 2002-жыл. № 150. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1107/edition/1219040/ru

Мыйзамга ылайык[239] шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды камераларга жайгаштыруу алардын инсандыгын жана психологиялык жактан дал келүүсүн эске алуу менен жүргүзүлөт. Тамеки чеккендерди мүмкүн болушунча чекпегендерден бөлөк жайгаштырат.

Мыйзам ошондой эле өз өзүнчө кармоону караштырат:

- бир эле кылмыш иши боюнча шек туудургандар жана айыпталуучулар;
- биринчи жолу кылмыш жоопкерчилигине тартылып жаткан адамдар жана мурда эркиндигинен ажыратылган жерде камалып келген адамдар;
- шектүүлөр жана айыпталуучулар, ошондой эле өкүмдөрү мыйзам күчүнө кирген соттолгон адамдар.

Прокурордун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен өзгөчө учурларда жашы жете элек өспүрүмдөр жаткан камераларга кылмыш иши үчүн, мурда оор жана өзгөчө оор кылмыштарга кирүүчү кылмыш жоопкерчилигине тартылбаган оң мүнөздөмө берилген улууларды жаткырууга жол берилет.[240]

Мындан сырткары, ар түрдүү категориядагы адамдарды өзүнчө кармоо караштырылган: (мамлекетке жана адамзатка каршы кылмыш жасаган шектүүлөр жана айыпталуучулар, ден соолукка оор жаракат келтирүү менен өлтүрүүгө айыпкерлер, ВИЧ-инфекциясын жуктуруу, зордуктоо, зомбулук, каракчылык, терроризм; барымтага алуу, мыйзамсыз куралдуу түзүмдөрдү уюштуруу же ага катышуу, бандитизм ж.б.).[241]

Мындай укуктук жөнгө салуу эл аралык стандарттарга шайкеш келет.

Иш жүзүндө сотко чейин камакка алынгандар соттолгон адамдарга караганда кыйла начар шарттарда кармалышат. Иши тергөөдө каралып жаткан адамдарды соттолгон адамдар менен чогуу кармоо учурлары бар.

Мониторингдин жүрүшүндө айыпталуучу жана соттолуп жаткан адам макамындагы сурамжылоонун катышуучуларынан, мамлекеттик органдардын кызматкерлери тараптан аларга мамиле кылууда күнөөсүздүк принциби сакталып жаткандыгына баа берүү суроосу берилген. Катышуучулардын жооптору теңме-тең экиге бөлүндү: 34% бул принцип толугу менен сакталууда деп эсептешет, 33% болсо ал жарым-жартылай сакталууда деп ырасташса, а 32% сакталган жок деп айтышты. Бул принциптин мамлекеттик органдардын кызматкерлери тарабынан сакталбагандыгынын себептерин катышуучулар кийинкилер деп эсептешет: көпчүлүгү камакка алууну иш боюнча кысым көрсөтүүнүн механизми катары колдонуп жатышат деп эсептешет (24%) жана эгерде сен тергөө изоляторунда болсоң, болду сен айыпкерсиң (23%). Дээрлик ар бир бешинчи адам (18%), бул жерге эч ким жөн жерден түшпөйт деп эсептешет жана 14% камакка алууну мыйзамсыз аракеттер үчүн усул катары колдонуп жатышат деп эсептешет (паракорчулук, опузалап акча талап кылуу).

Респонденттердин 70% мекемеде бул тобокелчиликтүү топтун муктаждыктарына толугу менен көңүл бурулбайт деп эсептешет. Алсак, айрым респонденттер кызматкерлер тарабынан нормалдуу же ал тургай, анын ичинде тамактанууга жана медициналык камсыз кылууга көңүл бурууга чейинки жакшы мамилелерди дагы белгилешти. Бирок башкалары болсо, үй-бүлөсү менен байланыштын жоктугуна, кармоонун канаатандырарлык эмес шарттарына жана ал тургай адамкерчиликсиз мамилеге даттанышты. Айрымдары болсо, баш коргоо чарасы катары камакка алуу процессинде ачык-айкындуулуктун жана

[239] Ошол жерде. 31-берене.

[240] Ошол жерде.

[241] Ошол жерде.

адилеттүүлүктүн жетишсиздигине нааразычылыгын билдиришти. Бул көрсөткүчтөр учурдагы кырдаалга дагы, укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестигине дагы баа берүүгө түрткү болот.

Корутундулар

1. Шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын сот тарабынан кылмышты кылууга күнөөсү расмий тааныланганга чейин күнөөсүздүк принцибинин сакталышы жетишсиз деңгээлде экени аныкталды.

Сунуштамалар

1. КР Башкы прокуратурасы жана Жазаларды аткаруу кызматы КЖАТ мекемелериндеги шектүүлөр жана айыпталуучулар үчүн күнөөсүздүк принцибинин сакталышы боюнча чараларды өз өзүнчө бөлүп кармоо аркылуу жана иши тергөөдө каралып жаткандыктан камактагы адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу аркылуу, ошондой эле алардын укуктары бузулуп жаткандыгы боюнча кайрылуулар жана даттануулар процессин жакшыртуу аркылуу күчөтүүсү зарыл.

11.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Эркиндигинен ажыратылган аялдардын муктаждыктарына көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Нельсон Манделанын Эрежелеринин 11-Эрежесине ылайык, эркектерди жана аялдарды мүмкүн болушунча эки башка мекемелерде кармоо керек; эгерде эркектер жана аялдар бир эле мекемеде кармалышса, анда аялдарды толугу менен өзүнчө тилкелерге жайгаштыруу зарыл. Муну менен катар эле аялдарды кармоо атайын шарттар менен коштолушу керек,[242] мисалы, кош бойлуу жана эмчек эмизген камактагы аялдар үчүн өзгөчө абалдар караштырылган.[243]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

2021-жылы[244] кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун жүргүзгөн изилдөөсү боюнча, Каракол ш. тергөө изоляторунда эркектер жана аялдар эки башка кармалышат, бирок бир мончодон колдонушат.

Түзөтүү мекемелеринин көпчүлүгү, анын ичинде Степное айылындагы аялдар абагын кошкондо Чүй облусунда жайгашышкан. Талас жана Баткен облустарында тергөө изоляторлору жок, ошондуктан айыпкерлерди башка аймактарга которушат.

[242] БУУнун соттолгон аялдарга мамиле кылууга тиешелүү жана эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу эмес укук бузуучу аялдар үчүн жазалоо чараларына тиешелүү Эрежелери (Бангкок эрежелери) A/RES/65/22, 4, 9, 5-6, 22-23, 26-28, 36-38, 40-41, 63-64-эрежелер.

[243] Нельсон Манделанын эрежелери, 28-48-эрежелер.

БУУнун соттолгон аялдарга мамиле кылууга тиешелүү жана эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу эмес укук бузуучу аялдар үчүн жазалоо чараларына тиешелүү Эрежелери (Бангкок эрежелери. 29-39-48-эрежелер.

[244] КР КАУБ атайын баяндамасы «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы МЖАК тергөө изоляторлорунда кармалган аялдардын укуктарын коргоо. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2022/08/OSCE_1.-Specdoklad_SIZO.pdf

Жашы жетелек өспүрүмдөр кыздар жалгыз аялдар абагында чоң аялдар менен чогуу кармалышат. Аялдар ширетилген эки кабаттуу кроваттарда укташат жана тинтүүнү эркектер жүргүзүшөт. Аялдарга гигиеналык каражаттар берилбейт.[245]

Эрежелер аялдар үчүн түзөтүү мекемелеринде дагы жеке гигиена бөлмөлөрү болуусун[246] жана үч жашка чейинки балдар үчүн балдар үйү[247] болуусун белгилейт, Кош бойлуу аялдар жана энелер адистештирилген медициналык жардам алууга жана тамак-аш азыктарын жана биринчи керектүү каражаттарды чектелбеген өлчөмдө алууга укуктуу.[248] Мыйзам кош бойлуу аялдар үчүн, эмчек эмизген жана балдары бар аялдар үчүн өзгөчө шарттарды караштырат, ага кошумча берип жиберүүлөрдү алуу жана балдарды жайгаштыруу үчүн чыгуу мүмкүнчүлүктөрү кирет.[249]

Өлкөдө 2023-жылдын аягына чейин Жалал-Абад шаарында бир тергөө изолятору иштеп турган – №53 Мекеме (ТИ-53), 67 адамга эсептелген, аялдарды жана жашы жетелей өспүрүмдөрдү кармоо үчүн караштырылган. Анда аялдар жана жашы жетелек өспүрүмдөр ашыкча толгон камераларда тиешелүү медициналык тейлөөсүз жана гигиена каражаттарысыз кармалышкан. Соттолгон адамдар шарттарынын начардыгына, даттанышкан, өзгөчө соттук чыгуулар убагында шарттарынын начардыгына даттанышкан. БУУнун Кыйноолорго каршы комитети камактагы аялдарды, анын ичинде кош бойлуу аялдарды жана балдары бар энелерди кармоо шарттарынын начардыгы жана медициналык тейлөөнүн жоктугу боюнча тынчсыздануусун билдирген.[250]

Мониторинг Кылмыш-жаза-аткаруу мекемелеринде аялдар бир катар көйгөйлөргө кабылышарын көрсөттү. Сурамжылоого катышкан 66 аялдын ичинен 8 кош бойлуу болгон жана алардын болгону экөө гана үзгүлтүксүз түрдөгү тешерүү, кароо кызматынан колдоно алышкан. Аялдардын жарымынын 18 жашка чейинки балдары бар, алардын көпчүлүгү туугандарынын камкордугунда. Болгону бир эле аял анын баласы өзү менен чогуу мекемеде экендигин жана үзгүлтүксүз түрдө текшерүүдөн өтүп турарын билдирди.

Ар бир алтынчы аял эркек жынысындагы кызматкерлердин тинтүүсүнө кабылган, 41% - толук чечинтүү менен. Аялдардын дээрлик баары (98%) эркек жынысындагы кызматкерлер тарабынан ташылган, алардын жарымы – эркек соттолгон адамдар менен чогуу. Аялдардын 39% эркек жынысындагы кызматкерлердин аялдар бөлүмдөрүндө аял кызматкерлердин коштоосусуз жүрүшкөндүктөрүн белгилешти, 38% соттун чечимин чыгарууда алардын жашаган жери эске алынбаганын белгилешти.

---

[245] Кыргыз Республикасынын кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борборунун атайын изилдөөсүнүн жыйынтыктары боюнча «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы МЖАК тергөө изоляторлорундагы жана түзөтүү мекемелериндеги кармалып турган аярлуу топтордогу адамдардын жалпы жобосу». 2019-жыл. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Obzor-polozheniya-uyazvimyh-kategorij-lits-soderzhashhihsya-v-ispravitelnyh-uchrezhdeniyah-i-sledstvennyh-izolyatorah-GSIN-pri-PKR.pdf.

[246] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежеси, 3-сентябрь, 2024-жыл. №541. 78-пункт URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-31662/edition/15759/ru

[247] КР КЖАК, 100-берене.

[248] КР КЖАК, 88-берене, 4-бөлүк.

[249] КР КЖАК, 90-берене.

[250] БУУнун Кыйноолорго каршы комитетине Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү баяндамасы боюнча жыйынтыктоочу эскертүүлөрү «Комитет эркиндигинен ажыратылган жайларда аялдарды кармоонун чыдагыс шарттарына жана соттолгон аялдар үчүн, анын ичинде кош бойлуу аялдар жана балдары бар аялдар үчүн тиешелүү медициналык тейлөөнүн жоктугуна тынчсыздануусун билдирет. URL: https://documents.un.org/doc/undoc/gen/g21/382/59/pdf/g2138259.pdf

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, аялдардын 77% аларга менструациялык цикл учурунда гигиеналык каражаттар жетиштүү санда берилбейт деп эсептешет, ал эми 59% ысык суунун жеткиликтүүлүгү боюнча көйгөйлөргө кабылышат. Аялдардын 23% гана гинекологко барышкан жана 12% - онкологго. Аялдардын жарымынан көбү (58%) психологиялык жардамга муктаж экендиктерин билдиришти.

Төрт аял аларды эркек кызматкерлер шыкаалаганын айтышты, бешөө – сексуалдык ыдык көрсөтүү болгонун билдиришти. Сурамжылоого катышкандардын 61% мекеме алардын муктаждыктарына жетиштүү түрдө көңүл бурбайт деп эсептешет.

Жогорудагы белгиленип өткөндөрдөн улам, улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга шайкеш келет, ал эми укук колдонуу тажрыйбасы жарым-жартылай гана шайкеш келет деп айтсак болот.

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелериндеги кармалып турган аялдар үчүн кийинки суроолор боюнча бир катар олуттуу көйгөйлөр бар: 1) кош бойлуулар үчүн медициналык текшерүүлөрдүн, медициналык кароолордун жеткиликтүүлүгү, 2) толук чечинтүү менен тинтүүлөрдүн тез-тезден болушу, 3) эркек сотолгондор менен чогуу бир автомашинеде ташып жеткирүү, 4) эркек жынысындагы кызматкерлердин аялдар бөлүмүндө аял кызматкерлердин коштоосусуз болуулары, 5) гигиеналык каражаттардын жеткиликтүү эмес бөлүнүүсү, 6) Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелериндеги кызматкерлер тарабынан чектен чыккан жүрүм-турумдар.

Сунуштамалар:

1. Юстиция министрли жана КР ЮМ алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы КЖАТ мекемелериндеги аялдарды кармоо шарттарын жакшыртуусу маанилүү, анын ичинде кош бойлуулар үчүн үзгүлтүксүз түрдөгү медициналык текшерүүлөрдү жүргүзүп туруу, тар профилдеги дарыгерлердин кызмат көрсөтүүлөрдүн жетишсиздиги (гинеколог, онколог ж.б.), тинтүү жана ташуулар убагында коопсуздукту жана жекеликти камсыз кылуу, гигиеналык каражаттарды тиешелүү санда өз убагында бөлүп туруу кепилдиги жана ысык суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, психологиялык колдоо көрсөтүү, сексуалдык ыдык көрсөтүүнүн алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу, даттанууларды жиберүүнүн жана аларды кароонун натыйжалуу механизмдери менен камсыз кылуу.

11.4-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Эркиндигинен ажыратылган балдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар жашы жетелек айыпталуучуларды/укук бузуучуларды жана соттолгон адамдарды, алардын жаш курагына жана укуктук макамына жооп берген режимде жашы жеткен адамдардан милдеттүү түрдө бөлүп жайгаштыруу талабын бекитет.[251] Жашы жетелек өспүрүмдөрдү кармоодо кийинкидей атайын шарттар коштоосу керек: 1) Гаван эрежелеринде караштырылгандай, балдарды кабыл алууда алардын өзгөчө муктаждыктары эске алынат;[252] 2) эркиндигинен ажыратылган балдар мекемелерде

[251] ЖСУЭП, 10-берене, 2(b)-пункт. БУУнун Эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөргө тиешелүү эрежелери, (Гаван эрежеси). Башкы Ассамблеянын 45/113 резолюциясында кабыл алынган. 14-декабрь, 1990-жыл, 29-эреже. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml. БУУнун Соттолгондорго мамиле кылуунун минималдуу стандарттары (Нельсон Манделанын эрежелери), 11-эреже.

[252] Гаван эрежелери, 27-28-эрежелер.

кармалышат жана ден соолугун жана адамдык кадыр-баркын камсыз кылуу талаптарына жооп берген кызмат көрсөтүүлөрдү алышат;[253] 3) баш коргоо чарасы камакка алуу караштырылган балдарга билим алуу үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлөт;[254] 4) камакка алынган балдарга тышкы дүйнө менен байланышуу камсыз кылынат;[255] 5) кармалган балдардын муктаждыктары алар бошотулгандан кийин толугу менен сакталат.[256] Эске салып кетүүчү маанилүү нерсе, өздөрүнүн ата-энелери менен абакта чогуу болуп жаткан балдар, соттолгондор катары каралбайт.[257]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда жашы жетелек өспүрүм балдар үчүн болгону бир гана тарбиялоо абагы иштейт, бул туугандары менен байланышууну кыйындатат. Жаңы пенитенциардык мекемелерди курууда жеткиликтүүлүк жана келгендер үчүн инфраструктуралардын болуусу эске алынышы керек.

Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси[258] жашы жетелек өспүрүм соттолгон адамдарды (16 жашка чейин) улуу куратагы соттолгон адамдарды өзүнчө кармоону, маданий оюн-зоок иш-чараларына баруу жана ата-энелеринин коштоосунда абактын чегинен чыгуу укуктарын караштырат.[259] Соттолгон адамдар абакта 23 жашка чейин кала алышат.[260] Билим берүү процесси түздөөгө, кайра социалдаштырууга багытталган, ал жалпы билим берүүнү жана кесиптик билим берүүнү камтыйт.[261] Ошондой эле камкорчу кеңештер түзүлөт.[262]

Эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жаза өтөө мезгилинде иштеп тапкан акча каражаттарынын, алар алуучу пенсиялардын жана социалдык жөлөк пулдардын эсебинен, ал эми соттолгон балдар - өздөрүнүн жеке эсеп-кысаптарындагы акча каражаттарын накталай эмес эсептешүү боюнча тамак-аш азыктарын жана күндөлүк керектелүүчү предметтерди чектөөсүз сатып ала алат (КР КЖАК 88-бер.).

Соттолгон балдарга жакшыртылган турак-жай түрмуш-тиричиликтик шарттар түзүлөт, тамак-аштын жогорулатылган ченеми белгиленет (КР КЖАК 99-бер.).

Соттолгон балдар эмгек мыйзамдарына ылайык эмгекке тартылат (КР КЖАК 103-бер.).

Соттолгон балдардан эмгек акысынан же башка кирешелеринен 25 пайыздан көп эмес өлчөмдө жүргүзүлөт (КР КЖАК 107-бер.).

КР КЖАК 19-бөлүмү (главасы) «Эркиндигинен ажыратылган балдардын жазасын аткаруусунун өзгөчөлүктөрү», жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын билим алуусун жана аларды медициналык тейлөөнүн, кармоо тартибин жөнгө салган бир катар беренелерди камтыйт.

[253] Ошол жерде, 32-34-эрежелер.
[254] Ошол жерде, 38 -39-эрежелер
[255] Ошол жерде, 59- 62-эрежелер
[256] Ошол жерде, 79-80-эрежелер.
[257] Нельсон Манделанын эрежелери, 29-эреже. Бангкок эрежелери, 9-50-51-эрежелер.
[258] КР КЖАК, 133-берене.
[259] КР КЖАК, 136-берене.
[260] КР КЖАК, 138-берене.
[261] КР КЖАК, 140-берене.
[262] КР КЖАК, 141-берене.

КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамына ылайык[263], пенитенциардык пробация жоголгон документтерин кайра калыбына келтирүү, андан ары жумушка орношуу үчүн кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү максатында баштапкы кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен байланыштарды түзүү, соттолгон адамдарга ваканттык бош орундар жана жумуш ордун тандоо жөнүндө маалыматтарды берүү үчүн калкты жумушка орноштуруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен байланыштарды түзүү, алардын калкты жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү органдарга каттоого туруусуна көмөктөшүү, социалдык турак жай издөө жана алуу ж.б. үчүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын аткаруучу органдары жана башка уюмдар жана мекемелер менен байланыштарды жолго коюу боюнча чараларды камтыйт. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайра социалдаштыруу боюнча атайын программалар иштелип чыккан эмес.

Тарбиялоочу абактар үчүн ички күн тартиби үч пункттан турат: бири-биринен обочолонгон участокторго бөлбөө,[264] окуу бөлмөлөрүн өндүрүштүк зонада жабдуу[265] жана спорттук аянтчаларды жабдуу.[266] Бирок спорттук буюм-тайымдардын милдеттүү түрдө болуусу караштырылган эмес.

2021-жылы БУУнун Кыйноолорго каршы комитети Кыргызстанга бардык кармалгандарды, анын ичинде, жашы жетелек өспүрүмдөрдү адвокаттын жана медициналык текшерүүнүн жеткиликтүүлүгү сыяктуу укуктук кепилдиктер менен камсыз кылууну сунуштаган. 2018-2023-жылдарга[267] карата кылмыш-жаза-аткаруу тутумун өнүктүрүүнүн стратегиясы соттолгон адамдарды кармоонун шарттарын жакшыртууну камтыган, бирок бул багыт толук кандуу ишке ашырылган эмес.

2024-жылдын 12-мартында жана 9-апрелинде Акыйкатчы институтунун, Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун, «Баланын укугун коргоочулардын лигасы» КФ, «Балдар үчүн юстиция» адвокаттар коллегиясынын өкүлдөрү менен биргеликте, КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматынын №14 мекемесине мониторингдик баруулар жүргүзүлдү. Мониторинг учурунда чечүүнү талап кылган бир нече суроолор аныкталды. Аларга тамак-аштын сапаты кирет (КР КЖАК «Эркиндигинен ажыратууга соттолгондорду материалдык турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуу» деген 99-беренесине ылайык, соттолгон балдар тамак-аштын жогорулатылган өлчөмү менен камсыз болууга укуктуу; балдар менен аңгемелешүүдө алар дайыма эле тоюшунча тамактана бербестигин айтышты), жана балдардын ден соолуктарынын абалы (КР КЖАК «Соттолгондордун саламаттыгын сактоого жана квалификациялуу медициналык жардам алууга укугу» деген 20-беренеси, мониторингдик топ балдарга сырткы кароо жүргүзүү учурунда медициналык жардамга муктаж балдар аныктады). Абактын балдар кармалып

[263] КР «Пробация жөнүндө» мыйзамы, 24-февраль, 2017-жыл. № 34. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111517/edition/14118/ru

[264] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери, 123-пункт.

[265] Ошол жерде, 124-пункт.

[266] Ошол жерде, 125-пункт.

[267] 3-бөлүм. 2018-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун өнүгүү стратегиясы, КР өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 15-октябрь, 2018-жыл, №478 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/66-11/edition/908584/ru

турган имараты оңдоп-түзөөнү талап кылат. Ичиндеги жайларда жагымдуу температура жана жарыктандыруу камсыз кылынган.

Мониторингдик баруулардын жүрүшүндө, жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жатышкан мыйзам менен чатагы бар 13 бала менен маектешүү жүргүзүлдү (алардын ичинен эркек балдар -13).

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча 13 баланын ичинен 11 мекемеге келгенден кийин, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазасын өтөө учурундагы өздөрүнүн негизги укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат алышкан.



Сурамжылоонун жыйынтыктарына ылайык, эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын өтөп жаткан балдардын 100% билим алышат (9 – жалпы орто билим алышат жана 7 бала – орто кесиптик билим алышат).

13 баланын ичинен 9 бала туугандары жана адвокаты менен кат жана телефон аркылуу сүйлөшүп турушарын айтышты, 13 баланын ичинен 9 бала маалыматтын жана жаңылыктардын булагы катары телени, радиону, гезитти, журналды аташты.

Сырттагы чөйрө менен сүйлөшүүнүн андай жолдору бар?



Балдардын 100% аларга спорт менен машыгуу үчүн убакыт берилерин айтышты. Эс алуучу иш-чаралар катары балдар спорттук иш-чараларды, телевизор көрүүнү, шахмат ойноону, оюндарды аташты.

Балдар үчүн кандай спорттук жана маданий иш-чаралар жеткиликтүү?



13 баланын ичинен болгону 6 аларга гигиеналык муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн мекеменин ичинде зарыл каражаттар берилет деп жооп беришти, 6 болгон самын берилет деп айтышты, 1 бала каражаттар берилбейт деп айтты.



2024-жылдын 4-мартындагы мониторингдик баруунун жүрүшүндө жана КЖАТ мекемелеринде кармалып турган адамдардын арасында анкетирлөө жүргүзүү учурунда, тобокелчиликтүү аярлуу топко – жашы жетелек өспүрүмдөргө 19 адам тиешелүү болду. Алардын дээрлик жарымы (47%) 1айдан 3 айга чейин камакка алынгандар. Көп бөлүгү (74%) алар менен жашы жеткен чоң соттолгон адамдар чогуу турбайт деп белгилешти. Жарымынан көбү (58%) билим алышат, а 37% - алышпайт. 74% китептин жеткиликтүүлүгүнө ээ, ачык абада дене бойлук көнүгүүлөргө - 95%. Жаңылыктардын жеткиликтүүлүгүн 42% билдиришти, ошол эле учурда 47% бул жеткиликтүү эмес. Клубдардын жана иш-чаралардын бар экенин 63% белгилешти.

Туугандары менен бат-баттан жолугушуп туруу катышуучулардын 53% жеткиликсиз, ал эми 37% байланышуу жок. Сабактар үчүн мекеменин чегинен сырткары чыгууга 90% атайын уруксат алышкан эмес. Респонденттин баары (100%) мекеменин кызматкерлери курал алып жүрүшпөйт деп белгилешти, бирок экөө аларды кармоо учурунда СОБР күчтөрү тарабынан курал колдонулганы жөнүндө билдиришти.

Жарымы (53%) мекемдеги атмосфера аларга эч кандай таасирин тийгизбейт деп эсептешет, 26% оң таасирин тийгизгенин, а 11% - терс таасирин тийгизгенин белгилешти. Зыяндуу адаттар жөнүндө 21% билдиришти, тамеки чегүүнү аташты. Тобокелчиликтүү топтордун муктаждыктарына көңүл буруунун жетишсиздигин респонденттердин 32% белгилешти, 58% көңүл буруунү жетиштүү деп эсептешет жана 11% жооп берүүдөн карманышты.

Корутундулар

1. Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн маанилүү бөлүгү үй-бүлөлөрү менен жолугушуу үчүн мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө кабылышат, мекеменин чегинен сырткары билим алуунун жана маалыматтын жеткиликтүү эместигине, жоктугуна, ошондой эле билим алуу үчүн нары-бери эркин кыймыл-аракетте жүрүүнүн чектөөгө кабылышат.
2. Жашоо-тиричиликтик шарттардын канааттандырбаган фонунда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын негизги базалык муктаждыктары, тамактануу жана медициналык жардам көрсөтүү бөлүгүндө

ортодон төмөн деңгээлде камсыз кылынууда. Ошол эле учурда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдар 100% билим алып жатышат, спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

3. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайрадан социалдаштыруу менен камсыз кылуу чөйрөсүндө пенитенциардык пробация активдүү өнүктүрүүнү талап кылат, анын ичинде кайрадан социалдаштыруучу атайын программаларды иштеп чыгууну дагы талап кылат.

Сунуштамалар:

1. Юстиция министрлигине жана Жазаларды аткаруу кызматына жашы жетелек өспүрүмдөргө тийгизген терс таасирлерди минимизациялоо максатында, жашы жетелек өспүрүмдөрдү кармоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде үй-бүлөлөрү менен жолугушуунун тез-тезден болуусун көбөйтүү, билим берүүнүн жана жаңылыктардын жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу, КЖАТ мекемелериндеги атмосфераны жакшыртууга басым жасоо сунушталат.
2. КР МЖАКна КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматынын №14 мекемесинде балдардын керектөөлөрүнө жооп бере турган жана жетиштүү тамак аштын деңгээли менен камсыз кылуу боюнча, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү сунушталат.
3. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан ар бир бала боюнча бейне-менеджментин киргизүү аткарылуучу чара катары сунушталууда, ал кайрадан тарбиялоого жана келечекте натыйжалуу түрдө кайра социалдаштырууга багытталган. Бейне-менеджменти, бекитилген усулду сактоо менен жүргүзүлгөн тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга комплекстүү баа берүүнүн жыйынтыктарына негизделген бала менен иштөөнүн деталдуу жекече планын өзүнө камтышы керек. Жекече иштөө планын ишке ашыруу жүрүп жаткан кезде ага үзгүлтүксүз түрдө баа берилип турушу керек, зарылчылыкка жараша кайра каралып чыгуусу зарыл. Пландын түзүлүшүнө эң минималдуу дегенде кайра калыбына келтирүү боюнча жана/же үй-бүлөсү менен байланышты сактоо боюнча иштер жөнүндө бөлүмдөр киргизилиши керек. Орундуу учурларда элдештирүүчү процедураларды колдонуу, билим алуу жана эмгектенүү көндүмдөрүнө ээ болуу боюнча план, баланын ден соолугунун абалы жана дарылануу зарылдыгы жөнүндө бөлүм, социалдык-когнитивдик көндүмдөрдү (зомбулуксуз байланышуу көндүмдөрүн кошкондо) алуу/күчтөндүрүү боюнча план ж.б. камтылат. Бала абактан бошотулган учурда бейне жабылбашы керек, мунун ордуна баланы кайрадан социалдаштырууга багытталган пенитенциардык пробациядан кийинки механизмдер ишке ашырылып баштайт.

11.5-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Эркиндигинен ажыратылган чет өлкөлүк жарандардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Чет өлкөлүк соттолгон адамдар – абдан ар түрдүү топ, анткени өзүнө аны узак мөөнөткө камакка алган өлкөдө жашаган камакка алынган, бирок ал өлкөнүн жарандыгын кабыл алган эмес, өлкөгө салыштырмалуу түрдө жакында эле келген адамдарды камтыйт, ошондой эле өлкөдө бир гана транзит менен кирген адамдарды дагы камтыйт. Чет өлкөлүк жарандарга өздөрүнүн дипломатиялык жана консулдук бийликтери менен натыйжалуу

байланышуу камсыз кылынуусу зарыл.[268] Камакка алууда турган чет өлкөлүк аялдардын өзгөчө мүктаждыктары таанылат.[269]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар мыйзамда караштырылган өзгөчө учурларды эске албаганда, бардык жарандар сыяктуу эле укуктарга жана милдеттерге ээ.[270] «Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасындагы укуктук абалы жөнүндө»[271] Мыйзам аларга мыйзамдарда караштырылган укуктарга жана эркиндиктерге кепилдиктерди берет. КР КЖАК соттолгон чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар бардык жарандар үчүн белгиленген укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланат деп караштырат. [272]

КР КЖАК 26-беренеси соттолгон адамдарга түшүндүрмө берүүгө жана кат алышууга, сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайсы гана тилде болбосун кайрылууга, котормочунун кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен кайрылууга укук берет. Жооптор алар кайрылган тилде берилет, ал эми кайрылган тилде жооп берүүгө мүмкүн болбогондо, ал мамлекеттик же расмий тилде берилет. Жоопту кайрылуунун тилине которуу жазаларды аткаруу мекемеси тарабынан камсыз кылынат.

Чет өлкөлүк жарандар өз өлкөлөрүнүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен байланышта болууга укуктуу.[273] КЖАТ органдары чет өлкөлүк жарандардын жаза чараларын өтөп жаткан жер жөнүндө дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө маалымдоого милдеттүү.[274] Өкүм күчүнө киргенден он күндүк мөөнөт өткөндөн кийин, соттолгон чет жердик жарандар өз мамлекеттеринин өкүлдөрү менен жолугушууга укуктуу.[275]

Чет өлкөлүк жарандар жазасын өз өлкөсүндө эл аралык келишимдерге ылайык өтөшү мүмкүн.[276] Мыйзам соттолгон чет өлкөлүк жарандарды жатак абагына которууга тыюу салат.[277] КЖАК туруктуу жашаган жери жок соттолгон адамдардын коштоосуз жүрүүсүнө тыюу салат.[278] КАУБ тарабынан 2019-жылы[279] жүргүзгөн изилдөө чет өлкөлүк жарандардын укуктарынын бузулуусун аныктады. Алсак, чет өлкөлүк жарандар жатак абакка которуу укугунан[280] жана башка адистикке окуу укугунан ажыратылган.[281]

---

[268] Нельсон Манделанын эрежелери, 62-эреже. Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешинин мүчө-мамлекеттеринин Министрлер Комитетинин (2006) 2 резолюциясы менен кабыл алынган,13, 37 жана 81.3-пункттар.

[269] Бангкок эрежелери, 53-эреже.

[270] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренеси.

[271] Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасындагы укуктук абалы жөнүндө. 14-декабря 1993-жыл №1296-XII. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/772/edition/1264919/ru

[272] КР КЖАК, 15-берене.

[273] КР КЖАК, 28-берене.

[274] КР КЖАК, 31-берене.

[275] КР КЖАК, 74-берене.

[276] КР КЖАК, 72-берене. 2-бөлүк.

[277] КР КЖАК, 80-берене, 3-бөлүк, 9-пункт.

[278] КР КЖАК, 96-берене, 2-бөлүк, 14-пункт.

[279] МЖАК ТА, ТИ кармалган аярлуу топтордогу адамдардын абалдарынын обзору URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Obzor-polozheniya-uyazvimyh-kategorij-lits-soderzhashhihsya-v-ispravitelnyh-uchrezhdeniyah-i-sledstvennyh-izolyatorah-GSIN-pri-PKR.pdf.

[280] КР КЖАК, 80-берене, 3-бөлүгү, 9-пункт.

[281] №10 Мекеменин персоналынын сөзү боюнча, 2019-жылдын сентябрынан баштап бул абактын алдындагы кесиптик окуу жайынын администрациясы Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар

Алар бирдей эле беренелер үчүн Кыргызстандын жарандары сыяктуу мүнаыс менен бошотулушпайт, бул басмырлоо болуп эсептелет. Изилдөө соттолгон адамдардын өздүгүн тастыктаган документтеринин жоктугу чоң көйгөй экендигин аныктады. Соттолгон адамдардын документтеринин жоктугу аларды социалдык жактан коргоону жана бошотулгандан кийин жумушка орношуусун кыйындатат.

Чет өлкөлүк жарандарды жатак абактарга которуу көйгөйү актуалдуу бойдон калууда, анткени бул бөлүктөгү колдонуудагы ченемдер өзгөртүлгөн эмес.

2022-жылы соттолгон адамдар үчүн паспортторду жол-жоболоштуруу боюнча нускама кайрадан калыбына келтирилген, бул болсо документтерди алуу процедурасын жөнөкөйлөштүрдү.[282]

Мониторингдин жыйынтыктары боюнча, сурамжылоонун жүрүшүндө аярлуу топторго тиешелүү КЖАТ мекемелеринде турган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар 11 адам кирген. Бул аярлуу топко кирген респонденттердин ичинен дээрлик жарымы (45%, 5 адам), КЖАТ мекемелеринде 1 айдан 3 айга чейинки камакта отурушат, 2 адам (18%) 6 айдан 9 айга чейинки жазаларын өтөп жатышат, бирден адам 3 жана 5 жылдан ашык камакта экендиктерин белгилешти.

Катышуучулар ар башка тилде сүйлөй тургандыктарын белгилешти: кыргыз тилинде 3 адам сүйлөй алат, орус тилинде - 6 адам, англис тилинде -1 адам жана өзбек тилинде - 7 адам.

Изилдөөнүн дээрлик бардык катышуучулары (10 адам) алардын тиешелүү дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөрү менен байланыштары жок деп белгилешти, а бир адам бул суроого комментарий берген жок. Эки катышуучу аларга дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен байланышуу талап кылынбайт деп билдиришти.

7 адам (64%) аларды ички тартиптик эрежелер жана укуктар жөнүндө алар билген тилде маалымат беришти деп жооп беришти жана ошондой эле сандагы адам (64%) коюлган күнөөнүн/чыгарылган өкүмдүн мазмунун жана негиздерин түшүндүк деп билдиришти. Калган катышуучулар (4 адам) аларды маалымдашкан жок жана коюлган күнөөнүн мазмунун түшүнгөн жокпуз деп жооп беришкен.

8 адам (73%) аларда качкын макамын алуу үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга арыз өткөрүү мүмкүнчүлүгү жок экендигин белгилешти, калган респонденттер болсо бул суроого жооп беришкен жок (3 адам). Ошол эле учурда, бир гана респондент мындай мүмкүнчүлүктөн пайдалануну каалайт элем деген ниетин айтса, а 5 адам буга зарылган эмеспиз деп айтышты.

Изилдөөнүн үч катышуучусу (27%) мекемеде бул тобокелчиликтүү топтун муктаждыктарына көңүл буруу жетишсиз деп эсептешет, а ошол эле маалда жети адам (64%) көңүл буруу жетиштүү деп айтышты, жана бирөө жооп берүүдөн карманды.

министрлигинин алдындагы Кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин «Окугандарды кабыл алуу, чыгаруу, окууга алуу, которуу жана окуудан чыгаруу жөнүндө» Буйругуна 10-июнь, 2014-жыл №1/322 шилтеме келтирүү менен чет өлкөлүк жарандарды окутуудан баш тарткан (ошол кезде мекемеде 43 чет өлкөлүк жаран бар болчу). Кечирээк бул буйрук жокко чыгарылган..

[282] Идентификациялык картаны жол-жоболоштурууга жана берүүгө документтерди кабыл алуунун регламенти – Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту, 2017-жылдагы үлгүсү (ID-карта) кылмыш-жаза аткаруу-тутумунун түзөтүү мекемелериндеги жазасын өтүп жаткан адамдарга жана шектүү жана айыпкер катары камакка алуу жайларында кармалып турган адамдаргаURL: https://cbd.minjust.gov.kg/157394/edition/1115011/ru

Корутундулар

1. Чет өлкөлүк жарандарды жатак абактарга которуу суроолорунда басмырлоо бар.

Сунуштамалар:

1. КР Юстиция министрлиги чет өлкөлүк жарандардын жатак абактарга которуу бөлүгүндөгү бирдей укуктарын камсыз кылуу үчүн Кыргызстандын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө суроону караштырып чыгуусу керек.

11.6-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Психикалык ден соолугу жана/же ден соолугунун абалы жабыркаган эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар олуттуу психикалык оорулар жана/же ден соолугунун абалы оор диагнозу коюлган адамдарга өзгөчө мамилени жөнгө салат.[283]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандын мыйзамдары соттолгон адамдарга ден соолугун сактоо жана медициналык жардам алуу укугун берет.[284] Укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүнүн бири психикалык жактан жабыркаган адамдарды өзүнчө кармоо жана медициналык кызматкерлердин коштоо мүмкүндүгү талабы болуп эсептелет.[285] КР КЖАК психикалык жактан жабыркаган соттолгон адамдар үчүн медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары, анын ичинде амбулатордук байкоо жүргүзүү жана стационардык дарылоо караштырылган.[286]

Иш жүзүндө Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар а. Республикалык психиатриялык ооруканасында (РПО) психикалык жактан жабыркаган соттолгон адамдарды мажбурлоо түрүндө дарылоо жөнүндөгү соттун токтомун аткаруу жөнүндө суроо бүгүнкү күнгө чейин курч бойдон турат. Тактап айтканда, Ош ш. №25 Мекемесинде психикалык жактан жабыркаган адамдар мекемеде айлап, алар үчүн зарыл дарылоону албай гана эмес, психокоррекциялоо, психосоциалдык колдоо көрсөтүү жана реабилитациялоо көрсөтүлбөстөн кармалып келишкен, бул болсо оорулуу соттолгон адамдардын медициналык жардам алууга карата укуктарын бузуу болуп эсептелет. Мындай көйгөйдүн себептеринин бири Кызыл-Жар а. РПО орундардын жетишсиздиги болгон. 2009-жылы Чым-Коргон а РПО адистештирилген бөлүмүнүн жабылуусу кырдаалды оордоштурган, анткени эксперттик текшерүү зарыл болгон адамдарды Кызыл-Жар а. коштоп алып барууга туура келүүдө. Бул экономикалык жактан чыгымдарды талап кылат, квалификациялуу кадрлардын жана текшерүү үчүн жабдуулардын жетишсиздиги менен кыйынчылыктарды пайда кылат.[287]

---

[283] БУУнун Соттолгон адамдарга мамиле кылунун минималдык стандарттык эрежелери (Нельсон Мандела эрежелери), 109-110-эрежелер.
Европалык пенитенциардык эрежелер, 13, 18, 28, 46 жана 81.3-эрежелер.

[284] КР КЖАК, 20-берене.

[285] КР КЖАК, 75-берене.

[286] КР КЖАК 152-берене.

[287]Чым-Коргон психикалык ооруканасына аз каражаттарды бөлүүдө – дарылар жана тамактар жетишпей жатат.//https://kaktus.media/doc/338948_psihbolnice_chym_korgona_vydeliaut_malo_sredstv_ne_hvataet_lekarstv_i_edy.html

Түзөтүү мекемелеринин администрациялары соттолгон адамдардан психикалык жабыркоолорду аныктаган учурда медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды дайындоо үчүн сотко кайрылуулары керек.[288]

Иш жүзүндө психикалык жабыркоолору бар иши тергөөдө каралып жаткан адамдарды тергөө изоляторунда баш коргоо чарасы боюнча камакка алынган башка адамдар менен бир камерада кармаган учурлар бар. Алсак, 2021-жылы, Улуттук борбордун ар жыл сайын сунушталуучу отчетунун көрсөткүчтөрүнө ылайык,[289] Ош шаарынын 5-тергөө изоляторунда, психикалык жабыркоолору бар болгонуна байланыштуу сот тарабынан медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары караштырылган 10 адам кармалып турушкан. Стационарда бош орундар жок болгондугу себебинен улам, Кызыл-Жар а. РПО аларды которуу жүргүзүлгөн жок, дарылоо болгон жок.

Белгилей кетчү нерсе, улуттук мыйзамдар соттолгон адамдар оор оору менен ооруган учурда аларды бошотууну, ошондой эле мындай бошотуунун тартибин караштырат.[290]

Мындан сырткары, 2018-жылы өкмөттүн токтому менен камакка алып кармоого тоскоолдук кылган оорулардын Тизмесин бекитилген.[291] Мыйзам тарабынан соттолгон адамдарды медициналык күбөлөндүрүүнүн жана бошотуунун Тартиби аныкталган .Алсак, 2011-жылы соттолгон адамдарды жазасын өтөөдөн бошотуу үчүн негиз болгон оорулардын тизмеси (мындан ары – Тизме), ошондой эле аларга бошотуу берүүнүн тартиби бекитилген. [292] Бекитилген процедурага ылайык, №47 жана №31 мекемелеринин ооруканаларынын алдындагы комиссиялар күбөлөндүрүүдөн өткөрүүгө милдеттүү.

Бирок азыркы убакытка чейин түзөтүү мекемелеринде бул токтомдорду бузуу жана адамдардын оор оорулардан каза болуусу фактылары бар болууда. Алсак, КАУБ изилдөөсүнө ылайык, жогоруда аты аталган Тизмеде «боордун циррозу декомпенсация стадиясында» сыяктуу оорулардын болгонуна карабастан, 2019-2021-жылдары ЖАК мекемелеринде боордун циррозунан 12 адам көз жумган (бул убакыт аралыгында бардык көз жумгандардын жалпы санынын ичинен 8%). 2022-жылы «боордун циррозу» диагнозу жети соттолгон адамга коюлган, алардын ичинен экөөсүндө оорунун терминалдык стадиясын күбөлөндүргөн асцит жана дистрофия бар болчу. Бирөөсүнүн оор коштоочу оорулары болгон. Алардын ичинен эч кимиси жазасын андан ары өтүү үчүн бошотууга сунушталган эмес, экөө тең мекемеде өмүрлөрү менен кош айтышкан. [293]

[288] Ошол жерде.

[289] Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борборунун 2023-жыл үчүн баяндамасы. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2024/03/NTSPP-ED-2023.pdf.

[290] КР КЖАК, 158-160-беренелери.

[291] КР Өкмөтүнүн Токтому. 20-июнь, 2018-жыл. №296. URL: Булакка шилтеме келтиргиле.

[292] Оор оору менен ооруган эркинен ажыратууга соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү жана аларды андан ары жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №745 токтому менен бекитилген (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 615, 2018-жылдын 19-октябрындагы № 488 КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 350) №350). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/92848/edition/1114885/ru

[293] КЖАТ Мекемелеринде кармалган катуу ооруп жаткан адамдардын укуктарын камсыз кылуу суроолору. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Voprosy-obespecheniya-prav-lits-s-tyazhelymi-zabolevaniyami-soderzhashhihsya-v-uchrezhdeniyah-v-SIN-pri-Ministerstve-yustitsii-Kyrgyzskoj-Respubliki.pdf

Оорулардын тизмесинде ошондой эле «бардык залалдуу шишиктердин IV стадиясы» көрсөтүлгөн. Алсак, 2019-2021-жылдар аралыгында тогуз соттолгон адам өт ич көңдөйүнүн рагынан каза болушкан, кулак бези, өпкө, тил, жоон ичеги, боор, ашказан, кекиртек.

2022-2023-көрсөткүчтөр дагы онкологиялык оорулардын терминалдык стадиясындагы оорулуулар түзөтүү мекемелеринде өмүр менен кош айтышууну улантышууда. Бул жагдай, түзөтүү мекемелеринде тиешелүү паллиативдик жардам (адекваттуу ооруну басаңдатуучу ийне саюу, кам көрүү жана психологиялык жардам) көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу шартында, айыкпас оорунун терминалдык стадиясындагы соттолгон адамга ырайымсыз жана адамкерчиликсиз мамиле кылуу болуп эсептелет.[294]

Ушул мониторингдин алкагында жүргүзүлгөн суражылоонун жүрүшүндө психикалык оору менен жабыркаган жана катуу ооруп жаткан аярлуу топко, КЖАТ мекемелериндеги 7 адам кириштн. Диагноздорунун арасында жүрөк аритмиясы, 5 стадиядагы астма, гипертония, онкология, 2 типтеги кант диабети, шизофрения (ПНО), эпилепсия ооруларын белгилешти. Болгону бир гана адам анын диагнозу камакта кармоого тоскоолдук кылган оор оорулардын Тизмесине кирерин белгиледи. Үч адам алар КЖАТ мекемелеринде зарыл медициналык дарылоо жана кам көрүү алып жатышканын билдиришти, ошол эле маалда калган төртөө дарылоо жан кам көрүү алган жокпуз деп айтышты. Бардык жети респондент, мекемеде медициналык кызмакерлер жетишпейт деп белгилешти. Бул аярлуу топто болгону бир гана респондентте аны тиешелүү медициналык мекемеге которуу суроосу караштырылган жана жыйынтыгында ал Чүй облустук ооруканага которулган жана ага операция жасалган.

Алты респондент мекемеде аларга тиешелүү аярлуу топко жеткиликтүү көңүл бурулбай жатат деп эсептешет, болгону бир адам гана алардык муктаждыктары эске алынат деп эсептейт.

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза-аткару тутумдарында психикалык жактан жабыр тарткан адамдарга жана катуу ооруп жаткан адамдарга медициналык жардам жана багуу жеткиликсиз түрдө камсыз кылынары байкалууда, бул алардын ден соолуктары жана бакубаттыгы үчүн терс кесепеттериди алып келет.

Сунуштамалар:

1. Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Жазаларды аткаруу кызматы бул аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүүсү зарыл, буларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу сунушталат.
2. КР Юстиция министрлиги жана Башкы прокуратура катуу ооруп жаткан адамдарды камакка алуудан бошотууга/андан ары жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөөсүнө байланыштуу өкмөттүн эки токтомунун эч кыйшаюусуз түрдө сакталышына көзөмөлдөөнү күчөтүүсү керек.

[294] Ошол жерде.

11.7-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Эркиндигинен ажыратылган майыптыгы бар адамдардын өзгөчө мүктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Байкоочулардын көңүлү майыптыгы бар камактагы адамдарды басмырлоо окуяларына бурулуусу керек жана ошондой эле зомбулуктун, майыптыгы бар процесстин күчөшүнө жол бербөөгө жана тиешелүү кам көрүүгө абак, анын жабык жана чектелген чөйрөсү кандай адаптацияланганына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мамлекет эгерде майыптыгы бар адамдар эркиндигинен ажыратылган учурда, аларга башкалар менен чогуу адам укуктарынын эл аралык укуктары менен макулдашылган кепилдиктерди камсыз кылууга милдеттүү, ошондой эле аларга жасалган мамилелер Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциянын принциптерине шайкеш келүүсү зарыл, анын ичинде тиешелүү ыңгайлуулуктар менен камсыз кылынуусу керек.[295]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген (ДМЧА) соттолгон адамдардын укуктарын жөнгө салган укуктук актылар Конституцияга жана ар түрдүү мыйзамдарга, анын ичинде «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө»[296] жана «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө»[297] мыйзамдарга негизделет. «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзам[298] майыптыгы бар белгилери боюнча басмырлоону жоёт.

2019-жылы мамлекетти майыптыгы бар адамдар үчүн ар түрдүү чөйрөлөрдө бирдей укуктарды камсыз кылууга милдеттендирген БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы ратификацияланган.[299]

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси оорулууларга жана I жана II топтогу майыптарга жакшыртылган шарттарды, тамактануунун көбөйтүлгөн өлчөмүн жана кошумча берип жиберүүлөрдү сунуштайт.[300]

Соттолгон майыптыгы бар адамдар реабилитациялык кызмат көрсөтүүлөргө, техникалык каражаттарды колдонууга жана каалоосу боюнча билим алууга, окууга укуктуу.[301] Аларга

[295] Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 61/106 резолюциясында кабыл алынган. 13-декабрь, 2006 -жыл, 4, 13-15-беренелер. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml#content.

[296] Кыргыз Республикасынын «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы. 3-апрель, 2008-жыл. №38 (ред. 8-июн, 2017-жыл №100). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3760/edition/805556/ru

[297] Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Мыйзамы. 12-январь, 2024-жыл. №14. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5260/edition/1939/ru

[298] 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы. 3-апрель, 2008-жыл, № 38 (ред. 8-июнь, 2017-жыл №100).

[299] Кыргыз Республикасынын «БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктарын ратификациялоо жөнүндө» конвенция. 13-март, 2019-жыл. №34. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-2688/edition/938270/ru

[300] КР КЖАК, 99-берене.

[301] Ошол жерде.

өзгөчө турак жай шарттары[302] жана жардам алуу мүмкүнчүлүгү[303] түзүлөт, бул негизинен улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга шайкеш экенинен кабар берип турат.

Бирок мыйзамдык ченемдерге карабастан, реалдуулукта майыпттыгы бар соттолгон адамдар үчүн зарыл шарттар жана жабдуулар жок, бул басмырлоого жана алардын абалынын начарлоосуна алып келет.

Мониторингдин жүрүшүндө кылмыш-жаза-аткаруу мекемелериндеги мүмкүнчүлүктөрү чектелген эки адамды суракка алууга мүмкүнчүлүк болду. Аларга коюлган диагноздор – *3 топтогу майыптык жана өпкөнүн 5 деңгээлдеги кургак учугу, ачык формасы.* Бардык респонденттер алардын диагнозу оор оорулардын Тизмесине кирбейт деп белгилешти.

Респонденттердин КЖАТ мекемелеринде зарыл медициналык жардам алуу, кам көрүү жана дары-дармектерди алуу жөнүндөгү жооптору теңме тең экиге бөлүндү, алсак, бир адам аталган медициналык кам көрүүнү алып жатам деп айтса, ошол эле маалда экинчиси мындай эч нерсе алган жокмун деп жооп берди. Ошондой эле медициналык кызматкерлердин жеткиликтүүлүгү жөнүндө жооптор дагы теңме тең экиге бөлүндү: бирөө жетиштүү деп белгиледи, экинчиси жок деп жооп берди.

Сурамжылоого катышкан эки адам тең КЖАТ мекемелеринде алар үчүн башка соттолгон адамдар сыяктуу эле жеткиликтүүлүк камсыз кылынат деп билдиришти. Бул жеткиликтүүлүккө кирет: мекеме боюнча аны-бери кыймылдоо, жылып жүрүү, базалык муктаждыктарды канааттандыруу, билим берүүчүлүк жана башка мүмкүнчүлүктөр, ошондой эле даттануулардын, арыз жазуунун жана сунуштарды берүүнүн дагы жеткиликтүүлүгү.

Респонденттердин алардын тобокелчиликтүү топторунун муктаждыктарына жеткиликтүү көңүл бурулушу боюнча жооптору бирдей экиге бөлүндү. Бир респондент мекеменин ичинде алардын аярлуу тобокелчилик тобуна тиешелүү түрдө көңүл бурулбайт деп белгилесе, экичиси толук кандуу көңүл бурулат деп билдирди.

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза-аткаруу мекемелериндеги майыптыгы бар эркиндигинен ажыратылган адамдар үчүн медициналык жардам көрсөтүү жана кам көрүү тиешелүү деңгээлде эместиги байкалууда.

Сунуштамалар

1. Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Жазаларды аткаруу кызматы бул аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүүсү зарыл, буларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу сунушталат.

[302] 199-пункт. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери.

[303] 27-бөлүм. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелери.

11.8-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Улгайган курактагы эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат

Сыпаттамасы

Соттолгон улгайган адамдардын тобуна кийинки адамдар кириши мүмкүн, узак мөөнөттөгү жазага соттолгон адамдар, абакта жазасын бир нече жолу өтөгөн адамдар, биричи жолу эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамдар. Алардын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутуму, жалпы эле абак боюнча билимдери ар түрдүү болот. Ошондуктан абактын жетекчилиги улгайган соттолгон адамдарга карата жалпылаштыруудан алыс болуусу жана бул аярлуу топтун гетерогендүүлүгүнө тиешелүү көңүл буруусу өзгөчө маанилүү. Эл аралык стандарттар улгайган жаш курактагы адамдарга өзгөчө мамиле кылууну жөнгө салат.[304]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын улгайган адамдар жөнүндө мыйзамдары Конституцияга жана аларга бирдей укуктарды жана социалдык кепилдиктерди кепилдеген «Улгайган адамдар жөнүндө» [305] Мыйзамга негизделет.[306] Улгайган адамдар урматтоо менен мамилеге, өз укуктары жөнүндө маалыматтарга, социалдык тейлөөгө[307], пенсияларга жана жөлөк пулдарга[308] укуктуу.

Интернаттык үйлөрдө же түзөтүү мекемелеринде жашаган пенсионерлер пенсияларды мыйзамда бекитилген тартипте алышат.[309] Аймактык органдар пенсияларды дайындоо үчүн документтерди жол-жоболоштурууга жардам көрсөтүүгө укуктуу.[310]

Камактагылардын баарынын 5% түзгөн камактагы улгайган адамдар көбүрөөк аярлуу категориялардын бири болуп саналат.[311] 2019-жылдагы изилдөөлөр,[312] алардын өз укуктары жөнүндө маалыматтуулугу жетишсиз экендигин жана пенсияга тиешелүү суроолор боюнча консультация албай тургандыктарын көрсөттү. Алардын көпчүлүгү пенсия алышпайт жана алардын төлөмдөрү кайсы жакка кетип жаткандыгын билишпейт.

---

[304] ЖСУЭП, 26-берене. БУУнун Улгайган адамдарга карата принциптери. Башкы Ассамблеянын 46/91 резолюциясында кабыл алынган. 16-декабрь, 1991-жыл. 2002-жылдагы картаюу көйгөйлөрү боюнча Мадрид эл аралык аракет пландары, Мадрид, 8-12-апрель, 2002-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/ageing_program.shtml. Европа Пенитенциардык эрежелери. Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттеринин Министрлеринин комитети, 13-эреже, 18.8-б., 46 жана 81.3. https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[305] КР «Кыргыз Республикасынын улгайган жарандар жөнүндө», 26-июль, 2011-жыл, № 133 (ред. 3-март, 2023-жыл №48). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/203373/edition/1234888/ru

[306] КР «Кыргыз Республикасынын улгайган жарандар жөнүндө», Мыйзамынын 9-беренеси. 26-июль, 2011-жыл. № 133 (ред.3-март, 2023-жыл, №48).

[307] Ошол жерде. 10-берене.

[308] Ошол жерде. 13-берене.

[309] КР Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө Мыйзамынын 31-беренеси, 21-июль, 1997-жыл № 57 (ред. 16-февраль, 2024-жыл №48). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/557/edition/3016/ru

[310] КР Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө Мыйзамынын 25-1-беренеси, 3-бөлүгү.

[311] КР ЮМ алдындагы ЖАК статистикалык көрсөткүчтөрү.

[312] Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча борборунун Атайын изилдөөсү «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик жазаларды аткаруу кызматынын түзөтүү мекемелеринде жана тергөө изоляторлорунда кармалган аярлуу адамдардын категорияларынын абалдарынын обзору». 2019 -жыл.. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Obzor-polozheniya-uyazvimyh-kategorij-lits-soderzhashhihsya-v-ispravitelnyh-uchrezhdeniyah-i-sledstvennyh-izolyatorah-GSIN-pri-PKR.pdf.

КР Кылмыш-жаза-аткаруу кодекси камактагы улгайган адамдардын пенсиялык жактан камсыз болуу укуктарын караштырат,[313] бирок алардын өзгөчө муктаждыктарын эске албайт. Жогоруда аталган изилдөө документтердин жоктугунан улам пенсия алуу жаатындагы көйгөйлөрдү аныктады.

2023-жылы[314] соттолгон адамдарды каттоо жана документтештирүү боюнча жумуш күчөтүлгөн. Мекемелерге баруу жана документтерин жол-жоболоштурууга жардам берүү үчүн мобилдик топтор түзүлгөн. 2023-жыл башталгандан баштап, 87 айдоочу күбөлүк жана документтер кайрадан калыбына келтирилген, 22 социалдык жөлөк пулдар жана пенсиялар жол-жоболоштурулду, 13 адам майыптуулугу боюнча жөлөк пул алышты.

Бул изилдөөнүн алкагындагы мониторинг жүргүзүүдө, КЖАТ мекемелериндеги эки адам алар улгайган жаш курактагы аярлуу тобокелчилик тобуна киреринайтышты. Эки респондент тең жогорку тобокелчиликтеги гипертония жана диабет сыяктуу өнөкөт оорулары менен оорушат. Экөө тең КЖАТ мекемелеринде зарыл медициналык жардам, кам көрүү жана дарыларды албайбыз деп жооп беришти жана мамлекеттик органдар тарабынан социалдык жардам дагы албай тургандыктарын айтышты. Ошондой эле сурамжылоого катышкан бул эки адам тең мекемеде алардын тобокелчиликтүү аярлуу тобуна жетиштүү түрдө көңүл бурулбайт деп эсептешет.

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза-аткаруу мекемелеринде улгайган жаш курактагы эркиндигинен ажыратылган адамдар үчүн медициналык жардамды жана кам көрүү менен камсыз кылуу жетиштүү деңгээлде эмес экендиги байкалууда.

Сунуштамалар

1. Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Жазаларды аткаруу кызматы бул аярлуу топтор үчүн медициналык камсыздоону күчөтүүсү зарыл, буларга кирет: зарыл дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгү жана диагностикалоо, дарылоо, реабилитациялоо үчүн тиешелүү жабдуулар бар адистештирилген медициналык мекемелердин шартында тар профилдеги медициналык адистердин жардамын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу сунушталат.

11.9-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Эркиндигинен ажыратылган ЛГБТИ тобунун өзгөчө аярлуулугу тааныла жана урмат-сый менен мамиле жасалат

Сыпаттамасы

Эркиндигинен ажыратылган ЛГБТИ тобу абак мекемелердиндеги өзгөчө аярлуу топ болуп эсептелет жана аларга мамиле кылуунун негизги жетектөөчү принциби бирдейлик жана басмырлабоо болуусу керек. Негизги стандарттар эркиндигинен ажыратуу жайларында ЛГБТИ басмырлоого тыюу салат жана алардын өзгөчө аярлуулугун урматтоону талап кылат.[315]

[313] КР КЖАК, 98-бер, 2-бөлүк.

[314] КАУБ демилгеси менен түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтун алкагында КР Санариптик өнүктүрүү министрлигинин соттолгондорду каттоо жана документтештирүү жаатындагы иштерди күчөтүү боюнча 2023-жылдын 15-июнунда буюртмасы чыккан. URL: https://npm.kg/ru/news/dostignutye-rezultaty-mezhvedomstvennoj-rabochej-gruppy/

[315] Адам укуктарынын эл аралык декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган 10-декабрь, 1948-жыл. 2-берене.
https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml. ЖСУЭП, 17-берене. Сексуалдык багыт

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Талдоо жүргүзүү кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдары соттолгон адамдардын адамдык кадыр-баркына кол тийбестигин таанууну, урматтоону жана коргоону жарыялайт. Жазаларды жана кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чараларын аткаруу процессинде соттолгон адамдар жыныстык белгилери, расасы, тили, майыптыгы бардыгы, этникалык тиешелүүлүгү, диний ишеними, жаш курагы, саясий жана башка ишенимдери, билими, келип чыгуусу, мүлктүк же башка абалынан, жарандыгынан, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырлоого кабылышпайт.[316]

Ошол эле учурда ЛГБТИ тобуна тиешелүү соттолгон адамдарды басмырлабоо жөнүндө өзүнчө эскертүүлөр жок.

БУУнун Кыйноолорго каршы комитети өзүнүн 2021-жылдагы Жыйынтыктоочу эскертүүлөрүндө эркиндигинен ажыратылган адамдарга мамиле кылууда көп сандагы кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө билдирүүлөргө, анын ичинде «лесбиян, гей, бисексуал жана трансгендерлерге карата ошондой эле иликтенбеген бойдон калган, жасалган өзүм билемдик камоолорго, ырайымсыз мамилелерге жана кыйноолор жөнүндө билдирүүлөргө, полиция тарабынан куугунтуктоолор жөнүндө билдирүүлөргө» терең тынчсыздануусун билдирди» (24-пункт).[317]

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн алкагында ЛГБТИ топторго тиешелүү соттолгон адамдардын абалы жөнүндө маалыматтарды аныктоого мүмкүн болгон жок, балким кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун спецификасынан улам ушундай болду.

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарында ЛГБТИ категориясынын жоктугун жана укук колдонуу тажрыйбасы боюнча дагы маалымат жоктугун эске алуу менен, улуттук мыйзамдардын жана укук колдонуу тажрыйбасынын эл аралык стандарттарга шайкеш келбестиги жөнүндө корутундуга келүүгө болот.

Сунуштамалар

1. Улуттук укук коргоо институттары КЖАТ мекемелеринде кармалган ЛГБТ-категориясындагы адамдардын укуктарынын сакталуусуна толук кандуу мониторинг жана талдоо жүргүзүүсү максаттуу.

12-индикатор. Кызматкерлердин жеке сапаттары жана кесиптик деңгээли талаптарга шайкеш келет, кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн сандык курамы жетиштүү

12.1-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кызматкерлердин соттолгон адамдар менен иштөө боюнча этикалык ченемдерин караштырган кызматкерлерге байланыштуу так саясат мыйзамда караштырылган жана иш жүзүндө ишке ашырылууда

жана гендердик идентүүлүккө карата адам укуктары жөнүндө эл аралык укуктук ченемдерди колдонуунун Джокьякарт принциптери. 9-принцип (Соттолгондордун Эркиндигинен ажыратуудагы Гумандуу мамилеге Укуктары) http://surl.li/vdpbpf. Европалык пенитенциардык укуктар. Европа Кеңешинин мүчө мамлекеттеринин Министрлер Комитетинин Rec (2006) 2 Сунуштамалары. 13-81.3-эрежелер. https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[316] КР КЖАК, 11-беренеси.

[317] БУУнун Кыйноолого каршы Комитетине Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү баяндамасы боюнча жыйынтыктоочу эскертүүлөрү. С-бөлүмү, 12-13-пункттар. URL: https://documents.un.org/doc/undoc/gen/g21/382/59/pdf/g2138259.pdf

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар пенитенциардык мекемелердин кызматкерлеринин жеке-кесиптик сапаттарына, алардын тандоо процедураларына жана иштөө шарттарына карата талаптарды бекитет.[318]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Ички тартибинин эрежелери соттолгон адамдардын түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери жана башка адамдар менен өз ара мамилелерине тиешелүү өзүнчө бөлүмдү[319] камтыйт. Алсак, соттолгон адамдардын түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери менен өз ара мамилелери бири-бирин урматтоо жана мыйзамдуулук принциптерине негизделет деп караштырылган.[320]

Түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери соттолгон адамдарга «Сиз» деп кайрылат жана аларды аты-жөнү же аты жана атасынын аты (бар болсо) боюнча атайт.[321] Тарбиялык абактарда кызматкерлер соттолгон адамдарга ошондой эле «Сен» деп кайрылуусу жана аларды фамилиясынан же атынан чакырышы мүмкүн.[322]

Түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери соттолгон адамдар жана алардын туугандары менен кызматтык кызыкчылыкка байланышпаган кандайдыр бир башка мамилелерге өтүүгө укуктуу эмес.[323]

КР КЖАТ кызматкерлеринин сандык курамына байланыштуу ЖАК Мекемелеринин катарында медициналык кызматкерлердин жетишсиздигин, КЖАТ аял жынысындагы кызматкерлеринин жетишсиздигин белгилөөгө болот.[324]

Муну менен катар эле ЖАК мекемелеринин кызматкерлеринин кесипкөйлүгү суроосун изилдөөнүн көрсөткүчтөрүнө таянып, кыйла кылдаттык менен изилдеп чыгуу керек.

2020-жылдын 14-апрелинде МЖАК №220 «Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун кызматкеринин кесиптик этикасынын Кодексин бекитүү жөнүндө» буйругу чыгарылган. Бирок документ ачык мейкиндикте жеткиликтүү эмес.

Корутундулар

1. Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлеринин жеке жана кесиптик сапаттарына коюлган талаптарды аныктаган документ жалпыга жеткиликтүү эмес.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматы Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун кызматкеринин Кесиптик этикасы кодексин эч кыйшаюусуз сактоону камсыз кылуусу, ошондой эле кызыкдар тараптардын

[318] Нельсон Манделдин эрежелери, 74-82-эрежелер.

[319] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежеси. 4-бөлүмү

[320] Ошол жерде. 21-пункт.

[321] Ошол жерде. 22-пункт.

[322] Ошол жерде.23-пункт.

[323] 24-пункт. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежеси. Өкмөттүн 22-август, 2018-жыл, №379 токтому менен бекитилген;

[324] КР КАУБ «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы ЖАК тергөө изоляторлорунда кармалган аялдардын укуктарын сактоо» Атайын баяндамасы. URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2022/08/OSCE_1.-Specdoklad_SIZO.pdf

кеңири чөйрөсү үчүн бул документтин ачык жеткиликтүү болуусун камсыз кылуусу маанилүү.

СФЕРАГА БАА БЕРҮҮ

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
1. Кылмыш-жаза аткаруу тутумунун функционалдашуусунун жалпы кепилдиктери жана шарттары			
1. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму көз карандысыз болуп эсептелет	**1.1. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму көз карандысыз болуп эсептелет жана жарандык кызматтын алкагында так аныкталган**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК жарым-жартылай шайкеш келгенине карабастан, жарандык жана аскер түзүмдөрүн аралаштыруунун жыйынтыгында мамлекет КЖАТ демилитаризациялоого биринчи кадамдарды жасап жатат, ушуга байланыштуу КК0,5 балл ыйгарылды
2. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму соттолгондорду түзөө, аларды кайра социалдаштыруу жана социалдык адаптациялоо боюнча функцияларды аткарат	**2.1. Соттолгон адамдарды жазасын өтөгөндөн кийин реабилитациялоо жана реинтеграциялоо эркиндигинен ажыратуунун так максаттары катары аныкталган жана өлкөдө ишке ашырылууда**	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ Соттолгон адамдарды реабилитациялоо жана реинтеграциялоо КР мыйзамдарда белгиленген, бирок алардын иш жүзүндө ишке ашырылышы үзгүлтүксүз түрдөгү талдоо жана мониторинг жүргүзүүнү талап кылат, ансыз алардын аткарылышына жетишүү кыйын, ушуга байланыштуу КК0,5 балл ыйгарылды
2. Эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиги			
3. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдар алардын	**3.1. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга мамиле кылууда**	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
тубаса кадыр-баркы жана жеке адам катары баалуулугу боюнча урматтоо менен мамиледен бирдей колдонот	**алардын укуктары сакталат, чектөө коюлган ар бир конкреттүү окуя боюнча алардын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө карата тиешелүү түрдөгү текшерүү жүргүзүү менен камсыз кылынат**		КР Мыйзамдары эл аралык стандарттардын негизги элементтерин чагылдырат, бирок иш жүзүндө соттолгон адамдардын укуктарынын бузулушу анын формалдуу мүнөзүнөн кабар берип турат, ошондуктан КК 0,5 балл ыйгарылды
	3.2. Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдарды басмырлоонун бардык түрлөрүнөн коргоо камсыз кылынган	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ Эркиндигинен ажыратылган адамдардын баарын басмырлоонун бардык формаларынан коргоо КР мыйзамында бекитилген, бирок иш жүзүндө мындай тажрыйба бардык убакта эле камсыз кылынбайт, ушуга байланыштуу КК0,5 балл ыйгарылды
	3.3. Өзүм билемдик менен эркиндигинен ажыратуудан (камакка алуудан) коргоо кепилдиги мыйзам тарабынан белгиленген жана практикада камсыз кылынган	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ КК0,5 балл ыйгарылды, анткени эркиндигинен негизсиз, өзүм билемдик менен ажыратуудан коргоо кепилдиктери мыйзамда караштырылган, бирок практикада камсыз кылынган эмес.

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	3.4. Эркиндигинен ажыратылган адамдар тез жана натыйжалуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Эркиндигинен ажыратылган адамдардын юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү жөнүндө кадамдык механизмдин жок болгондугунан улам, ал тургай ал иш жүзүндө жарым-жартылай сакталып жатса дагы, анын натыйжалуулугу жөнүндө сөз кылууга мүмкүн эмес, ошондуктан КК 0,5 балл ыйгарылды
4. Кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден коргоонун кепилдиктери мыйзамда белгиленген жана иш жүзүндө камсыз кылынууда	**4.1 Мыйзам жана кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелеринин ички тартибинин эрежелери кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө абсолюттук түрдө тыюу салат**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл ыйгарылды, анткени Конституцияда жана КЖАТ мындай тыюу салуу бекитилгенине карабастан, иш жүзүндө кыйноолого жана башка адамкерчиликсиз шарттарга абсолюттук түрдө тыюу салуу кепилдиги камсыз кылынган эмес
	4.2. Кыйноолорду жана ырайымсыз мамилелерди колдонуунун ар бир	0,5	$З^{1}+П^{0}$ Мыйзамда кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер окуяларына иликтөө жүргүзүү жана документтештирүү тартиби жана негиздери

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	учуру документтештирилет жана натыйжалуу иликтөө жүргүзүлөт		караштырылганы менен, алар иш жүзүндө аткарылбайт, ушуга байланыштуу КК 0,5 балл ыйгарылды
5. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы мекемелерде кармоонун гумандуу шарттарын камсыз кылуунун кепилдиктери мыйзам тарабынан белгиленген жана иш жүзүндө камсыз кылынууда	**5.1. Пенитенциардык мекемелердеги жашоо шарттары соттолгон адамдардын негизги дене бойлук талаптарын канааттандырат**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Өкмөттүн токтому менен бекитилген материалдык-тиричиликтик камсыз кылуунун минималдуу ченемдери иш жүзүндө дайыма эле сактала бербейт, ошондуктан 0,5 балл ыйгарылды
6. Ар бир эркиндигинен ажыратылган адам натыйжалуу медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ	**6.1. КЖАТ медициналык-санитардык тейлөө коомдо колдонулган стандарттарга шайкеш келет**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Медициналык-санитардык жардам берүүнүн көлөмү жана КЖАТ тейлөө коомдогу бар стандарттарга шайкеш келбейт, ошондуктан КК 0,5 балл ыйгарылды
	6.2. Кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы жумушту уюштуруу, медициналык инфраструктура жана кадрдык потенциал ар	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл ыйгарылды, медициналык кызматкерлер тарабынан эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата медициналык текшерүү жана кыдыруунун тутумдуу (системдүү) мүнөзү жок

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	бир эркиндигинен ажыратылган адамды натыйжалуу медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгү менен камсыз кылат		болгондугу, аларга квалификациялуу, толук кандуу жардам көрсөтүүнүн жоктугу эске алынды
7. Күчтөр, атайын каражаттар жана куралдар акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдалануга жол бербөө кепилдиктери камсыз кылынган	**7.1. Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күчтү, атайын каражаттарды жана куралды акыркы чара катары колдонушат**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 05, балл берилди, себеби мыйзамдар кызматтык милдеттерди аткарууда, анын ичинде көрсөткүчтөрдү фиксациялоодо, талдоо жүргүзүүдө жана кайра иштетүүдө атайын каражаттарды колдонууга жол берет, бирок акыркы чара катары бааланууcу мүмкүн эмес.
3.Тартиптик жаза чаралар чарасы			
8. Тартиптик жаза-чарасы акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдалануудан коргоо кепилдиктери камсыз кылынган	**8.1. Мыйзам жана ички тартиптик эрежелери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик жаза-чараларынын колдонуунун так**	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ КК 05, балл берилди, анткени айыптык изолятор, камералык типтеги жай же жеке камераларында кармоо шарттары, кармоонун эл аралык дагы, улуттук дагы стандарттарына шайкеш келбейт

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	аспектилерин колдонушат		
	8.2. Тартиптик бузууга айыпталып жаткан эркиндигинен ажыратылган адамдар өзүн өз алдынча же юридикалык жардамды колдонуу менен коргоого даярдануу үчүн убакытка жана шарттарга ээ	0	$З^{0,}+П^{0}$ КК 0 балл берилди, себеби, анткени мыйзам тартиптик жаза-чарасын колдонууда өкүлүнүн дагы, жактоочунун дагы катышуусун караштырбайт, бул ошондой эле укук колдонуу тажрыйбасында дагы жок
	8.3. Тартиптик жаза-чаралары алардын тарбиялоочу таасири көз карашынан тандалып алынат, алар жасалган бузуунун оордугуна шайкеш келет.	0,5	$З^{0,5}+П^{0}$ КК 0 балл берилди, анткени кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамы бөлүп салууну башка санкциялар натыйжасыз болуп калгандагы өзгөчө учур катары караштырбайт, ал эми иш жүзүндө колдонулган тартиптик жаза-чаралары жасалган кылмыштын оордугуна шайкеш келбейт
	8.4. Тартиптик жаза-чарасы берилген эркиндигинен ажыратылган адам, аны андан өйдө турган	0	$З^{0}+П^{0}$ Мыйзам тарабынан тартиптик чара-жазасын колдонууда ыйгарым укуктуу орган тарабынан бузууну кароонун мөөнөтү, адвокаттын жана котормочунун катышуусу караштырылган эмес. Демек, мындай тажрыйба дагы жок. Ушуга байланыштуу КК 0 балл берилди

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	органга же сотко даттанууга укуктуу		
4. Текшерүүлөр жана мониторинг			
9. Үзгүлтүксүз түрдөгү текшерүүлөр жана көз карандысыз мониторинг кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун ишмердүүлүгүн улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын талаптарына шайкеш келүүсүн шарттайт.	**9.1. Өлкөдө эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кармалган адамдарга мамиле кылууну жана аларды кармоо шарттарын бекитилген стандарттарга шайкеш келүүсүн текшерген, үзгүлтүксүз түрдө барып турган жана ыйгарым укуктук мамлекеттик орган бар**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, анткени кылмыш-жаза-аткаруу тутуму мекемелериндеги жана органдарындагы мыйзамдарды сактоого көзөмөлдү ишке ашырган адистештирилген прокуратуранын ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик актылар эркин жеткиликтүү эмес, жок
	9.2. Өлкөдө эркиндигинен ажыратуу жайларын үзгүлтүксүз түрдө барып турууга жана текшерип турууга жөндөмдүү дайындалган, ыйгарым	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, анткени КР Акыйкатчысын (Омбудсменин) мөөнөтүнөн мурда бошотуунун жана каржылоонун укуктук жөнгө салынышы анын көз карандысыздыгын толугу менен камсыз кылбайт

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	укуктуу жана көз карандысыз механизм иштейт		
	9.3. Өлкөдө эл аралык стандарттарга шайкеш келген Улуттук превентивдик механизм (УПМ) иш алып барат	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, КАУБ ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана анын ишмердүүлүгүнө кийлигишүү үчүн кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчилик жөнүндө ченемдин жоктугу үчүн, ошондой эле иш жүзүндө (практикада) КАУБ ишмердүүлүгүнө кийлигишкен учурлар бар.
	9.4 **Өлкөдө жарандык коом уюмдары тарабынан эркиндигинен ажыратуу жайларына мониторинг жүргүзүлүшү мүмкүн**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Эркиндигинен ажыратуу жайларына кирүү үчүн уруксат берүүдөн баш тартуу жөнүндөгү суроодо ыйгарым укуктуу органдын дискрециондук ыйгарым укуктары караштырылган, бул эркиндигинен ажыратуу жайларына ЖКУ мониторинг жүргүзүүсүнө тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн. Ошондуктан КК 0,5 балл ыйгарылды.
	9.5. Текшерүүчү жана мониторингдик топтордун мүчөлөрүнө коюлган максаттарды жана милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн ыйгарым укуктардын көлөмү берилди	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Акыйкатчынын кылмыш-жаза аткаруу-тутумунун мекемелерине мониторинг жүргүзүү бөлүгүндөгү ыйгарым укуктары КАУБ үчүн караштырылганына караганда азыраак көлөмдө бекитилген, ушуга байланыштуу КК 0,5 балл ыйгарылды.

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
5. **Даттанууларды берүү жана кароо механизмдери**			
10. Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдар тарабынан арыздарды жана даттанууларды берүү процедурасы жеткиликтүү жана натыйжалуу	**10.1. Даттанууларды берүү механизми иштейт жаана соттолгон адамдар тарабынан колдонулат**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, анткени даттанууларды берүү механизми иш жүзүндө (практикада) жеткиликтүү түрдө натыйжасыз болуп чыкты.
6. Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер			
11. Өлкөдө эркиндигинен ажыратылган ар түрдүү топтордун өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат	**11.1. Өзгөчө муктаждыктары менен эркиндигинен ажыратылгандардын укуктарын коргоо жана жайылтуу үчүн атайын чаралар кабыл алынат**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, анткени мыйзамга ылайык, атайын чаралар өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын бардык топторуна карата колдонулбайт.
	11.2. Камакка алынган же сотту күтүп жатышкан камактагы адамдарга алардын соттоло элек адам макамына ылайык мамиле кылышат	0,5	$З^{1}+П^{0}$ Иш жүзүндө (практикада) күнөөсүздүктүн презумпциясы принциби сакталбайт, ушуга байланыштуу КК 0,5 балл ыйгарылды

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	11.3. Эркиндигинен ажыратылган аялдардын муктаждыктарына көңүл бурулат	0,5	$З^{1}$+$П^{0,5}$ Иш жүзүндө кылмыш жаза-аткаруу тутумунун мекемелеринде кармалган аялдардын муктаждыктарына жетиштүү көңүл бурулбайт, ушуга байланыштуу КК 0,5 балл берилди
	11.4. Эркиндигинен ажыратылган балдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат	0,5	$З^{1}$+$П^{0,5}$ 0,5 балл берилди, анткени мыйзам тарабынан бекитилген эркиндигинен ажыратылган балдардын муктаждыктарын камсыз кылууга талаптар толугу менен аткарылбайт.
	11.5. Эркиндигинен ажыратылган чет жердик жарандардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат	0,5	$З^{1}$+$П^{0,5}$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КЖАК эл аралык стандартка шайкеш келерин көрсөтүп турат, бирок укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамдарга толугу менен шайкеш келбейт. Балдар эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазасын өтөп жатышкан жайдагы жашоо-тиричилик шарттары канааттандырарлык эмес болуп саналат. Ошондой эле жазасын өтөп жаткан балдарды кайра социалдаштыруу боюнча тутумтуу түрдө (системалуу) иш алып барылбайт..
	11.6. Психикалык ден соолугу жана/же ден соолугунун абалы жабыркаган эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө	0,5	$З^{0,5}$+$П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, бул иш жүзүндө (практикада) КЖАТ мекемелеринде психикалык жактан жабыркаган жана катуу ооруган адамдарды медициналык жардам жана кам көрүү менен камсыз кылуу жеткиликсиз түрдө ишке ашырылып жаткандыгына байланыштуу.

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
	муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат		
	11.7. Эркиндигинен ажыратылган майыптыгы бар адамдардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат	0,5	$З^{1}+П^{0,5}$ КК 0,5 балл берилди, анткени иш жүзүндө (практикада) майыптыгы бар соттолгон адамдар үчүн зарыл шарттар жана жабдуулар жокко эсе.
	11.8. Улгайган курактагы эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктаждыктарына тиешелүү көңүл бурулат	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Иш жүзүндө (практикада) улгайган жаш курактагы эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктадыктары дайыма эске алынбагандыктан, КК 0,5 балл берилди
	11.9 Эркиндигинен ажыратылган ЛГБТИ тобунун өзгөчө аярлуулугу таанылат жана урмат-сый менен мамиле жасалат	0	$З^{0}+П^{0}$ Баа КЖАК кармалган бул аярлуу топ боюнча маалыматтын толук жок болгондугуна байланыштуу коюлду.
12. Кызматкерлердин жеке сапаттары жана кесиптик деңгээли талаптарга шайкеш	**12.1. Кызматкерлердин соттолгон адамдар менен иштөө боюнча этикалык ченемдерин**	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун бир катар мекемелеринде медициналык кызматкерлердин, аял кызматкерлердин жоктугу, КР кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун кызматкерлеринин кесиптик

8-СФЕРА. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
келет, кылмыш-жаза-аткаруу тутумундагы милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн сандык курамы жетиштүү	**караштырган кызматкерлерге байланыштуу так саясат мыйзамда караштырылган жана иш жүзүндө ишке ашырылууда**		этикасынын ачык жеткиликтүүлүктө жок болушу КК 0,5 балл берүү үчүн негиз болду.

КОРУТУНДУ

Кылмыш-жаза сот адилетттиги тутумунда укук бузуучуларга карата мамиле соттолгон адамдардын санын аныктайт, бул өз кезегинде абактарды башкаруу усулдарына маанилүү таасирин тийгизет. Экинчи тарабынан болсо, сот адилеттиги тутуму коом тарабынан аныктала турган, а демократылуу өлкөлөрдө шайлоолор аркылуу өкмөт тарабынан шайлана турган мамлекеттик саясаттын жана өкүм сүрүп турган саясий климаттын таасири астында.

Абактардагы натыйжалуу башкаруу жана гумандуу шарттар абактардын бийлигинен гана көз каранды эмес. Пенитенциардык тутумга реформа жүргүзүү боюнча аракеттер кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунун бардык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган комплекстүү программанын алкагында кабыл алынуусу керек.[325]

Пенитенциардык тутумду гумандуу башкарууну камсыз кылуу үчүн улуттук саясат жана мыйзамдар соттолгон адамдардын укуктарын коргоо максатында иштелип чыккан бир катар эл аралык стандарттарды жетекчиликке алуулары керек, БУУнун кийинки документтерин:Соттолгон адамдарга мамиле кылуунун Минималдык стандарттык Эрежелери (Нельсон Манделдин), Кандай гана формада болбосун кармоого же камоого кабылган бардык жарандарды коргоо принциптеринин жыйындысы, Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттигине тиешелүү Минималдык стандарттык эрежелер (Пекин эрежелери, эркиндигинен ажыратылган БУУнун жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого тиешелүү Эрежелери, БУУнун соттолгон аялдарга мамиле кылууга жана эркиндигинен ажыратуу менен байланышы жок аял-укук бузуучулар үчүн жазалоо чараларына тиешелүү Эрежелери (Бангкок эрежелери), Укук адилеттигин жана башкаларды сактоо боюнча кызмат адамдарынын жүрүм-турумунун кодекси).

Пенитенциардык тутумду башкаруунун сапатына баа берүүнүн критерийи бул документтерде баяндалган стандарттарды ишке ашыруунун деңгээли болушу керек.Түзөтүү мекемелеринин администрацияларынын бул стандарттарды ишке ашырууда жөндөмдүүлүгү көптөгөн факторлордон көз каранды, ага эркиндигинен ажыратуу жайларына карата өкмөт тарабынан иштелип чыккан саясий стратегия, башкаруунун так стратегиясы жана эң негизгиси абактардын кызматкерлерин кылдат тандоо жана даярдоо кирет.

Изилдөөдөн алынган корутундулар жазаларды аткаруу мекемелеринин медициналык кызматтарын жалпы жарандык саламаттыкты сактоого интеграциялоо процессин тездетүү зарылчылыгын тастыктайт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча кийинкидей корутундулар чыгарылды:

- Кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун бир катар мекемелериндеги кармоо шарттары эл аралык стандарттардын минималдуу талаптарына жана улуттук мыйзамдардын жоболоруна шайкеш келбейт.
- Кармоо шарттары бири-биринен бир топ эле айырмаланганына карабастан, мекемелердин көпчүлүгүндө ыкчам чечүүнү талап кылган кийинкидей аспектилер байкалды:
  - соттолгон бир адамга карата аянтынын стандарттарынын сакталбагандыгы (бир камерада бир эле учурда ондон ашык адамдын отурган фактылар бар);
  - камсыз кылуу менен байланыштуу көйгөйлөр:
    - ✓ ичүүчү суунун дайыма жеткиликтүү болушу,

[325] «Эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган чаралар. Абак тутуму». Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна баа берүү боюнча окуу куралы. БУУнун Баңги заттары жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы. 2010. URL: https://www.unodc.org/pdf/criminal_justice/10-52547_Introduction_ebook.pdf

- ✓ сапаты жакшы тамак-аштын жетиштүү санда болушу,
- ✓ даараткана буюмдары жана жеке гигиена каражаттары,
- ✓ төшөнчү бумдары жана таза шейшептер,
- ✓ жалгыз баруу жана тазалык шарттарындагы даараткананын жеткиликтүүлүгү,
- ✓ душ кабыл алуу мүмкүнчүлүгү.

- Ыир катар мекемелерде айыптык камералардагы же камералык типтеги жайларда адамдарды кармоонун шарттарын адамкерчиликсиз жана адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамилеге теңештирүүгө болот. Бир эле мееменин ичинде адамдарды айыптык камераларда же камералык типтеги жайларда кармоонун шарттары менен башка соттолгон адамдарды кармоонун шарттарынын ортосундагы маанилүү айырмачылык, албетте тартиптик жаза-чаралары каралган соттолгон адамдарга карата басмырлоонун бар экендигин далилдейт. Ошондой эле айыптык камераларга же камералык типтеги жайларга киргизүү жөнүндөгү чечимди даттануу мүмкүнчүлүгү жок.

- Мекемелерде медициналык кызматтардын бар экендигине карабастан, соттолгон адамдардын көпчүлүгү медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгүнө, оорулуу адамдардын даттанууларын аныктоо үчүн дарыгердин камераларды үзгүлтүксүз түрдө текшерип чыгууларына карата, медициналык кароо-текшерүүлөрдүн өткөрүлбөгөндүгүнө, квалификациялуу медициналык адистердин жана тар профилдеги адистердин жетишсиздигине, дары-дармек каражаттары, медициналык жабдуулар менен камсыз болуунун жетишсиздигине карата, ошондой эле мекемелердеги жайларды жана аянтчаларын санитардык жактан зыянсыздандыруунун жетишсиздигине нааразычылыктарын билдиришти.

- Оор оорусу бар адамдарды камакта кармоого тыюу салууну караштырган, ошондой эле катуу ооруп жаткан адамдарды жазасын өтөөдөн андан ары бошотууну караштырган Өкмөттүн эки токтомунун талаптары аткарылбайт.

- Изилдөөнүн катышуучуларынын көпчүлүгү КЖАТ мекемелеринин кызматкерлеринин аларга карата мамилесин урмат-сыйга негизделүүчү деп баалашты жана басмырлоого кабылган эместигин жана өздөрүн коопсуздукта сезерин белгилешти. Ошол эле учурда, сурамжылоого катышкан ар бир төртүнчү катышуучу дене бойлук зомбулукка же психологиялык кысым көрсөтүүгө кабылганын билдирди (укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан 19% жана КЖАТ кызматкерлери тарабынан окуялардын 4%).

- Бул изилдөөнүн негизги объектилери болуп саналган аярлуу топторго кирген адамдарга карата алсак, алардын тигил же бул аярлуу топко кирген белгилери боюнча мекеменин кызматкерлери тарабынан кыйноолор же ырайымсыз мамилелер колдонулбайт. Муну менен катар эле, изилдөөнүн жалпы контингентке тиешелүү катышуучулары укук коргоо органдары, КЖАТ кызматкерлери, ошондой эле башка соттолгон адамдар тарабынан спихологиялык кысым жана дене бойлук зомбулук көрсөтүү фактылары жөнүндө айтышты.

- Изилдөөнүн аярлуу тотопторго кирген катышуучуларынын чоң бөлүгү, мекемелерде алар үчүн түзүлгөн шарттарды жетиштүү эмес деп баалашты. Улгайган адамдар алар үчүн мамлекет тарабынан бекитилген социалдык жеңилдиктерди жана төлөмдөр бөлүнбөйт деп айтышты. Аялдар гигиеналык каражаттарды жана алардын өзгөчө муктаждыктарына байланыштуу кам көрүүнү жетиштүү санда алышпайт.

- Соттолгондордун негизги контингентин кармоо шарттары республикадагы ар башка мекемелерде бири-биринен маанилүү деңгээлде айырмаланат. Бирок изилдөөдө камтылган адамдардын аярлуу категорияларын кармоонун жалпы категориядагы соттолгон адамдарды кармоонун шарттарынан айырмасы байкалган жок.

- Ошондой эле, бир катар окуяларда аярлуу топтордун өзгөчө муктаждыктарын жана спецификасын көңүлгө албоо ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазалоо катары бааланышы мүмкүн.

Тактап айтканда, майыптыгы бар адамдардын негизги контингенти колдонгон бардык жайларда дене бойлук жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүгү, шарттардын, ыңгайлуулуктун жоктугу, ырайымсыз жана адамкерчиликсиз мамиленин формасы болуп эсептелет.

-Соттолгон адамдарга калификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү чектелүү экендиги белгиленди, бул алардын коргоого ээ болуу укуктарын бузат. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү МКЮЖ Реестринен келген мамлекеттик адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүнө ыраазы эмес.

Кылмыш-жаза тутумунун түзөтүү мекемелеринде жана тергөө изоляторлорунда кармалган адамдардын укуктарынын бузулушунун аныкталган учурларын четтетүү максатында, бул изилдөөдө берилген сунуштамаларды ишке ашыруу сунушталат.

Жыйынтыктап жатып белгилей кетчү нерсе, изилдөөнүн алкагында алынган көрсөткүчтөр **эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында адамдарды кармоонун бирдиктүү улуттук стандарттарын** кайра карап чыгуу жана иштеп чыгуу үчүн негизги башталгыч чекит боло алат. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутумун реформалоо боюнча аз эмес аракеттер көрүлүп жатат жана биз биргелешкен аракеттер менен, сот адилеттигине жөнөтүү жана кылмыш-жаза-аткаруу тутумун жакшыртуу бөлүгүндөгү өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформаларды кыйла жогорку деңгээлге чыгара алабыз.